ISBN 978-83-66216-96-9



Zhusueva Suita Kalmamatowna

# POWSTANIE I ROZWÓJ ESEJÓW KIRGISKICH

MONOGRAFIA
w języku kirgiskim

Warsaw, Poland - 2024

iScience

**Zhusueva Suita Kalmamatowna**

# POWSTANIE I ROZWÓJ ESEJÓW KIRGISKICH

MONOGRAFIA
w języku kirgiskim

**Warszawa - 2024**

***Odpowiedzialni redaktorzy:***
***Akmataliew A.A.*** *– Doktor filologii, profesor*
***Temirova B.*** *– Doktor filologii, profesor*

***Recenzenci:***
***Zulpukarov K.Z.*** *– Doktor filologii, profesor;*
***Saidyrakhimova D.S.*** *– Kandydat nauk filologicznych, profesor.*

**Zhusueva S.K.,** Powstanie i rozwój esejów kirgiskich. Monografia. – Warsawa: iScience Sp. z.o.o. – 2024. – 121 p.

Głównymi celami tej monografii było: Wyjaśnienie etapu powstawania gatunku eseju w literaturze kirgiskiej; Zidentyfikuj i przestudiuj dokładne teoretyczne zasady gatunku eseju; Analiza artystycznego charakteru eseju; Miejsce eseju jako formy literackiej i artystycznej; Analiza treści artystycznej, estetycznej, społecznej i moralnej eseju; Rozróżnia różne rodzaje pisarstwa gatunkowego.

*Głównym celem niniejszej monografii jest przeprowadzenie naukowej analizy powstawania i rozwoju eseju kirgiskiego, zagadnienia teoretycznego, cech, miejsca i roli gatunku eseju, a także cech strukturalnych, typologicznych, artystycznych, ideologicznych i tematycznych. gatunek eseju.*

**ISBN 978-83-66216-96-9**

© S.K. Zhusueva, 2024
© iScience Sp. z o. o.

***Отвественные редакторы:***
***Акматалиев А.А.*** *– доктор филологических наук, профессор;*
***Темирова Б.*** *– доктор филологичеких наук, профессор.*

***Рецензенты:***
***Зулпукаров К.З.*** *– доктор филологических наук, профессор;*
***Сайидырахимова Д.С.*** *– кандидат филологических наук, проф. РАЕ.*

**Жусуева С.К.,** Формирование и развитие очерка в кыргызской литературе. Монография. – Варшава: iScience Sp. z.o.o. – 2024. – 121 с.

Основными целями монографии были: объяснить основной жанр очерка в кыргызской литературе; Выявить и изучить конкретные правила написания жанра; Анализ художественной природы очерка; Место очерка как литературно-художественной формы; Анализ художественного, эстетического, социального и нравственного содержания очерка; Различает различные специфические жанры письма.

*В монографии проведен научный анализ формирования и развития кыргызского очерка, теоретического вопроса, особенностей, места и роли жанра очерка, а также структурно-типологических, художественных, идейных и тематических особенностей. жанра эссе.*

**ISBN**

© С.К. Жусуева, 2024
© iScience Sp. z o. o.

## КИРИШҮҮ

**КИРИШҮҮ**......................................................................................5
**КЫРГЫЗ ОЧЕРКИНИН ЖАНРДЫК ТАБИЯТЫ, ГЕНЕЗИСИ, ЭВОЛЮЦИЯСЫ**................................................................11
1-§ Очерк жанрынын теориялык маселелери..................................11
2-§ Кыргыз очеркинин өнүгүшүнө таасирин тийгизген факторлор......................................................................................24
3-§ Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы очерктер...............35
4-§ Согуштан кийинки жана 60-70-жылдар: идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү жана социалдык-философиялык концепциясы ............48
5-§ 80-90-жылдар жана эгемендүүлүк меезгил: жаңы идеялык-тематикалык мазмун ........................................................................55
**КӨРКӨМ ОЧЕРКТЕРДИН СТРУКТУРА-ТИПОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ**..................................................................62
1-§ Автобиографиялык жана портреттик очерктер – кыргыз очерк жанрынын баштоочусу ...................................................................64
2-§ Жол очерки - көркөм прозанын өзгөчө формасы......................80
3-§ Документалдуу очерктердин жанрдык өзгөчөлүгү...................89
4-§ Тарыхый очерк: тарыхый чындык менен көркөм чындыктын катышы...........................................................................................97
**КОРУТУНДУ**..................................................................................113
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.....................115

# КИРИШҮҮ

Кыргыз адабият таануу илимин тарыхый, илимий аспекттен алып караганда дүйнөлүк адабияттын, өзгөчө орус совет адабиятынын таасиринде жана анын үлгүсүндө жогорку деңгээлде өнүгүп, калыптанып, такталып бүгүнкү күндө уникалдуу мурасы бар илим катары аныкталды. Мындай белгилөөгө жөндүү негиз бар. Чындыгында оозеки көркөм чыгармачылыгы, байыркы жазма адабияты, же орхон-енисей руна жазуулары, турмуштук-баатырдык эпостору (17-18-кк.), чечендик өнөрү менен кыргыз эли көркөм сөз кудуретине баа берип, барктап, сактап келген жана ал азыр укмуштуу, сырдуу, баалуу мурас катары дүйнөлүк адабият аренасында бийик бааланып, орун алып жатат. Анткени менен илимий революция ошондой феномени, кереметтүү көркөм чыгармачылыктын көп кырдуулугун талдоону талап кылды. Ошентип XIX кылымда көркөм сөз өнөрүнүн илими калыптанып, кыргыз адабиятынын өнүгүү этабы, тарыхы, теги, жанры, түрү, тематикасы, көркөм-поэтикасы, процесси, стили, принциптери, көркөм методдору бир топ терең изилденип, кыргыз жазма профессионал адабияты калыптанды. Т. Сыдыкбеков “Азыр бизде эң чакан новелла-аңгемеден баштап көп пландуу романдар, бир шилтем куплеттерден, сүйүү жана саясы лирикадан баштап турмушту кеңири камтыган, аны чебер сүрөттөгөн ыр менен жазылган роман-поэмаларга чейин, турмуш элесин, адам өмүрүн даана баяндаган очерктен баштап адабиятты таануу илимине чейин... ушундай эле бардык түрүндө кыргыз драматургиясы, балдар адабияты бирине-бири эриш аркак, бирин-бири толуктап, адабиятыбыз тездик менен өсүүдө” [91, 139] деп белгиленгендигине жөндүү негиз бар. Ошентип, отузунчу жылдары кыргыз адабиятында жаңы түрлөр, жанрлар жаралып, өнүгүп, жемиштүү натыйжаларды бериши алдыңкы адабий тажрыйбалардан алган адабий-эстетикалык сабактарынын натыйжасы болуп саналат. Кыргыз адабиятын доорлорго бөлүштүрүп, этапташтырып, тематикалык классификациясы, жанрдык критерийлери аныкталганы менен эпикалык тектин чакан (майда) формасы очерк жанры изилдөөгө алынган эмес.

Совет өкмөтү бирдиктүү идеология түшүнүгүн калк тамырына сиңирип, катардагы колхозчудан Социалисттик Эмгектин баатырын чыгарууга шыктандырып, күндөлүк турмуштагы тынымсыз өзгөрүүнү күжүрмөн очерк жанры аркылуу ишке ашырып, эл эмгегин, эл турмушун чагылдырган документалдуу, фактылуу, ары көркөмдүү коомдук маанайдагы чыгармалар байма-бай жазылып, адабият бетинде очерк жанры өз өмүрүн баштаган. Элдин социалдык ал-абалын, нравалык көйгөйлөрүн, интернационал көз карашын, Совет өкмөтүнө

жан дили менен берилгендикти жана ак кызмат кылууну дал ушул очерктик чыгармалардан айкын көрө алабыз. Бирок, кыргыз адабиятынын тарыхы тээ тереңде болгону менен очерктин "жаралуу тарыхы" Совет өкмөтүнүн келиши менен байланыштуу, себеби алгачкы очерктер идеялык-тематикалык жактан жалаң Советтик идеологияга сугарылган, орус адабиятындагы очерктерге сыпатташ чыгармалардан болгондугу анык. Айталы дегенибиз, очерк жанры эки тарыхый доорду башынан өткөрдү.

Биринчиси: "кыргыздар үчүн түшкө кирбеген замандын келиши" (А. Акматалиев), т.а., Совет өкмөтүндөгү "теңдик", "жаңы заман" деп аталган мезгил, илим-билимге жол ачылып, түп-тамырынан өзгөргөн түшүнүктөр, социалисттик идеядагы жаңы мамлекет, советтик бийликтин келиши. Бул мезгил, албетте узак убакытты кучагына алып, зор тарыхый окуялардын күбөсү. Муну менен кошо очерк адабияттын башка жанрларындай жаңыдан жаралып, калыптанып, пропагандисттик милдет өтөп, жанрдык көп түрдүүлүгү дээрлик өнүгүп, адабиятта туруктуу ордун тапкан. Бирок кыргыз элинин карт тарыхы көмүскөдө калып, очеркте жаңырган эмес.

Экинчиси: эгемендүүлүктүн келиши, демократия түшүнүгү, сөз эркиндиги, көз карандысыз мамлекеттин курулушу (Декларация - 1991, 31- август). Бул мезгил кыргыз элинин басып өткөн жолундагы көп тарыхый фактылардын ачылышына, Совет доорундагы хан, бий, манап, эзүүчү-эксплуататор деген тап күрөшүнүн караөзгөй жүйөөлөрү ашкереленип, өз доорунда элдин эркиндиги, өз алдынчалыгы, коңшу элдер менен теңата болуп, уникалдуу маданиятты өнүктүрүп, сактап келген эр-азаматтар Ормон хан, Жантай, Жангарач бийлер, Ажыбек, Медет датка, Байзак бий, Тагай бий, Атаке баатыр, Алымбек датка, Курманжан датка ошондой эле Совет доорундагы Ж. Абдырахманов, К. Тыныстанов, И. Арабаев, А. Орозбеков ж.б. сыяктуу кыргыз инттеллигенциясы кепшелген кесепеттүү трагедия жана башкалардын көмүлө көмүскөдө калган ачуу тарыхына жаңы баа берилип, анын негизинде каныккан сапаттагы тарыхый очерктердин жазылышын шарттап, жаңы мазмун пайда болду.

Очерк – көркөм сөз жана публицистика өнөрүн айкалыштырган, формалык жактан татаал жанр, тагыраак айтканда, көркөмдүүлүк менен публицистиканын катышынын тыгыз ички синкреттелиши. Очерктин гезиттик же журналдык информациядан айырмасы – андагы факт өтө ирдүү болуп, очерктик образдын түзүлүшү үчүн кызмат кылат. Ал эми ички мазмун ошо образ аркылуу көркөм жалпылагыч күч катары көрүнөт. Албетте, фактылар жөн гана тизмектелип отурбайт. Андай болгондо очерк фактылардын жыйнагы болуп, өзүнүн эстетикалык миссиясын аткара албасы бышык [22, 146]. Демек, очеркти жалаң гана

факты, фотография катары түшүнүү өтө жаңылыштык. Көрсөтүлгөн фактынын ажарын ачып, анын ички маңызын окуучуларга толук жеткирүү үчүн очеркист көркөмдүк жактан иштелүүдөн чектелсе эстетикалык маанисин жоготот. Кыргыз адабиятынын проза түрүнө кирип, 30-жылдардан бери өз өмүрүн улап, дайыма турмуш менен үзөңгүлөш жашап келаткан адабий жанр-көркөм очерк жанрдык табияты боюнча толугу менен эпикалык текке кирет, бирок аны ар дайым публицистикалык макала материалдар менен тең кароо адатка айланган. Бул изилдөөдөн улам очерк жанры публицистика менен катарлаш калып, бир беткей каралып, көркөм прозалык касиети ачылбай келгендиги айкын болду. Кыргыз адабиятында очеркти илимий-теориялык изилдөөгө алган саналуу эмгектер гана бар, атап көрсөтсөк, А. Эркебаевдин “Очерк-майда жанр эмес” (макала) [22], М. Сасыкуловдун “Кыргыз очеркинин алгачкы абалы” (макала) [27], К. Эдилбаевдин “Табияты-жоокерлик” (макала) [42], Ү. Касыбековдун “Очерк – көркөм изилдөө” (макала) [83], К. Осмоналиевдин “Кыргыз совет адабиятында очерк жанрынын өнүгүшү жөнүндө кээ бир пикирлер” (макала), “Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы” (колдонмо) [26], А. Табалдиевдин “Октябрга эстелик” (макала) [29], А. Мырызакулов “Замандашыбыздын турпаты - очеркте” (макала) [93], Ж. Суванбеков “Кыргыз адабиятындагы кай бир көркөм очерктер жөнүндө пикир” (макала). Көрүнүп тургандай кыргыз очерктеринин калыптанышы, өнүгүшү, көркөм адабиятта ээлеген орду жана ролу боюнча толук талдоону камтыган көлөмдүү эмгек жокко эсе. Ал эми орус адабиятында очерк жанрын көркөм прозанын теориялык жана практикалык жагын көп кырдуу изилдешкен М. Горький, В.А. Ампилов, В. Кардин, В. Конторович, Е.И. Журбина, Б. Полевой, Д. Гранин, М. Черепахов, В.А. Алексеев, К. Паустовский, Б. Костелянец, В.И Рыбинцев жана башкалардын барандуу эмгектери бар.

XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы изилденген, калыптанган өз алдынча илим болуп саналат. Бирок анын ичинде терең сүңгүп каралбаган маселелери жок эмес. Очерк жанры кыргыз совет адабияты учурунда калыптанган адабий жанр экендигине карабастан кыргыз адабият тарыхында орду көрсөтүлбөгөн бойдон калган. Маселен, кыргыз адабиятынын катыптануу тарыхын этапташтырууда жана жазуучулардын чыгармачылык жолун талдоо, алардын очерктик чыгармалары изилдөөгө алынып, атайын орун берилген эмес, же учкай гана көрсөтүлгөн. Кыргыз адабият тарыхында жыл сайын “Орок-балка”, “Эмгек ээлери”, “Эмгек каармандары”, “Ала-Тоо жылдыздары” деген аталыштагы басылмалар сериялуу жарык көрсө, “Эмгектен тапкан бакыт”, “Абааттанган аймак”, “Эмгек сыйы”, “Мээнет үзүрү”,

“Ишке ашкан максат”, “Жылдыздуу адамдар” сыяктуу аталыштардын ыйгарылышы очерк жанрынын өзгөчөлүгүн айкындайт. Бирок жанрдын өнүгүшүнө, курчушуна адабиятчы-сынчылардын салымы аз. Б.а. роман, повесть, аңгеме жана лирикалык жанрдын түрлөрү терең талдоого алынып, салмактуу изилдөөлөр жүргүзүлсө, очерк жанрынын өсүп-өнүгүшү, жалпы адабий процесстен алган орду, орчун маселелери тууралуу кең-кесири айтылган пикир же рецензиянын өтө аздыгы өкүнүчтүү жагдай. Алгачкылардан болуп А. Эркебаев “Очерк-майда жанр эмес” аттуу макаласында улуу мундун очеркисттери А. Убукеев, С. Сасыкбаев, М. Дөгдүровдорду, кийинки муундан М. Абакиров, Э. Медербеков, М. Ормонбековдордун очерктерин талдоого алган. Очеркте көркөмдүк жана публицистикалык касиеттин сөзсүз айкалышып келээрин, бирок очеркте публицистикалык башталыш күчкө ээ деген оюн билдирет. Тактап айтканда, очерктин көркөмдүк касиети ички мазмунундагы образдуулук аркылуу ачылышы, ал эми публицистикалык табияты фактылардын жардамы менен ачылган “жандуу публицистикалык ой жана ошол ойдун диалектикалык өнүгүүсү, коомдук мааниси бар актуалдуу пролемаларды көтөрүп чыгышы” деп көрсөтөт. Очерк жанрында сүрөттөлгөн окуялардын, фактылардын, каармандардын чыныгы турмуштук болуп, очеркист тарабынан эстетикалык аспектте иштелип чыгышы; өлкөбүздүн улуу курулуштарындагы кайнаган эмгекти көп миллиондогон окурмандардын көз алдына элестүү тартып, муну менен таалим-тарбиялык, аңдап-билүүчүлүк милдетти өтөшү табигый көрүнүш экендигин баса белгилейт. Натыйжада адабиятчы А. Эркебаев өзү талдоого алган очерктерге жана авторлого оң баасын берген.

Ал эми Ү. Касыбеков “Очерк – көркөм изилдөө” деген макаласында учурдагы очерктердин жанрдык жактан жеткилең иштелбегендиги, образдуулуктун жоктугу, жалаң фактология менен курулай сүрөттөө, жетиштүү эмоция жана психологизмдин таңсыктыгы сыяктуу айыптарды коюп, очерк бул көркөм изилдөө экендигине кенен токтолот. Автор М. Сейталиев, А. Калидев, С. Өмүрбаев, К. Турсуналиев, Б. Байбеков, А. Суранчиев, А. Мырзаев, Ж. Токтогазиевдердин очерктеринде өзү көрсөткөн көптөгөн жанрдык мүчүлүштүктөрдү санап көрсөтүп, очерктин жанрдык жактан аксап жаткандыгын, өнүкпөгөндүгүнүн тескери жактарын айтып өтөт.

Очерк жанрынын кыргыз адабиятында калыптануу жана өнүгүү тарыхын К. Осмоналиев терең изилдөөгө алган. Ал этаптарга бөлүп карап, алгачкы очерктердин мазмундук курулушу, көркөм-образдуулугу жана очеркисттерге токтолгон. Ошентип, К. Осмоналиев кыргыз очерктеринин калыптануу жана өнүгүү тарыхын төмөнкүдөй этаптарга бөлүштүрөт:

I этап – 1924-1929-жылдар, очерк жанрынын кыргыз адабиятында пайда болуу этабы;

II этап – 1930-1941-жылдар, Ата Мекендик согушка чейинки беш жылдыктар мезгилинде кыргыз очерктеринин калыптаныш этабы;

III этап – 1941-1945-жылдар, кыргыз очерктери Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында;

IV этап – кыргыз очерктери Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки жылдарда – деп көрсөтөт [26].

Кыргыз адабиятынын өнүгүү мезгилине жана К.Осмоналиевдин жогорудагы этапташтыруусуна таянып, кыргыз очерктеринин тарыхый эволюциясын төмөндөгүчө карадык:

**I этап** – 1924-1930-жылдардагы кыргыз очерктеринин “жаралуу” мезгили жана жанрдык табиятынын калыптанышы;

**II этап** – Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы кыргыз очерктеринин идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү;

**III этап** – согуштан кийинки жылдардагы жана 60-70-жылдар: очерктердеги өнүккөн согуштук, өндүрүштүк-эмгек тематикалары, алардын көркөм поэтикалык маани-мазмуну, социалдык-философиялык концепциясы;

**IV этап** – 80-90- жылдарындагы тарыхый жана жол очерктеринин идеялык-эстетикалык көркөм наркы;

Ошентип бул темага киришүү алдында төмөндөгүдөй кенемтелерди көрдүк:

- улуттук адабиятыбыз очерктик чыгармалардын бир топ эле бай фондуна ээ болгонуна карабай ушул кезге чейин адабий талдоого алынбагандыгы;
- Очерктин жанрдык спецификасы, көркөмдүк жана публицистикалык табияты теориялык жактан чечилбегендиги;
- Тематикалык масштабдуулугу, дидактикалык өзгөчөлүгү талданбагандыгы;

**Монографиянынын негизги максаты** – кыргыз очерктеринин калыптануу жана өнүгүү эволюциясы, очерк жанрынын теориялык маселеси, спецификалык өзгөчөлүгү, орду жана ролу, ошондой эле очерк жанрынын структура-типологиялык, көркөмдүк, идеялык-тематикалык өзгөчөлүгүнө илимий талдоо жүргүзүү.

**Монографиянын милдеттери:**

- Кыргыз адабиятындагы очерк жанрынын калыптануу этабын тактоо;
- Очерк жанрынын теориялык так эрежесин аныктоо, изилдөө;
- Очерктик чыгармалардын көркөмдүк табиятын талдоо;

- Очерктин адабий-көркөм түр катары орду;
- Очерктердин көркөм-эстетикалык, социалдык-нравалык мазмунун талдоо;
- Очерк жанрынын жеке түрлөрүн бөлүп кароо.

**Монографиянын илимий жаңылыгы:**

- Кыргыз очерктеринин калыптануу эволюциясын илимий-теориялык жактан алынган изилдөөлөрдү жалпылап, тереңдетилип талдоого алынды;
- Очерктин жанрдык табияты, структура-типологиялык түрү ажыратылып каралды;
- Эпикалык тектин чакан формасы катары көркөм-публицистикалык адабий чыгарма экендиги аныкталды;
- Очерктер кыргыз адабиятындагы бардык темада жазылгандыгы көрсөтүлдү;

Монографиялык изилдөөбүздүн теориялык мааниси - очерк жанрынын калыптануу, жаралуу жана өнүгүү абалын тактоо, көркөм чыгарма катары ордун, кыргыз профессионал адабиятынын калыптанышына кошкон салымын талдоого алуу. Очерк жанры кыргыз адабиятында толук кандуу жанр катары калыптанып, адабияттын өзгөчө бутагын түзө алат. Бирок аталган жанрдын адабияттагы ордуна илимий так баа албагандыгы, тематикалык масштабдуулугундагы социалдык-нравалык маселелер камтылып, элет жери менен эмгек темасынын айкашы, үгүт, насыят маанисинин терең камтылышын иликтөөгө алуу аркылуу теориялык маанилүү маселе катары баа берилгендигинде.

Изилдөөбүздүн практикалык мааниси – биздин монографияда айтылган сунуштар, тыянактар кыргыз адабият таануусундагы улуттук прозаны, анын ичинде очерктик чыгармаларды окуп үйрөнүүдө, кыргыз адабиятынын тарыхынын курсун кайра иштөөдө, жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө колдонулат.

# КЫРГЫЗ ОЧЕРКИНИН ЖАНРДЫК ТАБИЯТЫ, ГЕНЕЗИСИ, ЭВОЛЮЦИЯСЫ

## 1-§ Очерк жанрынын теориялык маселелери

Көркөм адабияттын спецификасы болуп – адам таануу, образдуулук, ойдон чыгаруунун зарылдыгы, типтештирүү, сөздүн өзгөчө ролу эсептелинет. Орус адабиятчысы В. Белинский адабияттын спецификалык өзгөчөлүктөрүн үч тараптуу ачып берген: адабият – өзүнүн ***милдеттери, мазмуну, бычыны*** жагынан спецификалуу касиетке ээ экендиги жана аны менен бирге адабияттын ***элдүүлүгүн*** кошуп белгилейт да, көркөм адабияттын спецификасы – адам таануу жана элдүүлүк деп эсептейт [21, 133]. Майда прозалык чыгармаларда да (аңгеме, новелла, эссе, очерк) көркөм адабияттын милдетин: көлөмү чакандыгына карабай так аткарбаса, кунарсыз жана кунсуз чыгармалардан болоорлугу бышык. Айрыкча очерк, башка майда прозаларга салыштырмалуу күжүрмөн, маалыматтуу жана күрдөөлдү окуяларды фактыга таянып баяндагандыгы менен өзгөчө орунда турат.

Илимий адабияттарда жана терминологиялык сөздүктөрдө очерктин жанрдык табиятына карата түрдүү аспектиден мүнөздөмөлөрү менен лексикалык түшүндүрмөлөрү такталган. Ал эмгектерде очерктин теориясына жана спецификасына, жанрдык түрлөрүнө, дидактикалык жана тарбиялык-таанытуучулук табиятына аныктамалар берилген:

**Очерк** (ор. – баяндоо) – ***эпикалык түрдүн негизги жанрларынын бири***. Мында турмуштагы ***реалдуу адамдардын тагдыры, чыныгы болгон окуялар сүрөттөлөт. Анын негизги өзгөчөлүгү – документтүүлүгү. Цифра, фактыларды бурмалоого жол берилбейт***. Бирок муну менен очеркте жазуучунун ролун жокко чыгарууга болбойт, автор сүрөткер катары фактыларды көркөмдөйт, ***каармандардын типтүү мүнөзүн түзөт***, сүрөттөп жаткан объектисине карата мамилесин билдирет. Ошондо гана убактылуу окулуп, кайра унутулчу “адабияттын” деңгээлинен көтөрүлүп, эстетикалык рахат берүүчү көркөм адабияттын деңгээлине өсүп жетет. Очеркте каармандын портрети, жүрүш-турушу, мүнөзү, психологиясы берилет. Ар кандай эле чыгармалардагыдай мүнөз индивидуалдаштырылат, конфликттер коюлат жана чечилет. Очерктин дагы бир өзгөчөлүгү – ***оперативдүүлүгү***. Ар мезгилдин актуалдуу маселелерин көтөрүп чыгуу менен, көбүнчө газета-журналдар үчүн жазылат, бирок муну менен очерктин “окуу мезгили” өтүп кетет деп айтууга болбойт [48, 110].

**Очерк -** ***аңгеме, новелла, эссе, повесть, роман менен бирге эпикалык баяндоо түрүнө кирген жанр***. Очерк изилдөө менен аңгеменин ортосунда турат, себеби образдуулук менен публицистика бирге жашайт, аңгемеде жазуучу турмуштук көрүнүштөрдү топтоп, үйрөнүп, ***жыйынтыктап типтүү образ түзөт, очекртин негизин факты түзөт, бирок, факт, цифра бурмаланбастан*** жана аны жазууда факт менен эле чектелбестен, фактынын маанисин ачып, элестүү образ түзүү керек. Очерктин негизги өзгөчөлүгү ***документалдуулугу***, анткени автор изилдеген окуяларынын арасынан эң мүнөздүүсүн чыгарманын негизине тандап алат, мына ошондуктан, очеркте турмуштун толук көрүнүшү көркөм баяндалбайт, турмуштун айрым бир гана көрүнүшү сүрөттөлөт да, турмуштун кубулуштары толук камтылат, бул болсо ***универсалдуулук*** белгиси [24, 87].

**Очерк эпикалык тектин көп кырдуу жанры. Анын жанрдык спецификасын аныктаган бирдиктүү пикир жок.** Кээ бир изилдөөчүлөр очерктин жанрдык белгисин документалдуулуктан **(фактылык),** кээ бири – курч публицистикалуулугунан көрүшөт. Чындыгында очерктик чыгармаларда бул эки белги тең кездешет... Очерк башка эпикалык тектерден баяндоонун универсалдуулугу менен айырмаланат [30, 139].

**Очерк** – бир топ көлөмдүү публицистикалык чыгарма. Ал **турмуш фактыларын** көркөм сүрөттөөгө арналат. Очерктин **каармандары расмий инсандар болушат** [1, 53**].**

**Очерк-** турмуштук фактыларды баяндаган анча чоң эмес адабий чыгарма [16]

**Очерк -** чыныгы көркөмдүк касиетке ээ аңгеме жана новелладан баяндоо ыкмасындагы иллюстрациялуу, маалыматтуу кыска адабий чыгарма экендиги менен айырмаланат [17, 142]

**Очерк – жанр художественной прозы**. Очерковую литературу характеризует огромное разнообразие форм; границы, отделяющие очерка от других эпических жанров, весьма условны. Признаки, присущие очерка, зыбкие в том смысле, что каждый из них в отдельности не чужд другим жанром... Однако именно в очерке **документальность, достоверность,** понимаемая в широком смысле слова, является непременной черты жанра. **Вымысел в очерке не должен настолько деформировать непосредственное наблюдение,** чтобы нарисованная автором картина переставала быть – и восприниматься читателем – как **локальная, достоверная, документальная** в своей основе [15, 253].

**Очерк** – **описательно-повествовательный рассказ**, имеющий обычно нравоописательную проблематику. Сюжет в очерке играет

меньшую роль, чем диалог, описание обстановки, авторское отступление и прочие [18, 411].

**Очерк** – көркөм публицистиканын маанилүү бир жанры. Ал көркөм каражаттарга жана чагылдыруу мүмкүнчүлүктөргө бай. Очерк – ***изилдөө жана аңгеме (айтып берүү) ортосундагы чек аралык жанр***. Аңгемеден айырмаланып очерк турмушта чыныгы болгон окуя жана фактылардын болгон убактысын, ордун, так ***реалдуу адамдардын өз аты-жөнү менен чагылдырат. Очерктин негизи - турмуштук факт.*** Очеркте – адам биринчи планда, окуялардын алып жүрүүчүсү катары берилет [23, 28].

**Очерк – күжүрмөн, оперативдүү** жанр. Экинчи жагынан – **ийкемдүү.** Чындыгында анын бул касиети бекер жеринен жаралган эместей. Анын **проблематикалык чектелбегендиги**: турмуштун кайсы гана сферасында болбосун өзүнүн **аракетчил-компакттуулугу** (ийкемдүүлүгү) менен сүңгүп кирип кете ала турган **чапчаңдыгы**; ар бир социалдык жаңы кубулуштарды сергек сезген, б.а., жаңы менен кошо жаралуучу атка жеңил, тайга чактыгы; түйүлдүк болуп келе жаткан кезинде эле турмуштук проблемаларды изилдөөгө ала алган **ыкчамдыгы** анын оперативдүүлүгүн да, күжүрмөндүүлүгүн да шарттаган [83, 132].

Демек, очеркте ой эркин берилип, мазмунун ачуу үчүн зарыл компоненттер тандалып, натыйжада баяндоонун көлөмү автордук пландын негизинде өнүктүрүлөт. Очерк – конфликттин тез чечилиши жана элестөөнүн мыкты сүрөттөлүшү менен аңгемеден айырмаланган, эпикалык тектин майда жанры. Кайсы бир личносттун мүнөзүн гана эмес анын образы аркылуу “коомдук чөйрөнүн” нравалык жагдайы жана атуулдук көйгөйлөрү камтылат. Очерк жанрынын татаалдыгы документалдуу материалды изилдөө жана аңгеме менен ажырагыс биримдикте түшүндүрүлгөндүгүндө. Бекем документалдуу негизде түзүлүп (фактынын конкреттүүлүгү, чыныгы каармандары, алардын ойдон чыгарылбаган мамилелери) адабий жалпыланган формага салынат. Бул жанр үчүн мүнөздөрдүн образдуулугу, типтештирүүнүн белгилүү баскычтары мүнөздүү. Жазуучу аңгемеде турмуштук көрүнүштөрдү топтоп, үйрөнүп, жыйынтыктап типтүү образ түзсө, очерктин негизин факты түзүп, бирок факты эч бурмолоосуз берилип, турмуштун толук көрүнүшү көркөм баяндалбастан, турмуштун айрым бир көрүнүшү, же жашоо кубулушу жогорку пафосто дээрине жеткире, элестүү образ түзүү менен баяндалат. Очерк турмуштун бардык кубулуштарына кайрылуу мүмкүндүгүнө ээ: нравалык, саясий, экономикалык, социалдык абалы, табият кубулушу, өлкөнүн тарыхы жана адамдардын портреттерин түзөт. Эпикалык бул жанр турмуштун

прогрессивдүү көрүнүш-окуяларын оперативдүү формада чагылдырып көрсөтүүгө, коомчулуктун көңүлүн учурдагы маанилүү маселеге буруугa жана конкреттүү тарыхый шарттагы ири проблемага байланыштуу коомдук пикир уюштурууга бирден-бир ыңгайлуу адабий форма катары жазуучуларды, журналисттерди гана кызыктырбастан, өзүнүн көркөм жана публицистикалык сапаты менен турмуштун коомдук-социалдык маанидеги күн тартибиндеги маселесин дал ошол учурдун өзүндө, анын изи сууй элек кезинде, чакан гана көлөмдө "поэмадай шаңдуу, драмадай таасирдүү, романдай терең" (Леонид Соболев) мазмунда чагылдырууга жөндөмдүү экендиги [27, 143] ага жүктөлгөн чоң жоопкерчилик болуп эсептелинет.

Очеркте терең ойдун болушу зарыл гана түгүл "искусствонун өзгөчө бир чөйрөсү (сферасы) катары" андагы таланттын башкы күчү – ошол ойдун олуттуулугунда; турмуштун көрүнүш окуяларын так өзүндөй кылып ала коюу көркөмдүк манерасы – андагы таланттын экинчи даражадагы, жардамчы күчү экендигин В.Г. Белинский өзүнүн "1817-жылдагы орус адабиятына көз караш" макаласында атайын белгилеп келип, бүгүн да өз күчүнөн тая элек мына мындай пикирди айткан: "Олуттуу ойдун биринчисин алып койгулачы, өз бет алдынча аракеттенүүгө экинчиси өтө эле алсыз болуп калат. Буга окшогон талант өзүнчө эле бөтөнчөлүк, кокустук эмес. Жок, мындай таланттар да накта көркөм таланттар сыяктуу эле табигый нерсе. Алардын аракети искусствонун акылды биринчи даражага, фантазияны экинчи орунга коё турган айрыкча сферасын түзөт. Бул айырмага аз көңүл бурушат, андыктан искусствонун теориясында укмуштуу чаташуулар келип чыгып жатат" [5, 318]

Ошентип, очерк – бул сүрөттөлүп жаткан чөйрөнү чындыктын негизинде иштеп чыгып, окуялар, каармандар, коомдук маанилүү фактыларды жана көрүнүштөрдү көркөм сүрөттөп, о.э коомдогу белгилүү коомдук тайпалардын типтүү өкүлдөрүн сүрөттөгөн, окурмандын сезимине таасир эткен чыгармалар жана оперативдүү, динамикалуу, көркөм-публицистикалуу жанр болуп саналат.

Натыйжада, очерк жанры көркөмдүктүн жана публицистиканын катышынан жаралып, чындыкка ыктагандыгы менен өзгөчөлөнүшүн төмөндөгүдөй жалпылайбыз:

- эпикалык түрдүн негизги жанрларынын бири;
- көркөм прозалык чыгарма;
- тематикалык масштабдуулукка ээ;
- проблематикалык чектелбегендиги;
- факты, цифранын бурмаланбастан көрсөтүлүшү;
- универсалдуулугу, конкреттүүлүгү;

- турмуштун прогрессивдүү көрүнүшү;
- образдуулук менен публицистиканын катышы;
- документалдуу, анык маалыматтуу;
- локалдуу;
- ойдон чыгарылбаган;
- автордук кыялдануу (вымысел);
- байкоонун, же изилдөөнүн негизинде жаралышы;
- оперативдүү, жигердүү, күжүрмөн, ийкемдүү, чапчаң, ыкчам, чалгынчы;
- эмоционалдуу, рационалдуу;
- типтүү образга ээ, расмий инсан катышат;
- көркөм-идеялык, көркөм-эстетикалык, социалдык-философиялык, таанытуучулук жана тарбия берүүчүлүк мүнөздүү;
- баяндоо, сүрөттөө мүнөздүү;

Негизги жанрдык өзгөчөлүгү:

- окуялардын, фактылардын реалдуулугу;
- реалдуу инсан жөнүндөгү баян жана расмий жашаган жери көрсөтүлөт;
- автордук баяндоо, ой-жүгүртүүлөр;
- автордук позициядан туруп чыгарылган жыйынтык;
- көркөм тилдик каражаттарды пайдалануу;
- композициялык курулушка, сюжеттик линияга ээ;

Очерктик чыгармалардын композициясы

- окуянын курулушу: окуянын башталышы, өнүгүшү, кульминациясы жана окуянын чечилиши;
- логикалык курулушу: автордук талдоо, аргумент, контрастардын же окшоштуктун ассоцияциясы;
- көркөм курулушу – автордук толгонуу (переживание), лирикалык чегинүү, конфликт;

Баяндоонун типтери;

- 1-жак формасында (автордун түздөн-түз катышуусунда баяндоо);
- 3-жактын формасында (байкоочу, комментатор катары баяндоо)

Жогорудагы жалпылоолордон очерк жанры:

Биринчиден: коомдо жашап жаткан адамдын жана анын айлана-чөйрөдөгү жашоосу, орду, ал-абалы жүрүм-туруму, тилеги, азабы көркөм сүрөттөлөт, баяндалат.

Экинчиден: каармандын портрети, жүрүш-турушу, мүнөзү, психологиясы берилет. Ар кандай эле чыгармалардагыдай мүнөз

индивидуалдаштырылат, конфликттер чечилет. Ал турмуш фактыларын көркөм сүрөттөөгө арналат жана очерктин каармандары расмий инсандар болушат.

Үчүнчүдөн: жол очерки сүрөттөмө, же репортаж сындуу мазмунга ээ болу менен башка өлкө жөнүндөгү маалымат алуу, болгондо да кызыктуу, ары легенда, болмуштар, эл тарыхы сыяктуу маалыматтары менен очерк жанрындагы абдан кызыктуу чыгарма.

Төртүнчүдөн: очеркте көркөм сөз каражаттары чыгарманын темасынын жана идеясынын зарылдыгына ылайык колдонула берет.

Натыйжада беллетристика, аңгеме, факты жана изилдөөнүн синтезделиши очерк болуп эсептелет. Чындыгында бул жанр – "өзүнүн чапчаң оперативдүүлүгү, шамдагай илгичтиги жагынан эч бир прозалык жанрды алдына салбаган, баатыр турмушубуздун ай-жылдарга бергисиз күрдөөлдү күнүмдүгүнө аралашып, учурдун атын ойнотуп, туусун көтөрүшкөн күжүрмөн жанрлардан болуп эсептелет" (К. Укаев). Исабек Исаков: «Көркөм очерк жана публицистика – бул бүгүнкү күндөгү баатырдык эмгекти, чечиле турган жана иштеле турган түйүндүү маселени тез, актуалдуу чагылдырып, жарык жылдыздай багыт бере турган күжүрмөн жанрлардан» деп белгилеген. Очерктин коом турмушундагы жана көркөм адабияттагы милдети, ролу, алган орду жөнүндө белгилүү очеркист В. Овечкиндин мындай дегени бар: «Эгерде бүткүл адабият – коммунизм үчүн күрөшкөн идеологиялык фронттогу чабуулда турган армия болсо, очерк мен үчүн алдыда жүргөн чакан чалгынчы отряд катары көрүнөт», ошентип, очерк – совет адабиятынын эң күжүрмөн, оперативдүү жанры [22, 146]. Ал эми советтик белгилүү жазуучу жана очеркист Б. Полевой: «Эгерде биздин газеталардын куралдануусундагы адабий жанрларды Советтик армиянын күжүрмөн куралдарына теңештире турган болсок, анда очерк дайыма чоң стратегиялык маанидеги бутаны жок кылуу үчүн салгылашка киргизилүүчү Башкы командованиенин резервдеги артиллериясына барабар» деп айткан [19, 3]. Кептин түйүнү очерк тигил же бул теманы көркөм формада чечүү менен турмуштагы эң кызыктуу маселелер: маанилүү окуялар туурасында болобу, же патриоттук жаңы башталмалар жөнүндө болобу, же бир тууган Коммунисттик партиябыздын жетекчилиги менен элибиздин жетишкен улам жаңы эмгек жеңиштери жөнүндө болобу… айтор, чалкыган Ата-Журтубуздун ар бир булуң-бурчтарында болуп жана жаралып жаткан турмуштук таасын көрүнүштөр жөнүндө миллиондогон газета окучууларга образдуу полотнону тартуу кылат. Жакшы жазылган роман же повесть, аңгеме же новелла окуучуларга кандай даражада эстетикалык таалим бере алса, очерк да дал эле ошондой [26, 5]. Очерк эпикалык чыгармалар

катары коомдук турмуштун көп кырдуу жактарын, элдин турмушун, каармандын өмүр жолун, жекече тагдырын, кыймыл-аракети же ишмердүүлүгүн, дүйнөгө болгон көз карашы ачыкка чыгып, жашоо-турмуш кубулушу өз чындыгында чагылдырылып, үгүт-насыят формасында адабиятта өзүнүн көтөргөн проблемасы менен өзгөчө баага, өзгөчө салмакка ээ болуп, көркөмдүк менен публицистиканы айкалыштырып, өз ордун таап келет. Курч публицистикалуулук очерктин милдетин, жоопкерчилигин арттырып, баяндалып жаткан окуянын локалдуулугун, каармандын типтүүлүгүн, маалыматтын (фактынын) аныктыгын тастыктайт. Мындай касиеттин болушу анын кадыр-баркын көтөрөт, актуалдуу маселелерге кайрылуусуна өбөлгө түзөт. Г. Марков бекеринен "публицистиканы мезгил хронометри" деп атаган эмес. "Эгер адабиятты саат механизмине салыштырсак, роман, пьеса, поэма өңдүү жанрларды саат жебесине, аңгеме менен ырды мүнөттүк жебеге, публицистиканы секунддук жебеге салыштыргым келет" деп айткан Г. Марков [26, 9].

Искусствонун, көркөм адабияттын башка түрлөрүндөй, жанрларындай очерктин да башкы предмети бар. Ал адам жана анын турмушу, бүгүнкү күндүн каарманынын портретин тартуу – ошол адамды түрдүү турмуштук кырдаалдарда көрсөтүү дегендикке жатат. Очеркист жөнжай мактоодон алыс туруп, каармандын мүнөзүн, кылган ишин, тагдырын реалдуу турмуштук факт менен сүрөттөп, аткарган эмгегин жана жасаган мамилесин айкын көрсөтүүсү окурманга тарбиялык-таанытуучулук таасири күчтүү чыгарма болуп эсинде сакталат. Улуу сүрөткер М. Горький өз учурунда «Эң негизгиси, бизге абдан зарылы – түшүнүүгө жеңил, ишенимдүү фактыларга таянган очерктер, публицистакалар жазылышы керек. Биз эмнени гана жазбайлы, ал чыгармалардын өзөгү ар убакта жандуу кишилер болууга тийиш» деп белгилеген. Ошентип, очерктин башкы предмети адам, адам окуяларды алып жүрүүчү катары биринчи планга коюлат [23, 27]. Демек көркөм аңдап-билүүнүн предмети болгон жаңы адамдын образын жаратуу, күн тартибиндеги курч маселенин чагылышы жана кайсыдыр өлкөнүн тарыхы жандуу маалыматтар менен сүрөттөлүшү очерк жанрынын спецификалык милдетин аныктайт. Ошентип очерк – *эки эсе жоокерчиликтеги жанр*. Бир тараптан ал көркөм чыгармалардын, экинчи тараптан – публицистика жана илимий чыгармалардын мыйзамы менен "жоопкер болот". Анын өзгөчөлүгү жана баалулугу мына ушунда. Очерк – "ыкчамдуулугу", образды типтештирүүсү, эстетикалык баалоолору, өзүнө мүнөздүү сюжеттик жана композициялык курулушу, тил жана стилдик өзгөчөлүктөргө ээ.

Очерк - көркөм адабият жана публицистиканы айкалыштырган искусствонун көп кырдуу жанры болуп саналат.

Очерктин аңгемеден айырмачылыгы окумуштуу-адабиятчылардын бүйүрүн кызыткан талаш маселелерден болуп келген. “Чалгындоо менен салгылаша ала турган” (В. Овечкин), “аңгеме менен изилдөөнүн ортосундагы жаралган” (М. Горький) очерктин жанрдык табиятын аныктоодо адабиятчылар эки түрдүү көз караш менен эки жээкте калган учурлары болгон. Маселе очерктеги ***көркөмдүүлүк*** менен ***публицистикалык*** касиеттин кайсынысы жетектөөчү күчкө басымдуу эгедер экендигинде. Бул касиеттер: “турмуштук факты менен образдын табияты жана карым-катышы” (Ү. Касыбеков) эриш-аркак жүрүп, очерктин көркөм наркын жогорулатат, баркын арттырат. Бирок очерктин жанрдык табиятына кайрылган окумуштуу же адабиятчы сөзсүз түрдө ушул маселеге такалбай коё албайт. 1928-1929-жылдары «Наши достижение» журналында очерктин жанрдык спецификасы боюнча кызуу талкуу жүргөн, 1934-жылы В. Бобрышев «Очерк-большая литература» деген макала жарыялап, анда “аңгемеден очерктин айырмачылыгы, сюжет жана кыялый фантазия зарылдыгы, цифра менен фактыны канткенде көркөм-поэтикага ширетүү, публицистикалуулук жана оперативдүүлүк деген эмне?” сыяктуу суроолорду койгон. Совет очеркинин теориясын жана практикасын негиздөөчү М. Горький “көркөм чыгарма, бирок публицистикага ширетилгендиги менен өзгөчөлөнөрүн, айрым очеркисттердин очерктери аңгемеге жакындыгын”, “очерк – фактылардын жөнөкөй гана катталышы эмес, фактылар жөнүндө аңгеме”, “очерк - толук көркөм баасы бар, ошол эле учурда мезгилдин талабына жооп берүүчү жанр”, “очерк бир жагынан публицистикага, экинчи жагынан аңгемеге жанашып турса, аңгемени да, публицистиканы да алмаштыра албаган адабияттын өзүнчө жанры» экендигин белгилеп, олуттуу маани бергендиги далилдүү көрүнүп турат. А.М. Горькийдин жогорудагы пикириндеги “аңгемеге жакындык” очерктин көркөм сапатка ээ болушуна карата айтылса, “изилдөөгө да жакындыгы” очерктин негизиндеги окуя илимий чындыкта жана тактыкта терең изилденген фактылар аркылуу өнүгүү менен гана чыгарманын темасынын чечилишин шарттай тургандыгын көрсөтүп отурат. Башка жанрлардан очерктин айырмалуу өзгөчөлүгү – анын өзүнүн бүтүндөй ички сапаты боюнча реалдуу турмуш чындыгын реалисттик метод аркылуу өтө жандуу, оперативдүү чагылдырып көрсөтүүсүндө экендиги эч кандай талаш туудурбайт. И. Жига очерк толук кандуу көркөм прозалык касиетти алып жүргөн чыгарма экендигин “Мы должны ответить, какой нам нужен очерк? Нам нужен художественный очерк” деп белгилеп,

андан ары “Своебразия очерка, как жанра, в том и заключается, что он одной стороной соприкасается с публицистикой, другой - с художественной литературой, но он в то же время не есть чистая художественная литература, так же как и не является голой публицистикой. Впитывая в себя элементы художественности (обазность, язык, портреты людей, их психологию, даже сюжетность), он в то же время отличается от повести, романа, рассказа тем, что по выражению Плеханова, “вторгается” публицистика и хозяйничает, как у себя дома” дейт, ошентип очерк – саясий курал (“политически дейтсвенный, насыщенный жанр” - И. Жига) жана көркөм жанр экендигин айтат.

1950-60-жылдарда адабиятчы, сынчы, прозачылардын ортосунда жогорудагы маселе кайра көтөрүлөт: «очеркти публицистика десек, публицистиканы көркөм чыгарма деп эсептөөгө болобу, очерк менен аңгемени кандайча ажыратыш керек?» [29, 321] деген маселерлердин тегерегинде талаш көз караштар жүргөн. Бир даары очерк мааниси боюнча толугу менен публицистика дешсе, кээ бири аңгемеге жакындаштырып, адабий чыгарма деп аташкан. Сынчы Ю. Суровцевдин 1958-жылы 25-апрелде «Литературная газета» басма сөзүнө жарыялаган «Очерк – бул публицистика» деген макаласында «Очерк – бул же жөнөкөй публицистика, же көркөм публицистика, бирок баары бир публицистика» деген жыйынтыкты чыгарып, натыйжада көркөм очеркти адабий чыгармага кошуп, белгилүү деңгээлдеги аңгемелерге жакындаштыргандарга каршы чыккан. Бирок очеркти адабий чыгарма дешип, аны аңгемеге жакыдаштыргандар болсо өздөрүнүн оюн бекемдөө иретинде орустун улуу жазуучулары Короленконун, Г. Успенскийдин, Салтыков-Щедриндин, Горькийдин, Серафимовичтин жана башкалардын көркөм очерктерин мисалга келтиришет [29, 322]. Белгилүү журналист Е. Журбина “Очерк публицистикалык таасын белгилери жана публицистикалык багытталышы менен бирге көркөм адабияттын ажырагыс бөлүгү болуп кала берет”, ошондой эле, очерктин башка жанрлардан айырмалуу өзгөчөлүгү мындайча белгилейт: “ошентип, очерк өзүнүн турмуштук материалдарга кайрылуусу менен айырмаланат. Эгерде аны илимий адабият менен салыштырсак, анда анын белгилүү чеги образдуу түзүлүшүндө болот, эгерде аны аңгеме, повесть, роман, поэма менен салыштырсак, анда анын негизги өзгөчөлүгү анын образдарынын сөзсүз публицистикалык изилдөө стилинде берилишинде сыяктанат” жана ушул эле пикирин улай “очерктеги сюжет фактыга таянат да, ар убакта иштер жана адамдар жөнүндөгү автордун кыялдануусу, ой жүгүртүүсү катары тартуу кылынат, ушул очеркке өзгөчө мүнөз жаратат” [3:57, 58,

142] деген илимий көз карашын айтат. Ал эми А. Эркебаев публицистикалык башталыш жетектөөчү экендигин, К. Асаналиев “Очерк десе эле кургак фактылардын тизмегин берген жанр катарында түшүнбөстөн, ошол турмуштук кырдаалдардын маңызын өзүнчө көрсөткөн бийик искусствонун бир түрү катары караш керек” десе, “Чыгарма же очерк болот, же аңгеме болот. Бул эки жанрдын ар биринин өз өзгөчөлүгү, өз касиети, өз обьектиси бар, ошону менен бирге жалпы окшоштуктары да бар” деп так кесе белгилейт кыргыз очерктеринин генезисин изилдеген К. Осмоналиев. Ал эми Ү. Касыбеков “...жанр кыймылда, өнүгүүдөгү тарыхый категория болгондуктан очерк да нормативдүү ой жүгүртүүгө баш ийбейт. Демек очерк да башка прозанын бардык түрү менен, ал турсун поэзия менен да шериктеш жашаган диалектикалык карым-катыштагы жанр. Кыскасы очеркте “башкалардай” эле көркөм изилдөө жат эмес” “... кыял очеркке жат эмес. Очеркте фантазия (вымысл) маанилүү компоненттердин катарына кирет. Ал автордун турмушту тереңирээк изилдеши үчүн кызмат ала турган каражат куралы, фотографизмге каршы коюучу инструменти”, демек У. Касыбеков очеркти И. Жиганын пикири сындуу толугу менен көркөм прозага кошот.

Ошентип очерктин жанрдык спецификасындагы көркөмдүүлүк, образдуулук жана публицистиканын катышына токтолсок: **көркөмдүк, көркөмдүүлүк** – өнөр чыгармаларынын спецификалуу сапаты, искусстводогу сулуулуктун формасы, эстетиканын жогорку көрүнүшү. Кең мааниде көркөмдүүлүк – коомдук аң-сезимдин башка формаларынан айырмаланып искусстводо **турмушту образдуу, б.а. көркөм** чагылтышы. Көркөмдүксүз искусство жок. Көркөмдүүлүктүн негиизи жана башкы булагы – турмуш көрүнүштөрүн образдуу формада бериши, ошого карата өзүнүн оюн жана сезимин жеткирүү мүмкүндүгү; **публицистика** (лат. – коомдук) – адабияттагы күндөлүк, коомдук-саясий, актуалдуу маселелерге карата курч, көркөм сөздүн күчү менен жазылган өзгөчө жанр, б. а. автордун эң актуалдуу саясий-коомдук маселелер жана күндөлүк саясий окуялар бюнчача пикир айтышы менен мүнөздөлөт. Публицистикага саясий активдүүлүк, курч жана жеткиликтүү баяндоо, фактыларга негизделген далилдөөлөр мүнөздүү. Анын *памфлет,* публицистикалык *макала,* публицистикалык *очерк, фельетон* сыяктуу түрлөрү бар. Публицистика жазуучуну коомдук турмушка активдүү аралаштырат, башка көлөмдүү чыгармаларынын жаралышына өбөлгө түзөт. Кыргыз адабиятында публицистика жанр катары жазманын пайда болушу менен жаралып, өнүгө баштады [36]. **Публицистикалуулук** – бул публицистика сыяктуу атайын жанр эмес, жөн гана көркөм чыгарманын ичинде учурдун көйгөйлүү маселелерин,

коомдук турмуштун мезгилде өктөм болчу проблемаларынын чагылдырылышы [48, 125]. Негизинен публицистикалык жанр расмий публицистикалык жана бейрасмий публицистикалык болуп бөлүнөт. Расмий публицистикалык түрүндө маалыматтар мүмкүн болушунча обьективдүү берилип, тилинин түзүлүшү белгилүү шаблондордун аткарылышын талап кылат жана мазмунду баяндоодо автордук «мен» колдонулбайт. Бейрасмий публицистикада мазмунду берүүдөгү стандарттуулук (шаблондуулук) толук бузулат. Автордук «мен» ачык байкалат. Мисалы, очеркте, фельетондо тилдик каражаттар автордун чыгармачылык дараметин белгилүү даражада чагылдырып турат. Натыйжада бул түрдүн подстилдери көркөмдүк сапаттарын ачык көрсөтөт. Бейрасмий публицистикалык жанр тилдеги эмоционалдуу-экспрессивдүү бирдиктерди колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө карата түрлөргө, андан ары подстилдерге ажыратылат, тактап айтканда, фельетон, памфлет, репортаж, очерк сыяктуу подстилдерге ажырайт [84, 66]. Демек, окумуштуулардын очерктин жанрдык спецификасын айырмалоодогу кайчы көз караштарын жыйынтыктасак, очерк ***көркөм стилде жазылган, көркөм тилдик каражаттарды эркин колдонгон, бирок учур маселесин ашкере көркөмдөөсүз, жандуу, типтүү образдардын катышуусунда окуянын жүрүшүн иретин бузбай баяндоо*** болуп саналат.

Аңгеме менен очерктин айырмачылыгы жөнүндө “Аңгеме менен очерктин бири-биринен болгон касиеттик өзгөчөлүгү төмөнкүдөй: аңгеме очерктегидей конкреттүү бир окуянын, конкреттүү бир адамдын (каармандын) тикеден-тике өзүн көрсөтпөстөн, ошол топтогу окуялардын, же адамдардын тибин көрсөтөт. Башкача айтканда, аңгеме документалдуу чындыктын негизинде жаралбастан, автордун ой жоруусу (вымысель) негизинде жаралат. Минтип айтыш, аңгеме тамырын чындыктан албайт дегендик эсмес. Автордун вымысели белгилүү бир турмуштук окуялардын, чындыктын чагылып көрүнүшү болуп эсептелет жана жазуучу аңгемени жаратканда, мына ошол окуялардын, каармандын жалпы, баарына таандык касиетин алып, типтештирет. Ал эми очеркте болсо каарман да, көрсөтүлгөн окуя белгилүү бир чындык, белгилүү бир көрүнүш. Маселен, очеркист шахтер жөнүндө чыгарма жазса, шахтер шахтада иштеген, белгилүү бир кыял жоругу бар адам. Башкача айтканда очерктин так адреси болот. Аңгеме жана кыска повесттерден жалпы окшоштугу мына мында: очерк да аңгеме, повест сыяктуу, көркөм адабий тилдин формасы менен жазылып, анда да портреттик мүнөздөмөлөр, пейзаждык сүрөттөөлөр, психологизм, кеңири орунду ээлейт. Түзүлүш схемасы да кадимки эле аңгемедегидей: экспозиция, завязка, кульминация, развязкасы болот.

Аңгемеде образ түзүү линиясы чыгармада баштан аяк созулуп жатса, очеркте да дал эле ошондой, кала берсе образ түзүү мында биринчи планга коюлат [26, 7-9]. Прозалык чыгармада адамдардын атайын белгилүү образы, типтүү мүнөзү жана алардын диалектикалык өсүшү көркөм сөздүн күчү менен сүрөттөлөт. Очерктин да маани-мазмуну, идеялык өзгөчөлүгү дал ушул милдетти башка жанрлардай моюндап турат. Көп учурда очерктин негизги обьектиси адамдын иши, анын мааниси же жетишкендиги болсо дагы, ал адамсыз, анын жандуу портретисиз берилбеси белгилүү. Ал турсун очеркте жазуучу бир катар тектеш окуяларды чогултуп, аларга мүнөздүү (демек турмушка мүнөздүү) образ, тип түзгөн учурлары да аз эмес. Ошентип, очерк менен аңгеме үн алышып турат, бирок белгилүү деңгээлде айырмачылыкка да ээ. Маселен, кээ бир сынчылар бул айырманы очерктин документалдуу мүнөздө болушу менен түшүндүрсө, айрымдары азыркы турмушту көрсөтүп тургандыгы деп белгилешет. Бирок аңгеме, повесттик чыгармаларда да күндүн талабы, мезгилдин проблемасы жана документалдуу окуялар камтылары айкын көрүнүш. А. Таабалдиев «Публицистиканын өзгөчөлүктөрү жөнүндө» аттуу макаласында «Очерк азыркы күндүн бардык маселелерине токтолбостон, ошол күндүн эң курч жана жаңы маселесине гана токтолот. Ал турмушка келген биринчи чабалакейди, ар кандай жаңы көрүнүштү, маселени, проблеманы таап алып, коомчулуктун кароосуна коюу менен көркөм адабиятка бүгүнкү күндүн жаңы (тирүү) геройлорун киргизет. Очерк, ушундай жаңы нерселерди баяндоо менен адабияттын күжүрмөн чалгынчы жанры деп аталып келатат. Ал эми аңгеме болсо, ар кандай жаңы нерсени жайылгандан кийинкисин, анын мүнөздүү, типтүү боло баштагандан кийинкисин көрсөтүүгө бөтөнчө жөндөмдүү. Ушул жагынан алганда, очерктин обьектиси болгон ар кандай жаңы көрүнүшкө болгон автордун өз мамилеси түздөн-түз ачык көрсөтүлөт. Аңгемеде болсо, турмуштун мүнөздүү жактары сүрөттөлүп жаткандыктан, автордун ою, ал окуяга болгон мамилеси көбүн эсе белгилүү образдар аркылуу гана берилет» [29, 221] деген айырмачылыгын көрсөтөт.

Очеркте адам аркылуу элдин күрөшү, коллективдин, чарбанын, акырында мамлекетке берилгендикти баяндоо башкы планда турат жана өзгөчө окумдуу келип, окурмандын сезиминен оңой менен өчпөй турган “сырлары” бар өзгөчө жаратылган чыгарма. Очерк жанры өзүнүн пайда болгон мезгилинен тартып мына ушул күндөргө чейин адабият майданынын көрүнүктүү “чалгынчысы” катары баалуу да, маанилүү. Анткени очерк жанры документалдуу фактылардын негизинде курулгандыгы жана турмуштун бардык тармагын камтыгандыгы менен

таасирдүү да, салмактуу да. 1957-жылдын, № 11 санына (ноябрь) жарык көргөн Шаршенбек Үмөталиевдин "Кыргыз адабияты кырк жылда" аттуу макаласында очерк жанрынын кыргыз адабиятындагы орду жөнүндө учкай мындай деген: "Көркөм очерк адабияттагы "атка жеңил, тайга чак" турмуш менен кызуу аралашууга мүмкүндүк бере турган эң оперативдүү жанрлардын бири экендиги белгилүү. Күндөлүк турмушка активдүүлүк менен үн кошуп калууда жана массаны аны менен тыгыз байланыштырууда, өсүп бара жаткан бардык алдыңкы нерселерди пропагандалап, жетишпегендиктерди таамай көрсөтүүдө көркөм очерктердин ролу чоң. Чыныгы көркөм очерк турмушту таанытат жана турмушка жетектейт.

Жогорудагы пикирлерди эске алганда:

Аңгеме:

- Аңгемеде жазуучу турмуштук көрүнүштөрдү топтоп, үйрөнүп, жыйынтыктап, типтүү образ түзөт, каарманын белгилүү бир топтогу адамдардын тибинен жаратат;
- Аңгемеде белгилүү бир турмуштук окуялардын, чындыктын негизинде автордун ой-кыялы, идеясы жаралат;
- Окуя жайынча өнүгүп, эстетикалык жол менен кеткен сюжетке ээ;
- Чакан мазмунга чоң ойду, күндүн темасын батыруу, сыйдыруу, аны ачуу. Аңгеме жанрынын татаалдыгы мына ушунда;

Очерк:

- Документалдуу, факты, цифра, реалдуу инсан, чыныгы окуя, так дареги көрсөтүлөт;
- Күндүн негизги курч маселеси чагылдырылат;
- Агитация, пропаганда кызматын аткарат (элдин күрөшү, мекенге, же чарбага берилгендик);
- Көркөм изилдөөнү талап кылат;
- Образдуулук менен публицистиканын катышы белгилүү даражага ээ;
- Универсалдуулугу: турмуштун бардык кубулуштарына кайрылат, нрава-социалдык, саясий-экономикалык, табият кубулуштарын сүрөттөйт;

Аңгеме менен очерктин окшоштуктары:

- Эпикалык тектин кичи формасы, чакан көлөмдүү;
- Башкы предмети – адам, адам турмушу;
- Катышкан каармандары чектелүү;
- Композициялык курулушу, сюжеттик линиясы окшош (автордук баяндоо, переживание, конфликт, пейзаждык сүрөттөө, күн

тартибиндеги тема, сюжеттик тарамы: зачин, завязка, кульминация, развязка);

- Адам турмушунун маанилүү гана учурлары сүрөттөлөт;
- Образ түзүү, каармандын мүнөзүн ачуу, портретин тартуу;
- Көркөм тилдик каражаттар;
- Күндүн талабы, мезгилдин проблемасы чагылдырылат;

Жыйынтыктап айтканда, аңгеменин кароолунда адамдын өзү, анын образы жана алар аркылуу турмушту көрсөтүү турса, очеркте адамдын образы (көп учурда толук эмес образы), негизгиси анын ишинин ийгилиги, турмуштун жаңылыгы аркылуу гана белгилүү деңгээлде ачылышы мүмкүн. Ушул сыяктуу айырмалары (өтө актуалдуу, жаңы маселелерди көтөрүү, ага болгон автордун өз мамилеси) менен очерк көркөм изилдөө, адабий чыгарма болуп саналат.

## 2-§ Кыргыз очеркинин өнүгүшүнө таасирин тийгизген факторлор

### Алгачкы отузунчу жылдардагы кыргыз очерктеринин “жаралышы” жана калыптанышы

Очерк би ринчи жолу Агартуучулук доорунда Батыш Европа адабиятында өз алдынча өнүккөн жанр катары алдыга чыгып, адептикке, ыймандуулукка тарбиялоо багытында жазылып, алгачкы очерктер “Болтун” (1707-11), “Зритель” (1711-14) журналдарында жарыяланган. Ошондой эле англия адабиятында аябагандай өнүккөн, мунун таасиринде Германия, Франция, Италия, Россия мамлекеттеринде пайда болуп, көркөм жанр катары калыптана алган. Ошентип, очерк - тематикалык жактан көз карандысыздыгы, фактыга таянгандыгы, чындыкты чагылдыргандыгы менен чыгармачыл инсандардын (акын, жазуучу, журналист) жана окурмандардын көңүл чордонун ээлеп, тез өнүгө баштаган. Баатыр каармандары, типтүү образдары, реалдуу окуялары, көркөм наркы аркылуу XVIII кылымда реализм методунун жаралуусуна себеп болгон. XVIII кылымда Францияда Л.С. Мерсьенин, Ретифа де ла Бретонанын көрүнүктүү очерктери жарык көрүп, айрыкча Л.С. Мерсьенин Франциянын революцияга чейинки турмушун, андагы ар түрдүү социалдык катмардагы калктын ал-абалын кеңири сүрөттөгөн очерктердин “Париж картинасы” аттуу (1781-1788-ж.) жыйындысы өзгөчө орунда туруп, жанрдын бийиктигине айланып, француз очеркинин өнүгүшүнө жана башка элдердин адабиятында очерк жанрынын калыптанышына алгачкы чыйырын салган. Очерк жанры XIX кылымдын 30-40-жылдары Германия, Россия сыяктуу мамлекеттерде революциялык даярдыкта,

агитация, пропаганда маанайында жазылып, рухий курал болуп берген. Көптөгөн атактуу жазуучулардын чыгармачыл чыйырлары очерк менен башталып, талант-шыгы ойгонуп, мыкты чыгармаларды жаратууга өбөлгө болуп, даңазага айланып, дүйнөлүк жазуучуга айланышкан, т.а., англия жана француз адабиятында Ч. Диккенс, У. Туккерей, О. де Бальзакты атасак болот. Оноре де Бальзактын атактуу “Гобсек” повестинин жаралышына “Ростовщик” (1830) очерки негиз болгон. Немец адабиятында Л. Верклин, А. Ребман, Г. Форстер ж.б. сүрөткерлердин очерктеринде турмуш чындыгынын адеп-ахлактык жагын ачууга басым жасалган, мындай мазмундагы очерктер XIX кылымга чейин улантылган.

Орусияда көркөм очерктер XVIII кылымда жазыла баштайт. Бул мезгил публицист-жазуулардын алдына учурдагы курч өнүгүп жаткан окуялардын панорамасын чагылдыруу милдетин коет. XIX кылымдын 40-жылдарында феодал-крепостной түзүлүштөн капиталисттик түзүлүшкө өткөн учурда революция саясий жана маданий багытта жүргүзүлүп, мында биринчи жолу мезгил талабын чагылдырган жол очерктери “Современник” журналына (Герцен, Тургенев) жарык көргөн. Ошентип орус адабиятынын тарыхында очерк жанрынын эң алгачкы башатында жол очерки турат. Окуяны, чындыкты башкача формада чагылдыруу идеясы жүрүп, жеке таасирлер, көз караштар, өмүр-жол баяны, ж.б. жаңы мазмундагы очерктер жазылат. Буга А.Н. Радищевдин «Петербургдан Москвага саякат» очерки жана орус саякатчысы Н.М. Карамзиндин каттары, андан кийин эле И.С. Тургеневдин «Мергенчинин күндөлүгү», “Хор и Калиныч”, А.С. Пушкиндин “Арзрумга саякаты”, М.Е. Салтыков-Щедриндин ак сөөк коомун мыскылдап жазган очерктери, В. Вольф, М. Горький, Г. Веерттин, Писемский, Лесков, Слепцов, Г. Успенский ж.б.лардын очерктери алгачкы мисал боло алат. Россиядагы крепостной түзүлүштүн ички карама-каршылыктарын реалисттик мүнөздө чагылдыруу үчүн Радищев “Петебургдан Москвага саякатын” атайын очерктик формада жаратkandыгы бекеринен эмес. Автор тарабынан көрөгөчтүк менен тандалып алынган жанрдык бул ыкма эзилип жаткан элдин аянычтуу турмушун дал өзүндөй кылып сүрөттөөгө жана ушунун өзү менен революциялык проблематиканы көтүрүп чыгууга мүмкүндүк берген. “Петербургдан Москвага саякаттын” идеясы классикалык орус адабиятынын андан кийинки өнүгүшүнүн негизги темасына айланган [26, 7]. Маселен, А.С. Пушкин “Арзрумга саякат” аттуу жол очеркин жөн гана саякат баяны эмес, улуу акын декабрист досторуна жолугууга жана түрктөр менен болуп жаткан согушка катышууга барып, көргөндөрүнө майышып, жердештеринин, максатташ

досторунун кандуу согуштагы азабына толгонуп, жүрөгү зилдеп, ой-тилегин фактыга таянып баяндап жазган. Королено Лукояновски уездинде болуп, ал жердеги дыйкандардын жарды турмушу, ачарчылыктын айынан келип чыккан оор тагдырлардын, оору-сыркоонун жүзүн ачып, Слепцов Осташков шаарындагы буржуазиячылардын элге жасаган кысымын, зордук-зомбулугун сүрөттөө менен орус адабиятындагы алгачкы жол очерктеринин катарын толуктаган. Ал эми Глеб Успенскийдин "Выпрямила" аттуу шедевр-очерки 1872-жылы Париждеги Луврга барып, Венера Милосскаянын эстелик-статуясынын таасиринен улам жаралган чыгарма. Успенский бул очеркин өзү дагы өзгөчө "жаңы" экендигин баса белгилеген. Очерк жанрынын андан кийинки өнүгүшү Короленко жана А.П. Чеховдордун ысымдары менен да байланыштуу. Карапайым массанын каргашалуу жана кайгылуу турмушун күзгүдөн көрсөткөндөй таамай, даана чагылдырган Чехов жана Короленконун очерктери жанрдын сапаттык көркөм наркын дагы жогорулаткан. "Сахалин аралы" аттуу очеркинде А.П. Чехов Россиянын алыскы Сахалин аралында жеке бийликтин кесепетинен"бекерге, маңыроо, жырткычтарча" жашаган элдин аянычтуу тагдырын көрсөтсө, "Павловдук очерктер", "Ач жыл" жана "Мультандык иш" очерктеринде Короленко элдин эзилген турмушун, зары башынан ашып, эч кимге жетпеген азап-муңун жазуучулук таасирлер менен чебер баяндайт. XIX кылымдын аягынан тартып жанр жаңы түр, жаңы мүнөзгө өтөт, бул мезгилде жаралган очерктерде чындык динамалуу сүрөттөлүп, окуя революциялык-пролетариаттык позицияны чагылдыруу багытында өнүккөн, мисалы, Г. Веерт, В. Вольф, М. Горький ж.б. очерктерин атасак болот.

Ошентип, классикалык орус адабиятында өзүнүн тамырын кеңири жайып калган очерк жанры 1917-жылдагы социалисттик революциянын учурунда да жана революция жеңген күндөн кийинки мезгилдерде да улам жаңы темаларды, улам жаңы проблемаларды көтөрүп чыгып, доор алмашкан мезгилдеги элеңдеген элге пропагандалык максаты ишке ашып, эң сонун таасир калтырып, жанрдын дагы өркүндөшүнө шарт түзүлүп, өнүгүү доору башталган. Совет адабиятынын негиздөөчүсү М. Горький мына ушул жылдарда революциялык дух менен "Емельян Пилай", "Коновалов", "Два босяка", "Филоген Ильич" аттуу патриоттук маанайдагы очерктерди жараткан. Орус адабиятында очерк жанрын өнүктүрүүнүн эң зарыл экендигин В.Г. Белинский: "Бизде саякаттар, жол таасирлери, очерктер, аңгемелер, сүрөттөмөлөр (баяндамалар) түрүндө өз кучагына ушунчалык түркүн климаттарды, ушунчалык көптөгөн элдерди жана

уруударды, диндерди жана үрп-адаттарды камтыган, ошондой эле накта орус калкы ушунчалык сансыз боекто, түздө, кызыл-тазылданган өтө карама-каршылыктагы жана түрдүүчө катмарланган не бир эбегейсиз зор масса катары берилген чексиз жана түрдүүчө Россиянын ар кайсы бөлүктөрү менен тааныштыра турган беллетристикалык чыгармалар бар" деген белгилөөсүнөн улам очерк "Чеги жок жана ар түркүн Россиянын" элдеринин турмушун бардык тарптан кеңири сүрөттөөчү беллетристикалык кең пландуу жанр экендигин даана сездирип турат. Орустун ойчул материалисттери Чернышевский менен Добролюбовдун "Современник", Некрасовдун редакциясы менен чыгып турган "Отечественная записка" журналдарына Чернышевскийдин "Сардиндик королевствонун министри граф Кавуре жөнүндө", Добролюбовдун "Из Турина", Глеб Успенскийдин "Нравы Растеряевой улицы" жана башка ушул сыяктуу Добролюбов, Николай Успенский сыяктуу ондогон классиктердин мыкты очерктери жарыяланып турган. Орус элинин улуу жазуучусу, очерк жанрынын мыкты теоретиги М. Горький "Наши достижение" (1929) адабий журналын түзүп, анда очерктер үчүн атайын бөлүм ыйгарылып, орус адабиятынын очерк жанрынын өнүгүшүнө, такшалуусуна өбөлгө болуп, жаш очеркисттерди топтоп тарбиялаган жана акылдуу мугалими болгон. Тактап айтканда, дал ушул журнал аркылуу М. Горький, В. Овечкин, В. Канторович, В. Лебедев, М. Пришвин жана башка сынчы-адабиятчылардын тынымсыз талаш-тартыш туудурган макалалары жарыяланып, андан сырткары чыгармачыл жолугушуулар уюштурулуп, акыры 1934-жылы Биринчи бүткүл союздук жыйын өткөрүлүп, очерк жанры кызуу талкууланып, натыйжада очерктин көркөм наркы, жанрдык табияты жана адабий эпикалык чыгарма экендиги айтылып, бирдиктүү көз караш, пикирлер кабыл алынган. "Бизге зарыл болгон негизги нерсе – деп жазат М. Горький – бул ишенимдүү жана оңой түшүнө турган фактылар менен байытылган жандуу очерк. Очерктин өзөгүн мейли, жалгыздап алынган куруучу кайраткерлер болобу, же чыгармачыл коллективби, мүмкүн болушунча дайыма биздин замандаштарыбыз түзүүгө тийиш" деген теориялык ойду камтыган пикирин айткан. Ошентип, совет адабияты учурунда жанр аябагандай өнүккөн десек болот, анткени өлкөдө болуп жаткан тарыхый турмуш (революциянын жеңиши, коллективдештирүү, Улуу Ата мекендик согуш, социалисттик беш жылдыктар ж.б.) жалпы темаларды чагылдыруу жанрдын мүнөзүнө туура келип, өнүгүшүнө кеңири шарт түзгөн. Очерк жанрын өзүнүн чыгармачылык кесибинин негизги обьектиси катары тандап алган авторлордун мектеби түзүлүп, мезгил-мезгили менен кайрылышып, сапаттык баскычы жогору, жалпы жана эркин тематикадагы очерктер

жазылган, маселен, М. Шагинян, Л. Рейснер, Д. Фурманов, В. Овечкин, Вл. Чинилихин, Д. Гранин, В. Михайлов, Б. Агапов, Ю. Вебер, К. Андреев, С. Крутилин, Е. Дорош, М. Кольцов, В. Песков, П. Ребрина, В. Некрасов, Ю. Смуула, В. Вересаев, И. Эренбург, А. Аграновский жана башкалар жанрдын үстүндө активдүү жана жемиштүү эмгектенишкен. Кийинчерээк Совет адабияты учурунда Бүткүл Союздук Республикалардагы колхоздорду, совхоздорду уюштуруу, мал чарбачылыгын, дыйкан чарбачылыгын өнүктүрүү, эмгекти даңазалоо сыяктуу "ураандын" астында жалпы коомдук темаларда очерк жанры журналисттер жана жазуучулар тарабынан жабыла көтөрүлүп, "гүлдөгөн" доорду башынан кечирген, анткени советтик идеологияны чыңдоодо, же өлкөдө болуп жаткан тарыхый турмушту позитивдүү чагылдырууда, ошондой эле агитация, пропаганда маанайында жазылып турган. Ошентип, жанр советтик адабияттын темасына, мүнөзүнө абдан ылайыктуу келген: интернационализм темасы, достук, бир туугандык темасы, эмгек темасы, космос-аалам темасы, илимий ачылыштар ж.б. темадагы очерктердин жазылышына өбөлгө болуп, совет адабиятында өз алдынча бүткөн жанр катары башка жанрлардай кеңири өнүгүүгө, көркөм адабиятта туруктуу орун алды. Жазуучулардын көңүлүн бурдуруп, бүйүр кызыткан талаш-тартыш туудуруп, 1934-жылы Биринчи бүткүл союздук жыйындын өзүндө очерктин жанрдык спецификасына токтолуу, көркөм-эстетикалык наркына баа берүүнүн өзү эле очерктик чыгармалардын адабияттын башка жанрлары сыяктуу мааниси чоң экендигин далилдейт.

Очерк жанрынын жаралуусу бардык элдерде басма сөз эмгегинин түзүлүшү менен катарлаш каралат. Кыргыз адабиятында очерк жанрынын "жаралуу" же "калыптануу" мезгили кыргыз басма сөзү "Эркин-Тоо" (1924-жылдар) менен байланыштырылса, коңшу казак адабиятында бизден алда канча алдыда экендиги белгилүү. Казак адабиятындагы очерк жанрынын калыптануусу жана өнүгүүсү казак басма сөзүнүн тунгучу, 1870-жылдан баштап жарык көргөн "Казак вилояты гезитинен" башталып, бүгүнкү күнгө чейин тамырын үзбөй, өнүгүп-өсүп келген. Профессор М.Б. Шындалиева "казак адабиятындагы очерктерди жыйнак кылсак 250-300 томдой чыга турган материал жыйналып калды, бул маданий-руханий толук казына" деп сыймыктануу менен белгилейт. Очерк фольклордук эмес, профессионалдык адабияттын жанры болгондуктан, анын пайда болушу жана өнүгүшү профессионалдык адабияттын пайда болуш жана өнүгүш этаптары менен бир нукта жатат [26, 22]. Ал эми кыргыз адабиятынын тарыхында отузунчу жылдары басма сөздө "очерк" деген аталыштагы рубрика орун алып, бул кыргыз очеркинин "тушоо кесер"

этабы катары калды. Кыргыз очерктеринин пайда болуу мезгилин 1924-жылдан 1929-жылдарга ыйгарсак чындыкка жакынырaак. Анткени, аталган бул мезгилдерде очерк сындуу бардык илим-билим телчигүүнү башынан кечирип жаткан учур болгон. Газетага жарыяланган очерк тибиндеги материалдар көбүнчө аңгемеге түспөлдөшүп турган. Очерк деп аталган алгачкы мындай чыгармаларга адабиятчылар төмөн баа беришкен. Отузунчу жылдарда республикалык газета, журналдардын беттеринен очерк жанры аздап-аздап, бирок кеңири аянттарды ээлей баштайт. Өзгөчө "Кызыл Кыргызстан" газетасына бул мезгилдеги сандарына бүтүндөй беттин теңин ээлеген көлөмдүү материалдар көбүрөөк басылып турган. Кыргыз очерктерин учурунда терең талдоого алган К. Осмоналиев жанрдын жаралуу мезгилин 1924-жылдан 1930-жылдарга алып барат, ал эми М. Сасыкулов алгачкы очерктер 1931-жылдарда "Кызыл Кыргызстанга" жазылган материалдар менен байланыштырат. К. Осмоналиевдин пикири боюнча: кыргыз очерктеринин жаралыш мезгилин бир гана жыл менен баса белгилөөгө болбойт, себеби очерк сыпаттуу чыгармалар басма сөз бетинде жарыяланып турган. Демек, эки адабиятчынын тең пикири бири-бирин толуктоодо, башкача айтканда М. Сасыкулов алгачкы очерктер 1931-жылдарды атаганы очерк жанры жанр катары калыптана баштагандыгы, ал эми 1924-1929-жылдарда очеркке турпатташ пропаганда маанайындагы газеталык материалдар жарык көргөндүгү белгилүү иш, бирок жанры такталып, чыгарма катары калыптануусу, же тактап айтканда очерктик чыгарма деп аталуусуна 1931-жылдарда чыккан, атайын коомдун күн тартибиндеги темаларды чагылдырган, же коомдун алдыңкы активисти (же чабан, же дыйкан, малчы, саанчы ж.б. эмгектин баатырлары), коммунисттик партиянын татыктуу мүчөлөрү жөнүндө жазылып, эл тарабынан кабыл алынгандыгы. Адабиятчы К. Асаналиев өзүнүн "Кыргыз совет прозасынын очерки" деген эмгегинде "Отузунчу жылдардын башында эле "оперативдүү жанр катарында" автобиографиялык очерктердин кеңири иштеле башташы кыргыз прозасынын пайда болушу жана өсүү процессиндеги дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелерин белгилейт да, андан ары очерктин жанрдык өзгөчөлүгүнө токтолуп өтүп, кыргыз адабиятында алгачкы калыптанган очерктин түрү автобиографиялык очерк деген тыянакка келет.

Алгачкы очерктердин сап башында С. Сасыкбаевдин 1927-жылы жарык көргөн "Кыргызстандагы Чехословакия" документалдуу очерки турат, андан соң "очерк" рубрикасынын астында биринчи жолу Молдогазы Токобаевдин "Кызыл Кыргызстан" газетасынын 1931-жылы 1-сентябрдагы санына "Колхоз жайытында" аттуу очерки жана 3-

октябрда Кубанычбек Маликовдун “Ала-Тоонун далдасында” аттуу очерктери (“Кызыл Кыргызстан” 1931, 3-октябрь) жарык көргөн. Бирок, очеркке турпатташ материалдар газета –журналдардын жыйырманчы жылдардын аягында, отузунчу жылдардыны башында, аз-аздан орун алып келген. Алардын ичинен очеркке жакынырагы “Биздин күндөрдө” деген материал болуп, ал “Жаңы маданият жолунда” журналынын 1929-жылдагы санында жарыяланып, уландысы ошол эле журналдын кийинки жылдагы биринчи санынан орун алган. Анын автору көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан кимге таандык экендиги белгисиз. Анда материалдын жанрын көрсөткөн рубрика да жок. Бирок окуянын ордунун так берилиши, катышкан персонаждардын аткарган иштеринин да эмоционалдуу көрсөтүлүшү, аны очеркке түспөлдөштүргөн [27, 143]. Ошентип, отузунчу жылдардын ичинде газета, журналдарга жарыяланганы болуп, баардыгы 31 очерк жарык көргөн. Алгачкы очерктердин изилдөө обьектиси жана тематикасы жалпысынан окшош болгон. Анда Совет өкмөтүнүн келиши, элдин калың-катмарындагы социалдык-укуктук абалдын түп-тамырынан өзгөрүүлөрү, жаңы түшүнүктөр, жаңыча жашоо менен кынтыксыз Совет өкмөтүнө ак кызмат кылуу, тең укуктагы жаңы каармандардын эмгектеги ийгилиги, жаратмандыгы, ошондой эле турмуш-тиричиликтеги жаңы сөздөрдүн пайда болушу жана башка жаңылыктар камтылган, жалындуу пропагандага шыкалган очерктер адабиятта өз сапарын баштаган.

Кыргыз совет адабиятындагы очерктердин тунгучу катары эсептелинген “Ала-Тоонун далдасында” [77] жана “Колхоз жайытында” [75] очерктери ички сапаттары жагынан жана алардын жаралышын шарттаган турмуштук окуялардын, фактылардын авторлор тарабынан ылганып алынышы жагынан гана бири-биринен айырмаланганы болбосо, экөөнүн изилдеген обьектиси бир: коллективдештирилген чарба, айылдык турмуш, мал чарбачылыгы чагылдырылган. Бул очерк информациялык маалыматтарды гана билдирүү менен чектелген газеталык стилдеги кабарлардан өзүнүн публицистикалуулугу жана анчалык жеткилең болбосо да көркөмдүгү менен айырмаланып, автор окуянын ордун, ага катышкан адамдардын аты-жөнүн, кандай иш аткаргандыгын кабарлап коюу менен чектелүүнүн ордуна, ошол кездеги кыргыз элинин турмушундагы өтө чоң проблеманын – чарбаны коллективдештирүү маселесинин акырындап ишке ашып жаткандыгын элестүү формада, образдуу көрсөтүүгө далалаттанган. Ал эми “Ала Тоонун далдасында” очерки аталган очерктен бир аздан кийин гана жарык көргөн, ошого карабастан, мында мурункуга караганда бир кадам болсо да алга жылуу,

сапаттык тепкичке жогорулоо бар экени байкалат. Анткени, мында сюжет, тыкан түзүлгөн композициялык структура, типтүү образ, ошондой эле публицистикалык чыгармаларга мүнөздүү курч жана оригиналдуу стиль бар, булардын бардыгын өз айланасына топтоп турган проблема да камтылган. Жалаң очерктик чыгармаларда эмес, отузунчу жылдардагы профессионал кыргыз адабиятынын калыптануусунун башкы темасы - кыргыз элинин турмушундагы болуп жаткан зор өзгөрүштүн – колхоз, совхоз түзүлүштөрү, күжүрмөн советтик жумушчу портрети ж.б. болгон. Жазуучулар чыгармачылыктын булагын социалисттик коомду курууга активдүү киришкен эмгекчи эл массасынын күндөлүк турмушунун күргүштөгөн шарынан көрө башташкан.

Ошондой эле, алгачкы жаралган баяндама очерктин катарына Саткын Сасыкбаевдин "Кызыл бүркүттөр" (Чабуул. 1931, № 2, 54-57-бет), "Чакырууга келген жерден" (Чабуул, 1931, №2, 25-29-б) аттуу эмгектери кирет. Алгачкы этаптагы жол очерктеринин катарына Ж. Турусбековдун "Эпкиндүүлөр Талаасында" ("Кызыл Кыргызстан", 1931, 17-сентябрь), Шарип Көкөновдун "Эмгек жортуулчулары" ("Кызыл Кыргызстан", 1931, 27-сентябрь), "Жол боюнда" ("Кызыл Кыргызстан", 1931, 30-октябрь), "Түнкү коноктор" ("Кызыл Кыргызстан", 1931, 3-ноябрь), Мукай Элебаевдин "Пахтачылар базарында" ("Кызыл Кыргызстан", 1931, 22-ноябрь), ошондой эле Ташым Байжиевдин "Күрөш" ("Чабуул" 1931, №1, 37-44-бб.), "Кытмыр өлдү" ("Чабуул", 1932, №1-2 (4) 22-30-бб.), К.Маликовдун "Айлуу түндө" ("Чабуул" 1931, № 1, 16-19-бб.) жана башка чыгармалар кошулат. Бул очерктердин жаряланган мезгилдерине саресеп салсак, ар айда очерктик чыгамалар үзгүлтүксүз жарыяланып турганын көрөбүз. 30-жылдардын башындагы очерктердин айрымдары журналисттер командировкада жүрүшкөндө ар кайсы жерден кокусунан кездешкен окуялардын негизинде кээде кат түрүндө, кээде автордук баяндама түрүндө жаралса, айрымдары автор атайы максат кылып, ар тарабын текшерип, тактаган турмуштук окуялардын негизинде изилдөө формасында жаралган. Очерктер байма-бай жарык көргөнү менен түзүлүш формасы, турмуштук окуяларды камтуу жана аларды чагылдыруу жагынан, ар түрдүүлүгү жана бир эле автордун калеминен жаралган бирдей эле темадагы очерктердин бири-бирине окшобогон формаларда берилиши изденүүнүн масштабдуулугун көрсөтөт. Ошентип, очерк фольклордук эмес, профессионалдык адабияттын жанры болгондуктан, анын пайда болушу жана өнүгүшү профессионалдык адабияттын пайда болуш жана өнүгүш этаптары менен бир нукта болуп, бирок жанрдык жактан "чийки" очерктер

эсептелип, кемчиликтери адабиятчы – сынчылар тарабынан талданып, очерк атайын коомдогу өсүштү, андагы катардагы эмгекчилерден гана экендигин кайра коомчулукка көрсөтүү, жайылтуу максатын көздөгөндүктөн, бул максат дал бутага тийүүсү үчүн мыкты жанр катары калыптануусу керек эле. Ошондуктан адабиятчылар жаңыдан жарык көргөн бардык очерктерге тилдик, көркөмдүк, жанрдык табияты боюнча өзгөчөлүктөрүн талдоодон, сындан өткөрүп, очерк жанрын сапаттык жакшыртуунун, өркүндөтүүнүн үстүндө бир топ аракеттенишкен.

“Кызыл Кыргызстан” газетасынын 1935-жылы 14-январда чыккан 12-санында В. Атаевдин “Сурмакан” деген очерки басылат. Очерктин эки артыкчылыгы бар: биринчиси – документалдуулугу жана фактыга таянгандыгы, экинчиси - баяндалып жаткан окуяга, же каарманга автордун берген азыноолак публицистикалык талдоосу. Очерктин аталышы “Сурмакан” деген адамдын атынан эмес, бул жаңыдан уюшулган коллективдүү чарбанын наамы. 1929-жылы Пулген аттуу жаңы уюшулган колгозго жакын жерде сурьма кени чыккандыктан гана жаңы чарба Сурмакан деп аталып, бул чарбанын уюшулушу жана иш жүргүзүүсү баяндалат. Очерктин идеясы колхоздун кандай кыйынчылыктар менен уюшулгандыгын жана арадан бир топ жылдар өткөндөн кийин чарбанын өсүүсү кандай деңгээлге жеткендигин даңазалоо болгон. Бул мезгилге М. Кырбашевдин “Уй сааганда”, Шопоковдун “Ордендүүнүн жолу”, А. Токомбаевдин “Адамдын адамы”, Абдыкалыктын “Баатырдык жол” аттуу ж.б. ондогон очерктери кошулат. Улам мезгил арылаган сайын кыргыз очерктери көркөмдүк жактан калыптана баштагандыгын А. Токомбаевдин “Адамдын адамы” (“Кызыл Кыргызстан”, 1936, №12, 22-июнь) адабий тилинин дурустугу, образ түзүү системасынын артыкчылыгы, автордук көз караштарынын тереңдиги менен өзгөчөлөнүп тургандыгы менен айта алабыз. Автор очерктин негизги каарманы кылып эң көрүнүктүү адамды, пролетариаттын улуу жазуучусу М. Горькийди алган. “Адамдын адамы” мазмун жагынан алганда портреттик очерк. А. Токомбаевдин “Биз балапан кездерде”, М. Элебаевдин “Китеп издегенде”, “Бороонду күн” аттуу жана К. Маликовдун, Саткын Сасыкбаевдин, К. Жантөшевдин очерктери газета, журналдарга мына ушул жылдары жарык көргөн автобиографиялык очерктер болгон. Автобиографиялык очерктердин чыгышын К. Асаналиев “Кыргыз совет прозасынын очерки” деген китебинин биринчи бөлүгүндө мындайча мүнөздөйт:

“Биринчиден, турмуштук жана адабияттык тажрыйбалары тайкы жаш кыргыз жазуучулары өздөрүнүн чыгармалары үчүн көбүнчө автобиографиялык материалдарды пайдаланды.

Экинчиден, эски турмуштун бүткүл адилетсиздигин, чириктигин өз убагы менен массанын арасына тез жеткирүүдө автобиографиялык очерк чыгармачылыкта узак мезгилди талап кылуучу эпикалык формаларга караганда бир топ ыңгайлуу шарттарды түзмөк.

Үчүнчүдөн, автобиографиялык очерк кыргыз жазуучуларын адабияттык тажрыйбага жана көрүнүштөргө байытуу менен бирге эпикалык формага өтүүдөгү көпүрө, өткөөл сыяктуу көрүнүштөрдөн болмок”.

Алгачкы очерктер да өз учурунда оурмандарды сонуркаткан, демек ошол учурдун талабына белгилүү бир деңгээлде жооп бере алган чыгармалардан болгондуктарын таназар албай коюуга болбойт. Алсак, “Колхоз жайытында” аттуу очеркте көркөм чыгармага мүнөздүү сюжет да, теманын логикалык өнүгүшүнө жана анын толук чечилишине ылайыкталган чыйрак композициялык түзүлүш да жок. Антсе да, бул очерк информациялык маалыматтарды гана билдирү менен чектелген газеталык-телеграфтык стилдеги кабарлардан өзүнүн публицистикалуулугу жана анчалык жеткилең болбосо да көркөмдүгү менен айырмаланып турат. Автор мында окуянын ордун, ага катышкан адамдардын аты-жөнүн, кандай иш аткаргандыгын кабарлап коюу менен чектелүүнүн ордуна ошол кездеги кыргыз элинин турмушундагы өтө чоң проблеманын – чарбаны коллективдештирүү маселесинин акырындап ишке ашып жаткандыгын элестүү формада көрсөтүүгө далалаттанган.

Бирок, кыргыз совет адабиятында пайда болгон алгачкы очерктерде пайдаланылган бул ыкма жөн гана фактыларды төбөгө чапкылап, санактан өткөрүү эмес эле. Автор тарабынан очерктин темасына ылайыкташтырылып, ылганып алынган фактылар турмуштук окуянын же көрүнүштүн өзүнөн түз эле келип, кагазга каз катар тизилип калбастан, адегенде автордун аң-сезиминен элеңип өтүп, чыгармачылык лабораториясында кайталап иштелип чыккандан кийин гана автордук ой пикирдин аргументи катары кызмат аткарып келгенин ушул очерктен да көрөбүз.

Көркөм публицистикада бир темага бириктирилген бир нече бөлүмдөрдүн фактыларын, бир идеяга багындырылган бир проблеманын бир нече тармактарын жеке-жеке талдап бүткөндөн кийин, аларды жалпылап келип, конкреттүү бир тыянак чыгарууга автор милидеттүү эле. Бирок, автор ар бир эпизодду өзүнчө калтырып, алардан өндүрүлө турган бирдиктүү күчтүн пайдасын негизги

проблемага тийгизе албай калган. Ошол себептен очерктин бөлүмдөрүндөгү күчтүү аргументтер, көркөм каражаттар, автордун публицистикалык ою бир чеңгелге бириктирилип, бир багытка бет алдырылбай, жалгыз-жалгыз, демек бирдиктүү күчкө айланбай алсыз кала берген.

Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында бир үй-бүлөгө баш кошкон боордош элдердин, өзгөчө революциянын жалынына ширелип, идеясына каныккан орус элинин жардамы менен коомдук өнүгүүнүн бүтүндөй бир капиталисттик баскычынан аттап өтүп, түз эле социалисттик баскычына жете түшкөн кыргыз эли үчүн турмуштун ушунчалык темп менен өзгөрүп, өнүгүшү чынында эле сыйкырдуу жомоктогудай эле көрүндү. Мына ушул учурда өзгөргөн жер, өскөн элдин турмушун ар тараптан терең жана реалдуу чагылдырууда журналисттердин жана адабиятчылардын милдети чоң жоопкерчиликте болгон. Анткени, адабият коомдук турмуштун күзгүсү катарында коомдук өнүгүүнүн артында калууга же үстү жагында делдектеп, ички сырын билбей эле торгойчо таңшый берүүгө эч акысы жок болуучу. Мына ушул талаптын өзү адабиятты турмуш менен үзөңгүлөш болууга үндүгүн. Адабияттын буга түшүнгөн өкүлдөрү Д. Фурманов, А. Фадеев, Ф. Гладков, М. Шаганян ж.б.у.с. советтик адабияттын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн жолун жолдоп, чыгарманын фактыларын турмуштун кайнар булагынын кара чечекейинен алууга аттанышкан. Кыргыз адабиятынын жана журналистикасынын чалгынчылары да эртеден кечке эле редакциялык аппараттын айланасында имерчиктебестен, айыл-кыштактарга тез-тез чыгып, жаңы коомдун жалындуу патриотторунун да жана бүтүндөй эле чарбанын да турмушу менекн тереңирээк таанышууну чыгармачылык иштеринин ийгилигин камсыз кыла турган бирден-бир шарт катары баалашкан.

Кыргыз совет адабиятында очерк жанрынын өнүгүшүнө ири салым кошкон аксакал очеркисттерибиздин бири Саткын Сасыкбаевдин төмөндөгүдөй бир эскерүүсү бар: “”Эркин Тоонун”, “Кызыл Кыргызстандын”, “Советтик Кыргызстандын” өз кабарчысы, кызматкери катарында Тянь-Шандын тоолорун да, Кетмен-Төбө аскаларын да, Ферғананын талааларын да кыдырып, берген тапшырмаларын аткарып жүргөн күндөрүмдү сагынам...! Сүйгөн кесибим, адатым ушул болуучу! Ыраматылык Мукай редакцияда күнүгө: “- Материал бергило, ой! - дегизип отургандан көрө, көк жуурканымды бөктөрүнүп, Ош, Жалал-Абадда жүргөнүм жакшы” – дээр эле. Аны менен да редакцияда далайга чейин бирге иштешип калдым. Командировкага барып келгиле десе сүйүнүп турчубуз.

Редакция качан, кайда гана жибербесин зымырылып кете берээр элек" (Турмуш күзгүсү. Макалалардын жыйнагы. Ф., 1965, 120 б.).

Жаңы замандын өзүнөн жаралган кыргыздын жазма адабиятынын жана жалпы эле басма сөз органдарынын өкүлдөрү коомдук агымдын артында калбай, анын алдыңкы авангардын түзүүгө, ошонун өзү менен коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн жетекчилик ишине көмөк көрсөтүүгө белсеништи. Мына ошол максатка өтө ыңгайлуу адабий каражат очерк жанры экенине алар түшүнүштү. Ошондуктан турмуш шары менен бирге баратып, шилтеп өтүүгө бирден-бир оңтойлуу бул куралды мурдатан пайдаланбагандыгына, аны өздөштүрбөгөндүгүнө карабастан, кыргыздын жазуучулары жана журналисттери көп учурда турмуштук окуяларды өтө оперативдүүлүктө сүрөттөгөн очерктин жаңы түрлөрүн жаратышты. Кыргыз совет адабиятындагы мындай новаторлордун алдыңкы катарында К. Маликов жана С. Сасыкбаевдер болушту. Жыйынтыктап айтканда кыргыз очеркинин калыптанышы жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген факторлор:

- Жаңы коомдук системанын орношу;
- Совет өкмөтүнө пропагандалоо максатын автивдүү ишке ашыруу;
- Орус классикалык адабияты;
- Коомдук жаңылыктарды жайылтуу, элге жеткирүү;
- Эмгекке шыктандыруу, мотивировкалоо;

Чынында ары чакан, ары күжүрмөн аталган очерк жанры тээ 20-30-жылдарда колго алынып, аны мезгилдин окуялары жетилтти. Бул күжүрмөн жанр ошо мезгилдин күрдөөлдүү окуялары – Жер-суу реформасына, колхоздошуу учуруна зор кызмат өтөп берген.

## 3-§ Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы очерктер

Кыргыз очерктеринин өнүккөн этабы 1941-1945-жылдарга таандык. Бул мезгилдеги кыргыз совет прозасы буга чейин эч болуп көрбөгөндөй бөтөнчөлүктө өнүгө баштады. Негизинен прозада "ыкчам" жанрлар өнүктү. Аңгеме, очерк бөтөнчө активдүү аракетке кирди. Дагы бир жолу очерк булардын ичинен коомдун ар кандай кырдаалына сергек мамиле жасоого үгүттөөчү касиети менен айырмалана алды. Каардуу бул жылдарда Жекшен Ашуубаевдин "Жүрөккө кан, денеге кубат берди", Н. Чекменовдун "Аравандын боюнда" ("Советтик адабият жана искусство" – 1942, № 2), Л. Пастников "Кыргыз атчандары" ("Советтик адабият жана искусство" – 1942, № 6), А. Токомбаев "Тянь-Шандык чалгынчы", "Ашырбай", К. Маликовдун "Ленинград согуш

күндөрүндө”, К. Жантөшевдин “Чолпонбай”, С. Сасыкбаев “Нурлан”, Ж. Бөкөнбаевдин “Украина мейкиндигинде”, Т. Шамшиевдин “Генерал Панфилов”, П.В. Соловьевдин “Ашырбайдын сыры”, К. Артыкбев жана А. Табалдиевдердин «Баатырлар сымбаты», «Даңктуу Панфиловчулар» (Ала-Тоо” 1959, № 2), «Баатыр үй-бүлө» (“Ленинчи жаш”, 1958, 19-октябрь), «Элге арналган өмүр. Гаврил Пантелеевдин эрдиги» (кийин «Жүрөгүндө кара жок азамат» деп өзгөртүлгөн), «Эл атагын эр сактайт», «Тоолук шумкар», «Өлчөөсүз эрдик», Т. Үмөталиевдин “Дагы ошол бутум” (“Кызыл Кыргызстан” 1942, 20-сентябрь), У. Абдукаимовдун “Суусамыр окуялары” (“Советтик Кыргызстан” журналы, № 7, 1944) аттуу жана башка ондогон очерктер жазылган. Аталган очерктер дээрлик мезгилдин үнүнө резонанс болуп, согуштагы болуп жаткан окуяларды көрөмдөөгө караганда болгонун болгондой, чындыкка жакын сүрөттөөгө багыт алганы менен баалуу. Кыргыз совет адабиятында өзүнүн пайда болуу этабында очерк социализмди куруу идеяларын элге кеңири жар салган болсо, Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында фашисттик баскынчыларга каршы күрөшүү идеяларын, советтик патриотизмди жана элдердин бекем достугу сыяктуу негизги маселелердин тегерегинде гитлердик баскынчыларга каршы адабий фронт ачты [3, 53-54]. Очерк өзүн турмуштун актуалдуу маселелерин чагылдыра алган оперативдүү адабий курч курал катары көрсөтө алды. Мына ушунун өзү менен эле очерктин тарбиялык-таануу мааниси артып, пропагандисттик, агитатордук жана уюштуруучулук ролу чыңалды.

Согуш темасындагы очерктик чыгармалардын өнүккөн түрүнө портреттик очерк кирет. Портреттик очерк – жеке адамдын бейнеси. Ошондуктан автор эң алгач эмгеги, адамгерчилиги менен үлгү болоор кейипкер издейт. Ал кейипкердин өмүрүн толук билүү, анын эң бир асыл сапаттарын окурманга жеткирүү, чебер психолог болуу – очерктин бул түрүнүн милдети. Маселен, совет адамынын портретин жасаганда, анын эмгектеги эрдигин көрсөтүп гана койбостон, ошону менен бирге анын коммунисттик касиеттерин да сүрөттөйт. Портреттик очерк кур кыялдан турбайт, анын өзөгү өмүрдүн өзү. Натыйжада автор жеке каармандын ички дүйнөсүн ким экендигин изилдейт. Окурман автордун сүрөттөөсүнөн анын социалдык, психологиялык абалын, жүрүм-турумун биле алат. Негизги каармандын образы башка каармандарга караганда ийкемдүүрөөк, турмушка жакыныраак, анын мүнөзүн кененирээк көрсөтөт. В. Канторович портреттик очерктеги башкы каарманга карата “... во множестве случайев сам жизненный материал подсказывает автору реалистический образ человека подвига; нет никакой сусальности в том, что очеркист раскрывает главную пружину

в характере героя, отказываясь дозировать достоинства и недостатки характера: это относится в равной мере и к здравствующим, и к умершим, и даже к вымышленным героям. В-третьих, наконец, надо добиться, права для автора художественного очерка-портрета на свое видение, на свою разгадку характера героя. И так, литературный герой, раз ему суждено появиться на страницах очерка, должен быть и типичным и “частно-лицым”, с “душой”, с характером в его становлении, с заложенными в нем возможностями дальнейшего развития” деп белигелеген [6, 223-225].

Немецтик фашисттерге каршы болгон Ата Мекендик Улуу согуштагы советтик адамдардын патриотизмин даңазалоо идеясы согушту жек көрүү идеяларын чагылдыруу сыяктуу эле согуш мезгилиндеги очерктердин негизги пафосун түзөт. Л. Жариков “Манастын тукуму” аттуу очеркинде Советтер Союзунун Баатыры Дүйшөнкул Шопоковдун укмуштуу эрдигин даңктаса, К. Жантөшев “Чолпонбай” аттуу очеркинде Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин, С. Сасыкбаевдин “Нурлан” аттуу очеркинде Нурлан Бозоевдин, К. Маликов “Алгыр” аттуу очеркинде Д. Асановдун баатырдыктарын сүрөттөшкөн. Ошентип кыргыз адабиятында бир катар баатырлардын портрети жаралып, алар тууралуу бир эле эмес, бир нече чыгармалар жазылган. Калемгерлер Чолпонбай, Дүйшөнкул, Ашырбай сыяктуу баатыр уулдардын согуштагы каармандыктары жөнүндө көп кырдуу чагылдыра алышты. Мындай эрдиктер тууралуу А. Токомбаев “Ашырбай” аттуу очеркинде үч баланын атасы, Саадаттын өмүрлүк жары, колхоздун иштерманы, “ыш жыттанган боз үйдө төрөлүп-өскөн, койчунун уулу” Коёнкөзов Ашырбай 138 душмандын аскерин жок кылган жана 75 душмандын аскерин “тил” катары тирүү колго түшүргөн бул баатырдын окуялары чынында да легендарлуу, адам таң кала турган окуялар болушу мүмкүн эле. Бул цифраларга ишенүү да кыйын өңдөнгөн менен согуш учурунда ушул сыяктуу легендарлуу окуялар кезикпей койгон эмес. Автор бул чыгармасында очерктин мүмкүнчүлүгүн кеңири пайдаланууга аракет жасаган. “Многие писатели с первых дней войны старались писать очерки, опираясь только на факты и реальные события. Как всегда, одним из первых за тему войны взялся А. Токомбаев, написавший очерк “Ашырбай”, в котором с достаточным мастерством писатель сумел раскрыт характер личность героя-кыргызстанца Ашырбая Коенкозова, мотивы его мужества, которое не было заметно в быту, в нормальной жизни, да и он никогда не стремился к показным геройствам, но оно проявилось во время трудных испытаний войны” [4, 177]. Автор очерктин сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүн чеберчилик менен пайдаланган.

Өзү согушка барып, Ашырбайдын эрдик иштерин болгон жерлеринде иликтеп көрбөгөн соң, автор анын окуяларын өзү баяндабастан, Ашырбайдын өзүнө айттырат. Бир жолку тапшырмаларда Ашырбай душмандын танкаларынын санын так билип, алардын кай жакка багыт алгандыгын аныктап келүү милдети жүктөлөт. Чалгынчылар бул милдетти көп кыйынчылыктар менен аткарышат. Ашырбайдын маңдайына күтүлбөгөн жерден эки фашист даяр болот. Ал дароо эле экөөнү эки жерге жаткыза чаап, туткунга алып, арттагы аттуу чалгынчыларга жеткизип берет. Ашырбай бул баянды кадыресе эле боло берчү окуядай, эч кандай майда чүйдө окуясына токтолбой дүңүнөн гана айта салат. Анын баяндоо манерасынан эле ага таандык кээ бир мүнөз өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Майда-барат нерсени көп байкас албаган, ала көөдөнүрөөк, анча-мынча менменсинүүчүлүктүн да жышааны бар адамдай көз алдыга элестейт, мындайча айтканда, эр жүрөк адамдарга мүнөздүү кээ бир касиеттердин бар экендиги сөзүнүн уюткусунан эле билинип турат. Албетте Ашырбайдын баяндоолорунда анча-мынча болсо да апыртуу сыяктанган эпизоддор кездешет. Ал душманды “түлкү алган бүркүттөй атылып барып басып калат”. Ашырбай чалгынчы катары өзүнүн ишине так, дилгирлик жана амал-айланы да ойлонуп иш кылгандыктан, өзүнүн жолдошторун аман сактап калып, душмандын чегине кантип кирүүнүн жолдорун туура пайдалана билген чыныгы көрөгөч согуштук каарман. Жашынан фольклордук традицияда тарбияланып чоңойгон Ашырбайдын баяндоосунда элдик оозеки чыгармачылыктын да таасиринин болушу толук мүмкүн. Эмнеси болсо да бул очеркте баяндоочу өз образын өзү ачып, өзүнүн эрдик иштеринен кадимкидей элестүү кабар бере алган. Айрым кем-кетиктери менен бирге очерктин өз жанрынын талабында жазылгандыгын автордун дурус аракети катары кароого болот. П.Ф. Соловьев дал шул баатырдын эр жүрөктүүлүгүн “Ашырбайдын сыры” аттуу очеркте баяндаган. Мында да Ашырбай бир канча тирүү “тил” кармап, согуштук операцияларды жеңиштүү аткарып, немецтик баскынчыларга өзүнүн “Мен немецтерди көргөндө коркпойм, аларды качырып жибербесем экен деп согушам” [6, 62] деген көкүрөк сыры менен каармандыкты жаратып, кыргыз элинен фронтко келген “канжар”, “Баатырдык көрсөткөндүгү” үчүн медалдары менен сыйланган жана өз жанын Ата Мекенине арнап, согушта курман болгон бүткүл совет элинин баатыры. Ашырбай Коёнкөзов жөнүндөгү очерктердин жаралышы анын баатырдыгынын ашыкча деле апыртылбагандыгы, себеби чыныгы кыргыз жигиттеринин жасоочу эрдиктери болгону үчүн чыгармага негиз болду.

А. Токомбаевдин “Тянь-Шандык чалгынчы” аттуу очерки документалдуулугу менен жана анын образы ошол согуш мезгилиндеги миңдеген Ашырбайларга (чалгынчыларга) мүнөздүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Бул очерк да өзүнүн мазмуну менен көркөмдүүлүгү жагынан аңгемеге аздыр көптүр жакындап тураарлыгы адабиятчылар тарабынан белгиленген. Бирок, аңгеме менен очерктин үн алышып турушу, ал экөөнү аралаштырууга же толугу менен окшоштурууга укук бербейт.

Фронтто жоокерлер эл үчүн, мекен үчүн кармашып жатышса, тылда эмгекчилер жеңиштин тез келиши үчүн кадим фронттогу баатырларча күнү-түнү эмгектенип жатышты. Мына ушул баатырдык эмгектерди кабарлаган ондогон очерктер газета жана журналдардын беттерине үзгүлтүксүз жарыяланып турду. Алардын катарына К. Маликов менен Ж. Бөкөнбаевдин “Аламүдүндү бойлоп”, Касымбек Эшмамбетовдун “Буденный району”, К. Маликовдун “Суудагы кыз”, “Үч келин”, “Кубат менен Насыкул” аттуу ж.б. ондогон очерктери кирет. Демек, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында да очерк жанры өзүнүн оперативдүүлүгүн толук көрсөтө алган. Бул мезгилдеги очерктер согуштук каармандары менен, т.а., жалтанбас, тайманбас эр жүрөк уулдарын баяндоо ыкмасында өсүү жана өнүгүү деңгээлине ээ болуп, эстетикалык касиетинин артыкчылыгы менен окуучуларды кызыктырды.

Ж. Бөкөнбаев өзүнүн “Украина мейкининде” деген очерктин жупуну гана “жазуучунун чөнтөк дептеринен” деп атаган. Автор бул очерктин Кыргызстандан Украина өлкөсүнө материалдык жардам алып барган делегация менен бирге Украинанын шаарларын кыдырып, көрүп келгенден кийин 1944-жылы жазган [4, 176]. Очеркте эсте кала турган согуштук эпизоддор жана бир катар советтик адамдардын элестери сүрөттөлгөн. Бири көкүрөгүнөн, экинчиси бутунан жарадар болгон эки советтик жоокердин душман менен акыркы деми калганча салгылашып жатып курман болушкандыгы, он үч жашар Лиза деген кыздын атасы үчүн өч алып, немецтердин мунарасына жашыруун чыгып советтик желекти илип койгон эрдиги, атасын атып, эки баласын үңкүргө тирүүлөй камап өлтүргөн фашисттердин мыкаачылыгы, дагы ушул сыяктуу бир катар эпизоддор бул очеркке камтылган. Кыргызстандан барган колхоз жетекчилеринин Украинанын чабылып, чачылган колхоздоруна жардам берүү жөнүндөгү конкреттүү убадалары, акырында армиянын генералы Ф.И. Толбухин менен болгон жолугушуудагы кыргыз жоокерлеринин мыкты солдаттар катары душмандар менен баатырларча салгылашып жатышкандыгын жогору баалап айткан генералдын сөздөрү очеркти окуган окурмандын

патриоттук сезимин козгобой койбойт. Кыскасы, очерк жөнөкөй, кыска, ачык даан сүйлөмдөр менен жазылып, өз ичине көп мазмунду камтыган жана ачыык элес бере турган эпизоддорду сүрөттөө аркылуу анын көркөмдүк таасири жогорулаган. Автордун "Дүйшөнкул" аттуу очерки да дал ушул планда жазылган. Даңктуу панфиловчул 28 баатырдын бири болгон Дүйшөнкул Шопоковдун басып өткөн өмүр жолу бир кыйла толук баяндалган. Бирок автор эмнегедир Дүйшөнкулдун фронттук турмушунан эч кабар бербей анын эрдик көрсөтүшүн, ал эрдиктин кандай ишке ашкандыгын сүрөттөп элестетпестен, жөн гана баяндап койгон. Ошондой эле ага чейинки басып өткөн өмүр жолунун кээ бир учурлары да жөн гана саналып өткөн. Анткени менен бул очеркти окуган окуучу андагы маалыматтарга кайдыгерлик менен мамиле кылбайт. Анткени фактылардын тандалып алынышы жана кызыктуулугу анча-мынча болсо да окуучуну өзүнө тартып турат. Адатта, адабият чөйрөсүндө "аңгеме жазыш – роман жазгандан оор" деген акыйкат айтылган канаттуу сөз бар. Ушул эле сөздүн ордун которуштуруп: дегеле көркөм чыгарма жазганга караганда очерк, публицистика жазыш тозоктун тозогу десек апыткандык болбос. Анткени, аталган жанрлар көркөм адабияттын башка жанрларына таандык касиет-белгилерди да зарыл талап этет, ал турсун, илимдин бардык тармактарынын соңку жемиштери менен да табигый түрдө азыктанып турат [9, 135]. Саткын Сасыкбаевдин "Нурлан" аттуу көлөмдүү очерки повестке тете чыгарма десек аша чапкандык эмес. Жыгач уста Бозой уулу Сакебайдын үч уулу, бир кызы болгон. Анын жыгач усталыгын өрнөк кылган ортончу уулу Нурлан таман акы, маңдай тер менен эмгектенип, колхоз турмушун аркалап, "ак эмгек-үзүрлүү өмүр" деген тилегине согуш каршы келип, мекен алдында өз милдетин өтөө негизги жигиттик парз экенин сезип, үй-бүлө, тууган эл, Ата Мекенин таштап согушка аттанат. С. Сасыкбаевдин Нурлан Бозоеву согушка чейинки партиялык кызматта иштеп жүргөн, анан Ленинрадда окуп жаткан мезгилде согуш чыгып, өз ыктыяры менен фронтко кеткен, кийинчерээк атчандар дивизиясын түзүшүп, андан фронтко баргандан кийин баатырларча курман болгон адам. Очеркте Нурландын кыймыл-аракетине көбүрөөк көңүл бөлүнөт, ал эми анын ички дүйнөсүн сүрөттөө жагы солгунураак (К.А. XX. 159-б). Башка эр жүрөк мекендештериндей эле Бозоев Нурлан каармандык көрсөтүп, баатырларча курман болуп, сөөгү мекенине эмес, кандуу согуш талаасына, же П аттуу поселокко коюлат. Согуш темасындагы С. Сасыкбаевдин "Күрөш күндөрүндө", "Шаңдуу чабуул", "Днепрден өткөндө", Т. Шамшиевдин "Генерал Панфилов", ошондой эле Д. Шопоковго, К. Шопоковага арналган портреттик очерктер жарык

көргөн. Ал эми согуш темасындагы жол очерктеринин ичинен К. Маликовдун "Ленинград согуш күндөрүндө" очерки жогорку көркөмдүк жана документалдык мазмунга ээ, б.а., жанрдын талабына аздыр-көптүр жооп бере ала турган деңгээлде жазылган. Башкасын эске албаганда да Ленинграддын согуш мезгилиндеги абалын көз алдыга келтире турган көп маалыматтарды К. Маликовдун очеркинен алууга болот. Ленинград менен кыргыз элинин бир туугандык байланышын, кыргыздын баатыр уулдары Крым менен Донбасста, Смоленск менен Старая Руссада Лениградды сактап калуу үчүн эр жүрөктүк менен күрөшкөндүгү, жеңилбес Ленинград жана орус элинин баатыр уулдары [8, 52], эки элдин капсалаң уруштагы алака карым-катышы, согуш талаасындагы окуялар баяндалып өтөт.

Ошентип кыргыз жазуучулары согуш темасын аңгеме, очерк сыяктуу жанрларда "Кыргыздын атактуу балдары" аттуу сериялуу жыйнактарда жарыялап турушту. Белгилүү адабиятчы К. Артыкбаевдин калемине таандык очерктер Советтер Союзунун Баатырлары И.В. Панфилов жана анын кужүрмөн дивизиясы, Д. Шопоков жана К. Шопокова, Ч. Түлөбердиев, Г. Пантелеев, Николай Рудь жана башка эр жүрөк каармандардын Ата-Мекенин коргоодогу эрдиктери, мындан сырткары карапайым калк арасынан чыккан, жалаң мээнеттен баар тапкан эмгек баатырларына арналып, бул өз мезгилине үндөшүп, эл баатырларын элге даңазалаган милдет өтөгөн [5, 221-289]. Улуу Ата Мекендик согуштун эр жүрөк баатыры Чолпонбай Түлөбердиев жөнүндө "Өлчөөсүз эрдик" аттуу очеркин жазып, окуяны иретин бузбай башынан баяндап, Чолпонбай суранып жүрүп согушка аттанып, бир канча убакыт кылдат согуштук даярдыктан өтүп, согуштун сырларын түшүнүп, ошол учурларда жүрөгү өрөпкүп, алдыда болчу "эрдиги" сүрөп, тынч жаткырбай шаштырып, акыры согуштук чабуулга да катышып, али комсомолдук ант бере элек, бирок жүрөгүндө жалындуу комсомол болуу тилеги биротоло уялап, "Эл үчүн, Мекен үчүн!"деген гана ойду ойлогон Чолпонбай ротасы менен Дон суусунун батыш өйүзүндөгү тынымсыз аткылап жаткан душмандар ДЗОТуна барып, советтик аскерлердин тигил өйүзгө өтүүсүнө жол ачуу үчүн шамдагайлык менен өйүзгө сүзүп өтүп, белиндеги гранаталарды биринин артынан экинчисин душмандардын ДЗОТуна карай ыргытып, эң акырында "арыстандай атырылып, ордунан ыргып туруп, душмандын амбразурасына өзүнүн алп денесин тосуп, оо укмуш! Мындай эрдикти ким көрүптүр! Анын жүрөгүн миңдеген ок аралабадыбы. Мүмкүн андан кийин бир да ок сыртка чыккан эместир" деп жазып келип толкунданууга, буулугууга жана ызалануу менен шыктанууга жетелейт, очерктин пафосу да дал мына ушул жер,

“Чолпонбайдын бул эрдигинен кийин душмандын бир да огу сыртка чыккан эмес”, согуштун жеңиш менен аякташына дал келген фраза. Ошентип Чолпонбай аркылуу жеңишке жеткен Совет аскерлери, ок тамтыгын калтырбай тешип өткөн Чолпонбайдын денеси Дон суусун боюндагы Селявное кыштагына коюлгандыгы баяндалат. Очерктин акырында анын чөнтөгүндө сүйгөнүнө арналып, бирок бүтпөй калган кат табылгандыгы да айтылып өтөт. К. Артыкбаев көркөм сөздүн күч кубатын жана каармандыктын ширелишкен бүтүндүгүн очерктин аталышында эле далилдеп, өлчөөсү жок эрдиктин ээси Ч. Түлөбердиевдин баатырдык портрети менен Ата Мекендин тарыхый уулунун образын жаратат. “Тоолук шумкар” аталган Николай Рудь жана “Жүрөгүндө карасы жок азамат” аталган Гавриил Пантелеевдер да экинчи дүйнөлүк согушта эрдик көрсөткөн эл баатырлары жөнүндө, алардын баатырдыктын символун алып жүргөн жаркын элестери образдуу чагылдырылган портреттик очерктер. Улуу Ата Мекендик уруштун көркөм чагылдырылышы кыйла эле татаал, карама-каршылыктуу эволюцияны басып өткөндүгү белгилүү. Уруш биринчи иретте жеке адамга, анын үй-бүлөсүнө, жамаатына, коомго оор сыноо, опсуз трагедия алып келери, жөнжай адамдардын тынч турмушу бузулуп, пенде баласынын жайчылыкта билинбеген эмоциясын ачыкка чыгарып салчу куралдуу кагылыш. Улуу жеңишке жол ачкан, Мекендин бейпилдигин гана ойлогон, кыргыздын карапайым уулу Ч. Түлөбердиев тууралуу дагы бир очеркти К. Жантөшев жаратты. Турмуштун согуш алып келген мүшкүл апааты ар бир адамды, жоокерди эле эмес, тылдагы ар бир инсанды кайдыгер калтырган жок. Ар бир инсан өзү, жеке керт башы менен жеңиш күнүн жакындатуу үчүн аракет жасаган мезгил эле. Натыйжада мурда болуп көрбөгөндөй эрдик, мурда талап кылынбаган инсанияттын ички руханий муктаждыктан келип жаралган жаңыча мүмкүндүктөрүн ачкан. Ошонун натыйжасында Чолпонбай Түлөбердиев жалын чачып, бир мүнөт токтоо бербей атылып жаткан жамгырдай ок бүркүп турган замбиректин оозуна денесин тирүүлөй тосо койгон. Бул жомоктогудай, эпостогудай эрдик болсо да, чындык эле. Бул укмуштуудай эрдик ар бир советтик элди жаңы эрдиктерге шыктандырган. Ушундай мүнөздөгү эрдиктердин массалык түрү катары Волокаламск шоссесиндеги Дубосеково разъездинде Москваны коргоо үчүн болгон согуш баарына маалым. “Артыбызда Москва турат” деген ураан ошол согуштагы 28 баатырдын душманга көрсөткөн эрдик окуясы азыркыга чейин ылакап болуп сакталып келатканы бекер эмес. Чолпонбай, Ашырбай, Дүйшөнкул сыяктуу образдар мыкты үлгү боло алмак. Кыргыз адабиятында бул талап очерк жанрында жогорку деңгээлде аткарылып, эстетикалык идеясын өзүнүн оң каармандары

аркылуу ишке ашырган. Баатырлардын жаркын элесине арналган чыгармаалардын топтому “Кыргыздын атактуу балдары” сериясына чыгып турган. Серия болуп чыккан очерк, аңгемелер согуштун оор күндөрүндө кыргыз элинин каарман уулдарынын өмүр жолун, фронттук турмушун аздыр-көптүр сүрөттөп, өз учурунун таламын белгилүү даражада өтөй алган (Сыдыкова Р. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы (40-80-жж. Бишкек 2013. 50-б).

К. Артыкбев Асанбек Табалдиев менен бирдикте Кыргызстандын жалтанбас уулдары, Советтер Союзунун Баатырлары тууралуу «Баатырлар сымбаты», «Даңктуу Панфиловчулар» (Ала-Тоо” 1959, № 2), «Баатыр үй-бүлө» (“Ленинчи жаш”, 1958, 19-октябрь), «Элге арналган өмүр. Гаврил Пантелеевдин эрдиги» (кийин «Жүрөгүндө кара жок азамат» деп өзгөртүлгөн), «Эл атагын эр сактайт», «Тоолук шумкар», «Өлчөөсүз эрдик» [1], «Ак алтындын устаты» (“Ленинчи жаш”, 1958, 25-октябрь) ж.б. очерктерди жазган.

Очерк белгилүү деңгээлде коомдук жүктү көтөрүп турган, турмуштук кырдаал күн тартибинде чагылдырылган, т.а. аңгеме, романдарга салыштырмалуу адамдын тагдыры гана эмес, күн, убакыт-сааттын турмуштун алкагында уланышы, андагы коомдук нравалуулук, экономика, саясатты өз мерчеминде колдонуучу спецификалык өзгөчөлүккө [2] ээ чыгарма. Ар бир доор адабиятчы же жазуучу үчүн өз талабын коюп келгендиги шексиз көрүнүш. К. Артыкбаевдин очерктерине саресеп салсак идеялык-тематикалык, көркөмдүк-эстетикалык жактан үндөшүп, бирин-бири мазмундук жактан толуктап, б.а. Советтер Союзунун Баатырлары И.В. Панфилов жана анын күжүрмөн дивизиясы, Д. Шопоков жана К. Шопокова, Ч. Түлөбердиев, Г. Пантелеев, Николай Рудь жана башка эр жүрөк каармандардын Ата-Мекенин коргоодогу эрдиктери, мындан сырткары карапайым калк арасынан чыккан, жалаң мээнеттен баар тапкан эмгек баатырларына арналып, бул өз мезгилине үндөшүп, эл баатырларын элге даңазалаган очерктер катары саналат.

Советтер Союзунун эмгекчилеринин бул эрдиги баатырдык катары саналып, баатырлар баянынын сап башында көрсөтүлөт. Көркөм очерк андан ары И.В. Панфилов дивизиясынын каармандыктары менен улантылат. Очерк жазуучудан турмушту терең билүү гана эмес, актуалдуу коомдук маселелерге карата оригиналдуу ойлорду айтуу менен аларды пропагандалоону талап кылат. Генерал И.В. Панфилов биринчи дүйнөлүк согушта унтер-офицер катары пехоталык полкто кызмат өтөйт, андан Улуу Октябрь революциясынын орношу менен Кызыл Армиянын катарына өз ыктыяры менен өтүп, Совет өкмөтүнө кызмат кылат, бирок Панфилов 72 жашка чыкканда экинчи дүйнөлүк

согуш чыгып, тарыхый 316-дивизияны Кыргызстан менен Казакстандын эң мыкты коммунисттери жана комсомолецтеринен тандап айтылуу «28 панфиловчулар» дивизиясын түзүп, 1941-жылдын күз айларынан баштап германдарга чоң сокку урган, согуштук тактикасы жагынан да, тандалган аскерлери жагынан да алдыңкы дивизия аталып, бирок улуу согушта көп эрдик көрсөтсө, көп кыргынга да учураган баатырлары менен тарыхта калган дивизия болду. Алардын согуш учурундагы айткан анттары менен тарткан азаптары жана көрсөткөн эрдиктери өнүгүү тартибинде баяндалып, арасында Гитлер менен Напалеон салыштырылып, алардын кетирген кемчиликтери, Москваны «аз убакытта багындырып алабыз» деген жаңылыш ойлорунун натуралыгын далилдеген баатырдык соккулар, жан аябай, өмүрдү кыл учуна байлаган каармандыктар, тылдагы кыргыз элинин азык-оокат жана башка белектер менен аскерлерге дем берген иш-аракеттери, согуш талаасы, андагы ак жүрөк пенделер, аскерлер, баарынын башын бир максатка бириктирген улуу идея - жаркын келечекке деген ишеним экендигин көз алдыга тарткан картина келип чыгат. Ошондой эле согуштагы калчанган өмүр түркүн күндү өзүнө сиңирип, же биротоло кыйылган, же өлүп кайра тирилген жандар, азап менен жыргал, кубаныч менен кайгы, бар же жок, жөнөкөй же атактуу, т.а. согушта өлдү деп кара кагаз алып, кан жутуп сыздап, бирок келечек үчүн жанын үрөгөндөрдүн бактысына төрт үй-бүлөнүн эр азаматы тирүү чыккандыгы, алар Иван Шадрин, Григорий Шемякин (Кыргызстандык), Ларион Васильев жана Дмитрий Тимофеевдер батыр 28 панфиловчулардын катарында согушуп, өз катарларын ар кандай согуштук талааларда жоготуп, Шадрин туткунга түшүп, Шемякин узак убакыт госпиталда жатып калгандыгы (эс-учун билбей), мындан сырткары Кыргызстандык комсомолдор: «Абдрашит фашисттерди окутуп жатат» деген ат алган «Минометчик комсомолец Баатырбеков Абдрашиттин 350 фашистти кырып, 10 авто машина, 19 пулемотту жок кылгандыгы», көзгө атар мерген жана чалгынчы Ашырбай Коёнкөзовдун чалгындары, өзгөчө эрдик көрсөткөн Таластык бригадир Тарада, снайпердик искусствонун чыныгы ээлери болушкан Токтосун Абдылдаев, Алымкул Абдылдаевдер ж.б. көп кыргыз жоокерлеринин [1] өрнөктүү иштери ошол мезгилде жана бүгүнкү күндө келечек муунду, жаштарды мекенди коргоого чакырык салып, Улуу Ата Мекендик согушта кыргыз жоокерлеринин көрсөткөн эрдиктери сыймыктануу жана даңазалануу менен баяндалып өтөт. К. Артыкбаев баатырлардын сымбатын башынан өткөргөн согуштук күндөрүн баяндоо менен көркүнө чыгарып, ошол эле учурда Совет өкмөтүнүн баатырларга жасаган ардактуу мамилеси, көргөзгөн сый-

урматы, алардын атын адамзат тарыхына жазып, очерктерде, көркөм прозаларда, ырларда сактаарын, аздектээрин далилдегендей, кан күйгөн согуш, улуу жеңиш, тууган жер, жарыкчылык дүйнө, анан жай турмуштан, ак эмгектен ыракат алуу экендиги менен очеркти аяктаган.

«Илимдин, адабият менен искусствонун ири өкүлдөрүнүн журт алдында өтөгөн ак кызматы сезондуулуктан оолак келип, өзүнүн узак өмүрлүү болорлугу менен өзгөчөлөнөрү эчактан белгилүү» деп жазат К. Артыкбаев жазуучу Ш. Садыбакасов жөнүндө [3], таасын айтылган ой. "Анткени, таланттын, өнөрпоздуктун, ашкере жөндөмдүүлүктүн жана изденгич эмгекчилдиктин өрнөгү адам баласы үчүн өзүнүн таасирдүүлүгүн узак убакыттар бою сактаары" [3, 151] К. Артыкбаевдин көркөм очерктериндеги каармандарынан көрүүгө болот. Мезгилинде Дүйшөнкул Шопоковдун ысымы менен ант берип, "баатырдыкка", "эрдикке" аттанып, анын үзүрү көрүнүп, натыйжада Социалисттик Эмгектин баатыры З.Кайназарова баш болгон эл баатырлары чыккан. Б.а., Москваны коргоодо жан аябай салгылашып, кыргыздын сепилдей уулу Д. Шопоков "Москваны фашисттердин бутун бастырбайбыз!" деген ураан менен акыркы дем тартканына чейин азыктанып, баатырларча курман болуп, аз өмүрү менен көпкө өрнөк калтырып, Улуу Ата Мекендик согушта кыргыз элинин баатырларынын даңктуу тизмесине биринчи жазылгандыгы жөнүндө жана жубайы Керимбүбү Шопокова да баатырдын баатыр жубайы катары ак эмгегин көрсөткөн үй-бүлө тууралуу "Баатыр үй-бүлө" аттуу документалдуу очеркинде көркөм баяндайт. Очерктеги үй-бүлө каармандары аркылуу келечек муунду эмгекке шыктандырып, тайманбастыкка, Мекенге кызмат кылууга үндөө бул баатыр инсандардын, коомдун алдындагы негизги парз экендигинен милдеттендирет.

К. Артыкбаевдин көркөм очерктеринде тилдик каражаттар өз ыгы менен пайдаланылып, окуялар жайынча баяндалып, чечүүнү талап кылган конфликтсиз, бирок фактылардын айкындуулугу, документалдуулугу жана каармандардын тарыхыйлуулугу, тематикалык үндөштүгү жана ага дал келген терең идеялуулугу очерктин негизги талабын аткарып турат. "Но человек в его творчестве (очеркист) опять-таки частица саморазвивающегося общественного, исторического процесса. Герой очерка интересен прежде всего тем, что он представляет какие-то стороны общественного сознание, позволяет понять какие-то тенденции исторического развития" [2, 140]. Демек, адабий чыгармалардын сырын кылдат талдаган К. Артыкбаев өз очерктеринде бул мүчүлүштүккө жол бермек эмес, тескерисинче, эл баатырларынын портрети аркылуу Совет Өкмөтүнүн идеологиясын тамырлантып, коомдун алдыга койгон максатын дааналатып, ачык эле

милдеттендирип, адабияттын бул жанрында өзгөчө чебер экендигин тастыктады. Б.а. коммунизмди куруу үчүн келечекке карай жапа тырмак күрөшүү зарылдыгы сиңирилген советтик очерктерге М. Горькийдин “По Союзу Советов”, В. Овечкиндин “Районные будни” ж.б. А. Токомбаевдин «Тянь-Шандык чалгынчы», К. Маликовдун «Ленинград согуш күндөрүндө», «Алгыр», К. Жантөшевдин «Чолпонбай», Ж. Бөкөнбаевдин «Украина мейкиндигинде, С. Жусуевдин «Жеңишке жеткен жол», «Кан аккан катал майданда», «Каардуу кармашта», «Мекендин жоокери», И. Исаковдун «Эрдикке чакырган майдан» очерктерин мисал келтирүүгө болот.

Согуш мезгилиндеги очерктер жалпысынан:

- Каардуу, каргашалуу согуштун жергебизди каптаганы;
- Баатыр болчу кыргыз жигиттеринин майданга өз эрки менен сурануусу;
- Согуш учурундагы каармандыктары, эрдиктери;
- Баатырдык менен курман болушу;
- Кайтпас тапшырмага өзүнүн суранып барышы жана кайтпай калашы;

Согушта эрдик көрсөтүү менен баатырдыкты сүрөттөө салтын ата-бабадан бери өзүнө сиңирип руханий жактан туйтунган кыргыз жазуучулары албетте бул баатырлардын эбегейсиз эрдигин кандай формада болбосун чагылдыруу аракетин жүргүзүшмөк. Эр азаматтардын патриоттук бийик жана чексиз кызматтары, керт башынын кызыкчылыгын экинчи катарга коюп, эл үчүн, жер үчүн жапжаш, күлгүндөй курагын тартуу кылганы советтик элдин ошол учурга өзгөчө маани берүү менен баскынчыларды кандай да болсо Мекенге келтирбөө аракети кыргыз элинин уулдарына эне сүтү менен кошо бүткөн бийик касиет экенине ынандыра алышты. Согуш мезгилинин башкы жана негизги көрүнүшү оперативдүүлүктү талап кылды. Адамзатка согуштан артык оор сыноо жок, ошондуктан согуш майданында курман болгон жоокерлердин элеси адабиятта түбөлүк өчпөс образдарды жаратып, улам мезгил өткөн сайын адам аң-сезиминде жаңыртылып туруучу темалардан экендиги белгилүү. Совет элинин тарыхындагы бул маанилүү этапты адабият ишмерлери көркөм чыгармалар аркылуу Ата Журтка чексиз берилгендиктин мол башаттарын, калкыбыздын рухунда купуя жаткан нравалык касиеттерди, социалисттик гуманизм идеяларынын улуулугун кастарлап ачып берүүгө, аны менен согуш майданында курман болгон эр-азаматтарга ак ниеттүү эмгектери менен адабий эстелик тургузууга аракеттенишкен [1, 9]. Чынында Улуу Ата Мекендик согуш темасы адабияттагы туруктуу жана ыйык темалардын бири, б.а., совет элинин

кан күйгөн согуштагы эрдиги жана оор азабы ар мезгилде да адабияттагы негизги темалардан болуп кала берээри бышык. Натыйжада искусствонун бардык жанрларында согуш темасындагы улуу чыгармалар жаралган. Очерк жанры оперативдүү, чапчаң жанр болгондуктан проза чеберлери жана журналисттер күн тартибиндеги бул маселени өз кезегинде чагылдыра алышмак жана эр жүрөк жоокерлердин эрдигин узак убакытка көркөмдөөнү талап кылбай, кайра тескерисинче алардын баатырдыгы реалдуу түрдө тез арада адабий каарман катары чыгармада жаралып турган жана бул катардагы совет жоокерин, же тылдагы карапайым элди согуштун каарынан үшүтпөй, коркуунун ордуна эрдикке сүрөп, шыктандырып турган. Очеркист үчүн эң башкысы, биринчиден, турмуштук фактылардын ичинен эң эле ирдүүсүн, жалпылоочу күчкө ээ боло турганын табуу; экинчиден, табылган фактыны окуучунун жан дүйнөсүн толкундатчу деңгээлде жаза билүү. Мында автордун кыялдануусу, кошумчасы (вымысел) турмуштун конкреттүү көрүнүшүн, окуясын көркөм анализдөө милдетине толугу менен баш ийдирилүүгө тийиш. Очерк жанрында сүрөттөлгөн окуялардын, фактылардын, каармандардын чыныгы турмуштук болуп, очеркист тарабынан эстетикалык аспектте иштелип чыгышы, өлкөбүздүн улуу курулуштарындагы кайнаган эмгекти көп миллиондогон окурмандардын көз алдына элестүү тартып, муну менен таалим-тарбиялык, аңдап-билүүчүлүк милдетти өтөшү табиягый көрүнүш. Очерк дал ушул сапаттары аркылуу өз жүзүн көрсөтүп келген жана аны менен өз жашоосун улантат [2, 146].

А. Табалдиев: “Жаңы герой азыр турмуштун түрдүү тармактарында күн сайын, саат сайын, а түгүл секунд сайын да пайда болуп жатат. Ал эми алардын иштерин кечиктирбестен өз убагында адабий календарга түшүрүп, анын келечегине алдын ала көз жүгүртүү менен адабияттын калган жанрларына кабар берүү негизинен очерктин гана колунан келет. Ошондуктан ал адабияттын “чалгынчысы” деген ардактуу наамга ээ болгондугу белгилүү” деп очерк башка чыгармалардын жаралышы үчүн жазуучунун очерк аркылуу көргөн даярдыгы, такшалуусу жөнүндө кеп козгоп жатат.

Бул маселе боюнча белгилүү очеркист В. Овечкиндин “Колхоздук тема жана адабият” деген макаласында өтө таамай айтылган: “Азыркы мезгилде – очерк – изилдөө оперативдүү жанр катары өтө зарыл деп ойлоймун. Эгерде, биздин бүткүл адабиятты коммунизм үчүн болуп жаткан идеологиялык күрөштүн фронтунда чабуул жүргүзүп жатат десек, анда очерк, алга жиберилген анчалык чоң эмес чалгындоочу отряд болуп эсептелинет”.

Жыйынтыктап айтканда, согуш жылдарындагы жана согуш

темасындагы очерктик чыгармалар кыргыз адабиятында белгилүү деңгээлде өнүгүү баскычына көтөрүлүп, тарыхый-баатыр каармандарды өз мезгилинде даңазалоо милдетин өтөп, карапайым калкты келечекке, тынчтыкка, бейпил турмушка үндөп, көркөмдүк-нравалык, социалдык-турмуштук жактан мазмуну чыңалып, тарбиялык мааниси таамай ачылган жанр катары өз ордун ээлей алган жана очерк жанрынын мындан аркы өнүгүшүнө чыйыр салган.

### 4-§ Согуштан кийинки жана 60-70-жылдар: идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү жана социалдык-философиялык концепциясы

Очерк жанрынын республикалык басма сөздөрдө мурда болуп көрбөгөндөй кеңири өөрчүй баштаган мезгили Ата Мекендик Улуу согуштан кийинки жылдарга таандык. Анткени, бул жылдарда очерк республикалык масштабдагы ири-ири газета журналдардан тартып, областтык прессаларга чейин, райондук газеталардан тартып колхоздук, совхоздук фабрикалык-заводдук көп тираждуу газеталарга чейин кеңири тарай баштады. Мунун өзү, биринчиден, согуштан кийини күрдөөлдү учурдун талабы прессалардын алдына очерк жанрын үзгүлтүксүз жана кеңири пайдаланууну талап кылып отурса, экинчиден очеркке болгон окуучулардын кызыгуусу токтоосуз артып турган [К. Осмоналиев Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. Фрунзе- “Кыргызстан” басмасы, 1980, 32-б.].

50-жылдан 80-жылдарга чейинки очерктик каармандардын ишмердигине Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы негизги мотив болуп турган. Жаңы адамдардын образын түзүүнү Бакен Ашымбаев өзүнүн “Алар окумуштуу болот” очеркинде максат кылып койгон. Чыгарманын мазмуну командировкада жүргөн мезгилинде автор күбө окуя, б.а. орто мектепти ийгиликтүү аяктаган Кемел деген баланын атасынын баласы билимдүү болсо деген тилеги менен башталат. Коммунисттик партиянын акылман көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алган кыргыз адабияты бир тууган адабияттардын бирдиктүү үй-бүлөсүндө азыркы күндөгү турмуш чындыгынын социалдык-нравалык өзгөрүүлөрүнө активдүү жооп кайтаруу менен бай чыгармачылык тажрыйба топтогон. 60-70-жылдардагы жана азыркы 80-жылдын биринчи жарымындагы кыргыз адабияты азыркы адамга жана бүгүнкү күнгө, анын эң бир урунттуу проблемаларын чагылдырууга көбүрөөк көңүл буруусу менен айырмаланып турат. Мезгилдин маанилүү темаларына кайрылган жазуучуларыбыздын көпчүлүгү бүгүнкү турмуш көрүнүшүнүн көзгө даана урунуп турган сырткы белгилерин,

утурумдук атрибуттарын гана курулай тизмектөө менен чектелип жатышкан жок. Алар турмуштун тээ терендеги процесстерин аңдап түшүнүүгө, өздөрүнүн чыгармачыл ой-ниеттерин совет адамынын турпатындагы эң айкын жана эң башкы нерсени камтыган образдарды жана мүнөздөрдү жүзөгө ашырууга умтулуушуда [142, 36].

Адатта, китеп, журнал, газетаны турмуш күзгүсү деп айтабыз. А алардын беттеринде турмуштун бүгүнкү кан тамыры кагып турат. Жогоруда аталган жыйнакка белгилүү жазуучу – очекист С. Сасыкбаевдин "Анипа жана анын курбулары" аттуу очеркинен баштап, Жайлообек Бекниязов "Тереңде жаткан байлык", Абдыбек Ниязбеков, Бектенкул Байбеков, Абдыкерим Мырзаев "Чаткалдагы чабуул", Кемел Жумаканов, Жуматай Шаршеев, Токтобек Мамытов, Бергеналы Базарбаевдин "Баткенде көтөрүлгөн дың" журналисттик калемдеринен жаралган жол жана портреттик очерктери топтолгон жана мында публицистикалык. Салмактуу ойлор, окурманга жакшы таасир калтырчу таасын фактылар менен көркөмдөлгөн. Аталган очерктердин өзөгүн эмгек, эмгектен өзгөргөн жер, тогузунчу беш жылдыктын каармандарынын калбаат образдары түзөт. "Беш жылдыкка – жаштардын эпкиндүү эмгеги, чыгармачылыгы жана изденүүсү" деген ураан, чакырыктын негизинде жаратылагн очерктер [К. Осмоналиев Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. Фрунзе- "Кыргызстан" басмасы, 1980, 41-б.].

Көркөм очерк жанрында 60-70-жылдары кубаттуу жандануулар байкалды. Биринчиден, бул жанрда иштеген авторлордун көбөйгөндүгү, экинчиден жанрдын табиятына туура келген чыныгы көркөм очерктердин көбүрөөк жазылгандыгы көңүлдү бурбай койбойт. Жалпы жонунан алганда элүүгө жакын автордун очерктери басма сөздө жарык көрдү. Алардын ичинен С. Сасыкбаев, А. Убукеев, Э. Медербеков, А. Молдокматов, М. Сейталиев, Т. Жаманкулов, И. Исаков, А. Сальников, К. Жусуповдордун ысымдарын бөлүп айтууга арзыйт. Өлкөбүздүн кең мейкиндигине, чет мамлекеттерге саякат жасоодон пайда болгон жол очерктери да бул жыылдары көбүрөөк жазылды. Мисалы, О. Султановдун "Ысык-Көлдөн Корсикага барчу жол" (1965), "Мухитке жол" (1977), С. Наматбаевдин "Эки дүйнө-эки жаштык" (1965), "Эркиндик аралында 22 күн" (1979), К. Жусуповдун "Микеланджело мекенинде" (1971), "Кан жолдогу ойлор" (1982) сыяктуу очерктерди айтууга болот.

60-70-жылдары көркөм очерк жанрында өздөрүнүн бардык күчүн, жөндөмдүүлүгүн жумшаган С. Сасыкбаев менен Э. Медербеков өңдүү авторлордун эмгегин атайы баса белгилөөгө ылайык. С. Сасыкбаев көбүн эсе жумушчулар темасына кайрылса,

Э. Медербеков спортсмендердин турмушун чагылдырууга аракеттеништи. Бара-бара бул авторлордун документалдуу повесттерди жазууга өтүшкөндүгүн очерк жанрында тынбай иштөөнүн мыйзам ченемдүү жыйынтыгы катары кароого болот. Республикадагы алдыңкы адамдарынын конкреттүү турмуштук, эмгектик жолунан алынган көркөм очерктер жазылган. Ошентип, бүгүнкү күндө жазылып жаткан очерктердин кайсынысын гана албайлы, басымдуу көпчүлүгү турмуштун актуалдуу жана өтө маанилүү көрүнүштөрүн кеңири чагылдырууну биринчи планга коюп отурат. 30-жылдардагы очерктер негизинен автобиографиялык очерктер болуп, Ата Мекендик согуш мезгилиндеги очерктер, жалпы жонунан, документалдуу фактылардын негизинде курулган портреттик очерктер болсо, эмки очерктер турмуштун бардык тармагын камтыган, ар түрдүү формадагы очерктер болуп саналат. Очерк жанрынын өнүгүшүнүн кийинки этабынын мурдагы этаптардан айырмаланып турган дагы бир негизги өзгөчөлүгү көркөмдүк деёгээли жана публицистикалык сапаты жагынан бир кыйла өскөндүгүндө.

Очерк автордун чыгармачылык эргүүсү, көтөргөн проблемасы, пубулицистикалык үнү сыяктуу очеркке коюлуучу негизги талаптардан турат**.** Тек, баштан аяк палан жылы тигил ролду ойноп, түкүн жылы бул ролду ойноп деп гана көздүү жуумп, манчаларын санай берген. Очеркке мындай мамиле жасаш окуучулар алдында автор өз жоопкерчилигин толук сезе билбегендигин гана далилдеген. Жаналиев Бүбүсаранын “5-июнь 1939-жылдан” бүгүнкү күндөргө чейинки өмүр жолун каттап-чоттоп жүрүп отургандан көрө, таланттуу бийчинин сахнанын чыныгы чолпону болуудагы жашыруун сырынын бир гана “үзүмүн” кең планда чечип берсе, очерк алда канча кызыктуу да, ийгиликтүү да чыгып, ары Б. Бейшеналиеванын тубаса таланттуу ажары жарк этип көрүнмөк [К. Осмоналиев Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. Фрунзе- “Кыргызстан” басмасы, 1980, 47-б.].

Мейли атайын очерктик жыйнактар болсун, мейли, күндөлүк газета-журналдарга жарыяланган очерктер болсун, көпчүлүгүндө төмөнкүдөй бардыгына тиешелүү кемчиликтерди: белгилеп көрсөткөн:

Биринчиден, авторлор көргөн нерсени көргөндөй эле жаза беришет. Анын ичинен өтө урунттуу, өтө актуалдуу фактыларын бөлүп алып, ошол фактыны чыгарманын өзөгү кылып жаратууну эстен чыгарышат. Демек, очерк натуралисттик баяндоолорго, баш аламандыкка жана чар-жайыттыкка баштан аяк толуп кетет.

Экинчиден, айрым очеркисттер чыгармасын жазып жаткан учурда публицистиканын элементтерин пайдаланууну этибарга алышпайт, ал гана тургай айрым очерктерде публицистиканын

жагымдуу жаңырыгы таптакыр жокко эсе. Бул болсо очерктин проблематикалулугун жокко чыгарат.

Үчүнчүдөн, кээ бир очерктерде чыгармачылык эргүүнүн начардыгы же өтө илең-салаң экендиги байкалат. Тигил, же бул фактынын эстетикалык касиетин төкпөй-чачпай миллиондогон окуучуларга тартуу кылууда, ал фактыны жөн эле тизмелеп коюудан мурда, анын ички жана сырткы маңызын толук түшүндүрүү керек. Демек түшүндүрүү үчүн автор адабияттын көркөм элементтерин өзүнүн планына ылайык пайдалануусу зарыл. Очерк, албетте фактынын негизинде курулат, бирок ал көркөмдүк жагынан жеткиликтүү иштелбеген болсо да, анда ал очерк эмес, жөн гана фактылардын куру сводкасы [К. Осмоналиев Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. Фрунзе- “Кыргызстан” басмасы, 1980, 53-54-б.] Согуштан кийинки жылдарда бекем тынчтык жөнүндөгү, чыгармачылык эмгек жөнүндөгү, гүлдөгөн турмуш жөнүндөгү маселелерди ар тараптан чагылдырууда.

1957-жылдын, № 11 санына (ноябрь) жарык көргөн Шаршенбек Үмөталиевдин “Кыргыз адабияты кырк жылда” аттуу макаласында очерк жанрынын кыргыз адабиятындагы орду жөнүндө учкай мындай деген: “Көркөм очерк адабияттагы “атка жеңил, тайга чак” турмуш менен кызуу аралашууга мүмкүндүк бере турган эң оперативдүү жанрлардын бири экендиги белгилүү. Күндөлүк турмушка активдүүлүк менен үн кошуп калууда жана массаны аны менен тыгыз байланыштырууда, өсүп бара жаткан бардык алдыңкы нерселерди пропагандалап, жетишпегендиктерди таамай көрсөтүүдө көркөм очерктердин ролу чоң. Чыныгы көркөм очерк турмушту таанытат жана турмушка жетектейт. **Ал** эми “Ала-Тоо” журналынын өткөн жылдагы санынан Сасыкбаевден башка бир дагы кыргыз жазуучусу очерк жазбаптыр. Бул таң каларлык иш. Ушундан кийин кыргыз жазуучулары очеркти теңсинишпейби деген суроо чыга келет. Бирок улуу жазуучу М. Горький да очерк жазуудан жийиркенген эмес, чыгармачылыгынын акыркы күндөрүнө чейин очеркти сүйгөн жанры катары таштабай келгендигин ким билбейт? Албетте, турмушту билбесе, турмуш менен байланышпаса очерк чыкпайт. Чоң жазуучуларыбыз очеркти каалабагандыгынан эмес, турмушту билбегендигинен жазышпай жатпасын? Эгер алар турмуш менен чын эле аралашкан болсо, башкасын айтпаганда дале, ушул эле Фрунзе шаарындагы ишканалар жөнүндө татынакай очерктер беришээр эле го? Ал эми бизде канчалык эмгектин күжүрмөндөрү, новаторлор бар!” (Ш. Үмөталиев)

Бул мезгилдерде ондогон очерк жыйнактары жаралып, адабий журнал жана газеталарда атайын көңүл (рубрика) бөлүнүп, республикада жаралып жаткан албан-албан эмгектерди пропагандалоо,

эмгек процессинин жаңы көрүнүштөрүн даңазалоо учурдун курч талабы болуп, максаттуу мазмундагы очерктер жаралган. “Алтын дан” аттуу портреттик очерктер жыйнагында (Кыргызстан 1975) “талаа инженери” – дыйканга, жалпы эле нанга, данга тиешелүү проблемаларга арналган. Жыйнак бүкүлү бойдон очерктер топтому эмес, арасында публицистикалык ой жооруу маанайындагы репортаж формасындагы чыгармалар учурайт. Чыгарманын бет ачарындагы М. Сейталиевдин “Алыстагы оттор” очерки автордун бир командировкада жолугуп, жүзмө-жүз баарлашкан адамдары жөнүндө болуп, алар калтырган элестер, сеезимдер, ой жоруу, пикирлердин жыйындысын камтыган чыгарма. Очеркист чыгармасында муну өзү да жашырбастан эскертип өтөт. Автор Орто-Саз айылыны атайы келген максаты Сампа аттуу адам менен жолугушуу, б.а. “бүгүнкү баатырлардын турмуш-эмгегин жазуу” болгон. Бирок очеркист жолдо баратып көргөн-билгендерин деталдап сүрөттөп, андан ары портреттик галереяга орун берип, каармандардын группалык турпаты тартылгандыгы менен очерктик чыгарма болуп саналат. Ошентип биринчи портрет “кан жолдун боюндагы жапыс тамдагы чачы куудай кемпир”, автор каарманы менен кокусунан жолугушат. Анткени жалгыз кемпир-табышмактуу кызыгууну туудурат. Бул жагдай кезегинде анын ретроспективдүү ассоциациясына огожо болуп, кемпирдин тээ Совет өкмөтүнүн курулушунан тартып, ушул күнгө чейинки баяны – өмүр-таржымалын сүрөттөп тартууга алып келген. Очеркте 1932-1975-жылдар кино кадрларындай тез өнүккөн абалда, динамикалык ракурста көрүнүп, мезгилдин урунттуу окуяларын көз алдыга тартат. Алгачкы тарктордун келиши, жол куруудагы массалык жигер, каарман эмгек, социалсттик алгачкы башталыштар, согуш каарынын тактары ж.б. тарыхый окуялардын бир адамдын өмүр жолунда синтездешип берилет. Очерктин каарманы Бурмаш согуш учурунда фронтко жөнөтүлүүчү эгинди салуу үчүн жалгыз карыган кемпирдин таарын сыйрып кетиши жөнүндөгү ситуация чоң эмоциялык көркөм таасир берүүчү күчтүү сезим менен жазылган. Мындагы көйгөй тартылып алынган таар кемпир менен небереси экөөнүн суук күндөрү үстүн жапкан жамынчусу экендигинде. Бирок, жандуу көркөм образ даана ачылбай калган, каарман Бурмаштын портретинин контуру гана эшитилип, көркөм анализ берилбей калган. Очерктеги экинчи портрет – колхоздун белдүү механизатору Асанакун. Анын эмгек биографиясын кайраттуу, иш дегенде жантыгынан жата калган дилгир, кыйынчылыкка моюбаган өжөрлүк жайы бар эмгекчинин фонунда тартат. Асанакундун мүнөзү жана сырткы түспөлү да очеркке кошумча түс берген: “Таноолору кең, келте мурун, сөөктүү жайык жүзү баарынан да ички дүйнөсүн сыртка чагыылдыргандай чайыттай ачык, учкундуу көздөрү

аны бир көргөн адамга жигердүү да, айбаттуу да сездирет" деп сүрөт тө берет. Эмгекчил мүнөзүн ачкан бул штрихтер андан ары Асакундун бир күндө сегиз-тогуз норма аткаргандыгы, ага шекшиген коллегалары жана текшерүүгө алган комиссия, текшерүү учурундагы Асанакундун күндүк нормасын 20 миң боо чөптүн ордуна 35 миң боого, б.а. 10,5 эсеге аткарганы аныкталат. Фактры, цифралар деталдуу көрсөтүлгөнү менен кофликттүү ситуациянын психологиялык сферасы, "Жан диалектикасындагы" (Л. Толстой) бурулуш, толгонуу берилбей, проблемалуулук жокко эсе. Анткени Асанакун болуп жаткан окуяга реакция (жооп) жасап койбой, өз иши менен алек болгон "көлдүгү" окурман үчүн суптак көрүнөт. Ошентип жакшы табылган талаш маселе (комиссиянын текшерүүсү) тез эле чечилип, окуянын мындай примитивдүү аякташы очерктин мазмунуна залалын тийгизбей койгон эмес. Анткени, конфликт турмуштун бардык сферасында кадам сайын болоорлугу, ансыз турмуш чыгармада обу жок коолдолуп, күрөшүү, аракеттенүү, максатка жетүү оңой олтоң болуп калмак. Демек очерктен өндүрүштүк конфликттин өзгөчөлүгүн гана талап кылбастан, андагы социалдык-нравалык, психологиялык аспектисин талап кылуу жүйөлүү. Ал эми очеркке максат кылып алынган Сампа аттуу кармандын портрети жогорудагыларга салыштырмалуу ачылбай калган.

Ал эми С. Өмүрбаевдин "Төлөгөн" аттуу очерки адаттан тыш статистикалык цифралар камтылбай аңгемеге сыпатташ очерктерден. Себеби, ал шыгыраган цифраларга толгон, изилдөө пафосу жармач, фактыдан жогорулай албаган репортаж, интервью, информациялык маанайдагы "очерк" деген атка жамынган макалалардын катарына кирбегени менен, турмуштук материалдын үстүндө, жандуу жашоо процессинен ой жүгүртүп, көркөм талдоого алуу үчүн дурус чыгарма болуп саналат. Очерктин каарманынын ашып кеткен деле артыкчылыгы жок, кесиби боюнча тракторист, карапайым адам. Бирок ал жандуу кыймылдагы жаңы үчүн күрөшө алган, өсүүгө, өзгөрүүгө ыкчамдуу адам катары чыга келет.очерктин социалдыкпедагогикалык функциясы да биринчи планга коюлган. Ирониялыксинтонация боёгуна каныгып, окууга кызыктуу.

Ушул эле жыйнакта А. Калидевдин "Алакандагы алтын дан", "Трассадагы жылдыздуу таң" (Ала-Тоо, 1975) типтүү очерктерден. Бири-биринен анча айырмаланбаган бул очерктерде эки башка каарман, эки башка эмгек процесси гана болбосо, экөөнүн сюжеттик курулушу боюнча окшош. Автор окуянын активдүү катышуучусу эмес, айтып берүүчү, аңгемечинин ролунда турат. Ушундан уламбы чыгармада сюжеттик линия бир сызыктуу. А. Калидевдин каармандары кыйынчылыктарды жеңүүдө эрте жеңишке жетишиши, эмгек процесси

үстүртөн сүрөттөлүшү, кыймыл-аракеттин ордуна көбүрөөк фактографизм орун алышы жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөр тез чечилиши менен баяндалат. Ошентсе да мындан психологиялык атмосфера, каармандардын аракет-кыймылынын мотивировкаланышы, психологиялык максаттуу өзгөрүү, өнүгүү, башкысы, сезим чындыгы байкалат. Ошол эле учурда каармандардын ой-жүгүртүүсү, талаш-тартыштары, кубанычтары, камтама болуусу, ички толгонуусу сыяктуу жандуу эмоция сезилбейт. “Алакандагы алтын дан” очеркинин каармандары Гулсина, Жамал, Сагын, ал эми “Трассадагы жылдыздуу таң” очеркинин каармандары Пугачев Ю., Щулц В., Баланчук М. Иллюстрациялык традициянын кесепеттеринен улам “жетектөөчү жана калгандар” принцибинде уюштурулган, б.а. баш каарманды дааңазалоо милдетин өтөгөн каармандар болуп эсептелишет.

С. Султаналиевдин “Замандаштар” (1975) аттуу очерктер жыйнагында эмгек адамынын портрети, жаңы техниканы ишке киргизүү, үйрөнүү, алдыңкы тажрыйба-метод, эмгек фону, рационализатордук сунуштар, социалисттик мелдеш мазмунун камтыган. К. Турсуналиевдин “Эмгек дарамети” (Ф., 1975) жыйнагында автордун эмгек каармандарынын жан-дүйнөсүнө тереңдөөгө, личность-өзгөчөлүктөрүн, коомдук жүрүш-туруш линиясын анализге алгандыгы менен өзгөчөлөнө алат. Мында пейзаждык сүрөттөөлөр, интерьер, диалог, лирикалык чегинүүлөр камтылып, фотографизм, тизмелөөчүлүктөн арылып, “фактынын маңызын сыгып” көркөм жалпылай алган [83, 144]. Ошентип бул жылдардагы очерктик чыгармаларда штамп, стандарттар ар дайым орун алып келген. Атап айтканда:

1. Очеркисттин командировкага баргандыгы жөнүндө кабар бериши (жолдо көргөн-билгендери, уккандары сөзсүз камтылат);
2. Каарманы менен жолугушуу (эмгек үстүндө, үйүндө);
3. Эмгек процессинин сүрөттөлүшү;
4. Өз кесибин тандап алшынын себеби. Өмүр баянынан маалымат берүү;
5. Очерктин каарманы туш болгон кыйынчылыктарды жеңип чыгышы;
6. Каармандын эмгектен чыгарган майнабы, тапкан сыймыгы (эмгектин баатыры, орден-медалдары, алган сыйлыктары ж.б.);

Очерк жанрынын өнүгүшүнүн Ата Мекендик Улуу согушка чейинки жана согуш мезгилиндеги этаптарында атайын очерктик жыйнактар басмадан “Эмгек азаматтары”, “Жумушчунун сөзү”, “Замандаштар”, “Мезгил барактары” аттуу альманахтар, Саткын

Сасыкбаевдин "Күрөш күндөрүндө" (1949), "Таңкы гудок" (1957), "Күнөөстүү өрөөндө" (1960), "Кужүрмөндөр" (1961), Т. Абдымомуновдун "Жакшы адамдар" (1955), Н. Байтемировдун "Акыл" (1956), Анаш Абакировдун "Унутулгус күндөр" (1962), Т. Субанбердиев менен Бектурсун Карабаевдердин "Өз көзүбүз менен", Т. Субанбердиевдин "Көгүлтүр Нилдин жээгинде" аттуу китептери жана жазуучулар Ж. Саатов, Ш. Садыбакасов, Ж. Кыдырмышев, Б. Ашымбаев, Т. Мияшев, К. Осмоналиевдин очерктери газета-журналдардын беттеринде үзгүлтүксүз жарыяланып окуучуларлын калың массасына кеңири тарай баштаган.

Жыйынтыктап айтканда жазуучулар жана журналисттер өздөрү күбө болгон турмуштук окуяларга атайын же кокусунан барып калып, каарман жана анын өндүрүштөгү орду, нрава-этикалык жүрүм-туруму мыкты, үй-бүлөлүк, турмуш жагдайынан мурда өкмөт милдети, информациялуулугу, эмгек процессин факт-цифра менен санап өтүү менен бирге карама-каршылыктарды жеңүү, кайгы-кубанычы, сүйүү-жек көрүү ж.б. адам сезимдери көркөм сүрөттөлүшү абзел.

### 5-§ 80-90-жылдар жана эгемендүүлүк мезгил: жаңы идеялык-тематикалык мазмун

Учурдагы турмуш чындыгын дароо көркөм чагылдыруу жагынан көркөм проза поэзияга салыштырмалуу "кашаңыраак" экендиги байыртан берки адабият тарыхындагы маалым көрүнүш. Кыргыз эли ээ болгон "эгемендүүлүктө" коомдук-нравалык, маданий түзүлүшү жагынан бир солк деп алып, акырындап өз нугуна түшкөндүгү белгилүү. Коомдук-нравалык көйгөйлөр алгач поэзияда эң сонун чагылдырылып турган. Проза жанрында мурдатан чыгаан, белсемдүү жазуучулар гана эмгектенип, адабиятка жаңыдан аттангандар чала-чарпыт чыгармалары менен келген мезгил болду. Адаттагыдай алгач публицистика жагдайды колго алды, анткени коомдогу өзгөрүүлөр, кайра куруу, ачык айтуу саясатынын күч алышы, эгемендүүлүккө ээ республиканын социалисттик коомдон капиталисттик коомго өтүшү, жазмакер-калемгерлерди ар түрдүү ойго дуушарланышы мыйзамченемдүү көрүнүш болчу. Мисалы, С. Байгазиев, К. Мамбеталиев, А. Стамов, Б. Сексенбаев, С. Усупов, С. Өмүрбаев, А. Токтомушев, К. Карабеков, З. Сыдыкова, Э. Нурушевдердин бир топ публицистикалык эмгектери жарык көргөн. Ал эми көркөм проза кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги турмуштук чындык канчалык орчундуу, катаал, курч экендигине карабастан ыкчам боло албастан алгач публицистика формасында жаратылды.

Кайра куруу жылдарындагы очерк тематикалык жактан мурдагы он жылдыктардан кандайдыр бир деңгээлде айырмалана алды десек болот, анткени “сенектик” деп аталган мурдагы он жылдыктарда коммунисттик партиянын көзөмөлү өтө катуу болуп, очеркчилердин тема тандоо мүмкүнчүлүгү кандайдыр бир деңгээлде чектелгенсип турган. Коомдук турмушту демократиялаштыруу, ачык айтуу саясатынан кийин мурдагы чектөөлөр бир аз бошоңдогонсуп, очеркисттердин тема тандоо мүмкүнчүлүктөрү бир аз кеңейип, коомдук турмуштун бардык жактарын жүрөксүбөй, ээн-эркин баяндоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту [Т. Назарк].

Коомдук кырдаалдын, тарыхый мезгилдин мындай чукулунан бурулушу кыргыз адабиятында очерк жанрын солгундоого алып келген. Активдүү өнүгүүгө түшкөн очерк жанрында чыгармалар сейрек жазылып калды. Бирок сапар очерктеринин мыкты үлгүлөрү жаралды. К. Жусуповдун “Кан жолдогу ойлор” очерктер жыйнагы жана “Тулпар. Сапар” (1998) китебиндеги “Түштүк элестери”, “Волга боюнда”, “Армения күндөлүгү” аттуу очерктери жанрды чыныгы бийиктигине жеткире алды.

Кайра куруу жылдарында ошондогу ортозаар агымдан озуп чыгып, окурмандардын көңүлүн өзүнө бура алган очерктердин бири Абдиламит Матисаковдун “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” аттуу портреттик очерки. (Матисаков А. Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй. Ф. Кыргызстан 1989) Чыгармада таланттуу киноактер С.Чокморовдун чыгармачыл ишмердүүлүгү, актерлук, сүрөтчүлүк таланттарынын “жемиши” тууралуу кеп болбостон, анын пенделик жашоосундагы турмуштук жагдайларга көңүл бурган. Б.а. С. Чокморов очеркте атактуу артист катары эмес, жөнөкөй адам катары көркөм иликтөөнүн процессинен өткөзүлөт, залкар инсандын өмүр баянын, алган сыйлыктарын, же ийгилектерин тизмектеп берүү эмес, тескерисинче каармандын ой-туюму, жан-дүйнө байлыгы чебердик менен баяндалган. Көрсө улуу инсандар эл-жер, мекен тууралуу катардагы карапайым пенделерден айырмаланып, анын байлыгына сүйүнүп, кайгысына күйүнүп, көкүрөк ачыштырып, жүрөк оорутуп, жанын аябай өтөт тура. Эгерде кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй болсо, Ж. Мамытов жана А. Матисаков кыргыздар улуу эл экенин фактылап көрсөтүшкөндөй эле болуп эсептелет. Автор окуянын автивдүү катышуучусу катары башкы каарман менен баарлашып, керектүү жерде баяндоо ыкмасын колдонуп, лирикалык чегинүүгө жол берип, жеке чабыттар менен чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык табитин арттырып турат. Очеркте С. Чокморов менен дил маек куруп, анын ар кандай убактагы жашоосу менен таанышып, Чокморов жөнүндө

айтылчу сөздүн али чети оюла электигин айтат. Ал С. Чокморовдон "Манастын оттуу көздөрүн көрдүм" деп жазат. Автор каарманынын мүнөзүндөгү диалектиканы аңдай биле алган. Адатта, көркөм чыгармачылыкта эмоциянын мааниси эбегейсиз. Окуучунун сезимине ээ болуу үчүн автордо эбегейсиз поэтикалык эмоциянын болуусу зарыл. Ошондо гана автордун жан дүйнөсүн күүгө салган чыныгы турмуш окуучунун сезимине жетет. Окуучу автор толкугандай толкуп, кошо күйүп-жана баштайт. Бул чыныгы эмоциянын өзү. Анын табияты – турмуш, турмуш прозасынын өзү. Мунун өзү көркөм чыгармачылыктын негизги бир критериясы [5, 84]. Аталган очеркте да Чокморовдун өзүнүн жарым-жан ден соолугуна эмес, Арал деңзине, Ысык-Көлгө, Арстанбапка жан кейиткендиги, "күйүмчүлдүк, адамга эбиз-жабыздык" (жакшылык кылуу), кайрымдуулук маселелерине жан ачыштырган ойлорун ортого салат. "Мурда адамдар кыйла жапакеч болчу эле. Жетишкен сайын уучубуз карышып, кунарыбыз учуп кетип бaратат. Жарым түндө эшик каккан жоолочунун жөнүн сурабай киргизип, бар тапканыбызды алдына коюп берчү элек" [6] деп кейийт, Чокморовдун ички жан сыры эл санаасын көтөргөндүгү менен ачылат. С. Чокморовдун личносттук портрети, мүнөзү жана жүрүм-туруму, чыгармачылык потенциалы, актерлук таланты келечекке, кыргыздын даңктуу уулу экендигине жолдомо болуп берген.

Жазуучу Ш. Бейшеналиевдин Тайлак баатыр жөнүндөгү тарыхый очерктери жарык көрдү.

Очерктеги ойдун бышыктыгы, калемдин жана көз караштын курчтугу, турмуштук түшүнүктөрдүн бекемдиги аркылуу советтик чындык, коммунисттик идеалдар талаптагыдай жана көп түстүү чагылдырылат. Граждандык сезимдин сергектиги, көркөм жалпылоонун тереңдиги, проблемалуулук, психологизм жана форманын жаңылыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Очеркте күндөлүк турмуштун стерженин жогорку талаптуулукта эч качан бошоңдотпой кармоо принциби бардай.

Мындан бир нече жылдар мурун адабиятчылардын сезимдерин, кыялдарын дүүлүктүргөн ошол заман стили, идеалдык каарман, карапайым, майда адамды көкөлөтө көрсөтүү деген сыяктуу түшүнүктөрдүн жана чакырыктардын кийинки учурда сээлдеши социалдык машстабдуулукка тереңирээк назар салууга шарт түзгөн. Кыргыз адабиятында очерк жанры аркылуу коммунисттик тунук идеяларды чагылтуу, турмуштун уруунтту маселелерин көтөрүү, окуяны баяндоодо граждандык милдеттер менен байланыштыра билүү жагынан айырмалана алган. Улуу педагог-жазуучу Ж. Мавляновдун мугалимдик сапаттын артыкчылыктарына басым жасаган "Күтөбүз, Апыш!",

"Акырын сабак жүрүп жатат" аттуу очерктери мезгил жүгүн аркалап турат. "Күтөбүз, Апыш!" очеркинде Кыргыз ССР мугалимдеринин ичинен биринчи болуп Социалисттик Эмгектин Баатыры наамын алган Апыш Койчумановдун мугалимдик кесибиндеги жоопкерчилик менен жасаган мамилеси, агартуу ишине бүт дити менен берилген инсандык жүзү ачылып берилген.

"Мектеп" басмасынан ар жыл сайын "Орок-балка", "Кыргызстан" басмасынан "Эмгек ээлери", "Эмгек каармандары", "Ала-Тоонун жылдыздары" аттуу сериялык жыйнактар чыгып, анда улам беш жылдыктагы кужүрмөн эмгекчилер, алдыңкы өндүрүшчүлөр, койчунун ар жүз тубар койдон жүздөн гана эмес, жүз алтымыш, жүз токсонго чейин алынган козу, дыйканчылыктагы эгиндин толук пайызда алынышы сыяктуу республикадагы окуялар каарман-баатырлардын элестүү портретин көркөмдүк, идеялык жактан сүрөткерлик менен таасирдүү маанайдагы чебер очерктер жарыяланган. Мезгилдик деңгээл алмашып, кайра куруунун -Жаңылануунун талаптары менен мүдөөлөрү жазуучудан турмуштук проблемаларды талдоону, философиялык, идеологиялык, маданий камылганы, экономикалык, социологиялык даярдыкты чукулунан тереңдетүүнү талап кылды. Бул процесс бүткүл советтик адабият масштабын кучагына алып, ага мезгил, турмуш кырдаалы негизги мазмун болуп, б.а. коомдук өсүш жаңы мезгилге – социализмден коммунизмге өтүү мезгилиндеги каармандын эрдигин баяндоого көңүл бөлүндү.

Кайра куруу жылдарындагы кыргыз очерктеринин тематикалык бир багытты көздөгөн "Эмгек сыйынын ээлери" деп аталган жыйнакка ар кыл авторлордун айыл-чарба тармагында эмгектенген адамдардын күжүрмөн эмгегин баяндаган очерктери топтолгон. Айталы, бул жыйнактагы Ж. Келешбаевдин "Кут орногон турмушта", Б. Боромбаевдин "Сыйлык ээси Сырмамбет", Р. Масыракуновдун "Турмуш туткасы" деген очерктери, ошондой эле, "Октябрдын ишин улантып" деген очерктер жыйнагына А. Көчөрбаевдин "Кайраттын канатындагы бакыт", М. Өмүрзаковдун "Коммунисттин өрнөгү" деген очерктери жанр талабына түздөн-түз жооп бере албаган, идеялык-көркөмдүк наркы төмөн, эстетикалык жугуму алсыз очерктер болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, кайра куруу жылыдарындагы кыргыз очерки тематикалык жактан бай, көп түрдүүлүгү, проблемалуулугу менен башка учурларга салыштырмалуу айырмаланып турат.

Очерк жанры өзүнүн пайда болгон мезгилинен тартып мына ушул күндөргө чейин адабият майданынын көрүнүктүү “чалгынчысы” катары баалуу да, маанилүү да иштерди бүткөрүп келе жатат. Поэзия, проза, драматургия жанрларына караганда, очерк кечигибирээк пайда болгону менен, бүгүнкү күндө адабияттагы кадырлуу эле жанрлардын бири. Эгер, окурман өзүн улам жаңы көз караштар, жаңы үйрөнүүлөр, жаңы табылгалар менен байытып турууну каалаган болсо, анда ал сөзсүз очерк жанрына кайрылбай кое албайт. Анткени очерк жанры документалдуу фактылардын негизинде курулгандыгы жана турмуштун бардык тармагын камтыгандыгы менен таасирдүү да, салмактуу да.

Очерк өзүн турмуштун актуалдуу маселелерин чагылдыра алган оперативдүү адабий курч курал катары көрсөтө алды. Мына ушунун өзү менен эле очерктин тарбиялык-таануу мааниси артып, пропагандисттик, агитатордук жана уюштуруучулук ролу чыңалды.

Чын-чынына келгенде кыргыз адабиятына очерктин кириши – бул адабиятта социалисттик реализм методунун жаралышы болуп эсептелет. Анткени очерк “аңгеме менен изилдөөнүн ортосундагы” (М. Горький) реалдуу чындыктын негизинде гана жаралуучу, турмуштун өзүндө болуп жаткан окуяларды так жана элестүү формада көрсөтүп туруучу көркөм жана публицичтикалык мазмундагы жанр болуп эсептелет.

А.М. Горькийдин жогорудагы пикириндеги “аңгемеге жакындык” очерктин көркөм сапатка ээ болушуна карата айтылса, “изилдөөгө да жакындыгы” очерктин негизиндеги окуя илимий чындыкта жана тактыкта терең изилденген фактылар аркылуу өнүгүү менен гана чыгарманын темасынын чечилишин шарттай тургандыгын көрсөтүп отурат. Башка жанрлардан очерктин айырмалуу өзгөчөлүгү – анын өзүнүн бүтүндөй ички сапаты боюнча реалдуу турмуш чындыгын реалисттик метод аркылуу өтө жандуу, оперативдүү чагылдырып көрсөтүүсүндө экендиги эч кандай талаш туудурбайт.

Отузунчу жылдардын башында жарык көргөн очерктерди өзүнчө бөлүп каралышы зарыл:

Биринчиден, себеби бул мезгилде очерктин жаралуу жана жаңыдан там-туң басуу мезгили, б.а., бул жанрдын өнүгүү процессиндеги биринчи этап болуп эсептелет

Экинчиден, нукура беллетристикалык чыгармага мүнөздүү көркөм образдын жоктугу, автор кимдир бирөөнү же ар түрдүү мүнөздөгү, ар башка көз караштагы карама-каршы тараптарды чыгарманын каармандары кылып көрсөтүү менен алардын өз ара катнаштарын, мамилелерин, жорук-жосундарын, кулк-мүнөздөрүн

ачып берип, кайталангыс образдарын жаратуу максатын көздөбөгөндүгү да “Айлуу түндүн” аңгеме эмес экендигин көрсөтүп турат.

Очерк жанрынын пайда болуу жана телчигүү мезгилинде жарык көргөн жол очерктеринин жалпы эле абалы, мүнөзү ушундай болгон. Мунун эң башкы себеби – авторлор туш келди фактылардын жана окуялардын негизинде очерк жаратууга аракеттенип, ал фактылардын сырын чечүүнү, андан кийин гана темага түздөн-түз тиешелүүлөрүн бөлүп алып, адабий формага келтирүүнү этибар алышпаган (45-бетте).

Турмуштук фактыларды пайдалануу, аны болушунча, көрүнүшүнчө көчүрүп алуу эмес, “аны өзүнүн фантазиясынан өткөрүп, ага жаңы өмүр берүү” дегендикке жатат. Антемйинче, турмуштук окуялардын такма-так сүрөткө тартылып алынышынан алсыз, үрөйсүз көчүрмө гана чыгып калат. Турмуштук окуя очерк жанрына келгенде чыгармачыл инсандын чыгармачыл фантазиясына карап көркүнө чыгат. Журналисттер менен жазуучулар өздөрү күбө болгон турмуштук көрүнүш-окуялардан, фактылардан жаңыдан фельетон, очерктерди жаратып, коомдук турмуштун жандуу элесин көрсөтүүгө аракеттенишкендигине ошол убакта чыгып турган газетанын жана “Чабуул” журналынын беттериндеги жарыяланган материалдар ачык күбө боло алат. Өнүгүү жолунун телчигүү мезгилиндеги очерктердин башкы темасы – социалисттик курулуштун республикада канат жайышы, элдин да, жердин да кайрадан жаралышы жана ушундай улуу процесстин жүрүшүндө эски менен жаңынын өз ара кагылышы болду.

Биринчи бөлүмдү жыйынтыктоодо төмөндөгүдөй тыянактар келип чыкты:

Очеркист үчүн милдеттүү нерселер:

- чыныгы турмуштук каарманды тандоо;
- коомдук мааниси бар актуалдуу маселени козгоо;
- ирдүү жана так фактыны иргеп алуу;
- келтирилген цифра-фактынын мыңызын ырааттуу чечмелөө;
- күчтүү эмпатияга, жазуучулук талант-шыкка ээ болуу;
- аналитикалык жөндөм;
- жандуу образ менен реалдуу элестүү окуяны тартуу;
- таалим-тарбиялык, аңдап-билүүчүк касиетин билүү;

Очерк жанрынын адабияттагы орду жана ролу:

- Кыргыз профессонал жазма адабияты менен бирге очерк жанры калыптанды;
- Очерктик чыгармаларды жарыялоо максаттуу ишке ашкан;
- Күн тартибиндеги коомдук маселелер очерктик чыгармаларда жаңырып турган;

• Тематикалык жактан калыптанды: интернационализм темасы, согуш темасы, достук, бир туугандык темасы, эмгек темасы, космос-аалам темасы, айыл-кыштак турмушу, илимий ачылыштар ж.б.

• Алгачкылардан болуп “Чабуул” журналы очерк жанрына кызмат көрсөткөн;

• Алгачкы очеркисттер журналисттер жана жазуучулар болушкан: С. Сасыкбаев, А. Токомбаев, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев, Ш. Көкөнов, Ж. Турусбеков, М. Элебаев, Т. Байжиев, Т. Касымбеков ж.б.

• Очерк түрдүк жактан жиктелип өнүккөн: сапар (жол) очерки, портреттик очерк, автобиографиялык очерктер, тарыхый очерктер;

• Өндүрүштүк тема активдүү пропагандаланган;

Жалпы алганда очерктик чыгармалардын мүчүлүштөрү төмөнкүлөр болгон:

• Очерк боюнча такталган теориянын жоктугунан бирдей талап жок болуп, сапаттык жактан жогору өнүгүү солгун болгон;

• Очеркисттер курулай фактографизмге көңүл бурушкан, себеби баш каармандын жанына ашыкча аткарылган проценттик көрсөткүч менен баатыр кылуу;

• Очеркти кандай жазса автордун өз эрки болгон;

Ошентип, очерктик чыгармалар социалдык, публицистикалык жана көркөмдүүлүктүн синтезинен куралат.

# КӨРКӨМ ОЧЕРКТЕРДИН СТРУКТУРА-ТИПОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

Бири-биринен айырмаланып турган идеялык-тематикалык, сюжеттик-композициялык, мазмундук-формалык өзгөчөлүктөрүнө карай, очерктерди шарттуу түрдө бир нече түрлөргө бөлүүгө болот. Очерктик чыгармаларды адабиятчы-изилдөөчүлөр (очерктик чыгармаларды изилдегендер) негизинен эки чоң топко бөлүп карашкан: **биринчиси - баяндама** (описательный) очерктер, экинчиси – мазмунду (сюжетный) очерктер (К. Осмоналиев, М. Сасыкулов, Е. Журбина). Мындан сырткары сүрөттөмө очерк, же репортаж сыяктуу түрлөрүн да көрсөтүшкөн. Мазмундуу (сюжеттүү) очерктердин негизин өзүнүн эң жакшы эмгеги, үлгүлүү жүрүм-туруму, суктанарлык жеке сапаттары, кыскасы коомчулуктун көңүлүн буруугa татыктуу болгон артыкчылыктары бар адамдар жөнүндө жазылган портреттик очерктер түзөт. Ал эми очерктин баяндама (описательный), же сүрөттөмө, репортаж сыяктуу түрлөрүнө жол очерки менен автобиографиялык очеркин кошууга болот. Мындай учурда чыгарманын негизин түзгөн турмуштук обьектини баяндап көрсөтүү искусствосуна жол берилет. Андай чыгармаларда элестүү картинанын ордун ошол картина жөнүндө көргөн-билгендери, таасирленүүсү сыяктуу баяндама ээлейт.

В. Канторвич очерктин 3 жанрдык тибин белгилейт: проблемалуу очерк, портреттик очерк, нравалык очерк;

М. Черепахов: портреттик, окуялуу (событийный), жол очерки жана сүрөттөмө (зарисовка) аттуу очерктин 4 жанрдыктибин белгилейт.

Колосов Г.: публицистикалык, беллетристика, портреттик, этюддар (зарисовки), путевые деп бөлүштүргөн.

К. Осмоналиев портреттик, жол очерки, автобиографиялык, тарыхый очерктер сыяктуу түрлөрүн, А. Эркебаев дагы портреттик, документалдуу жана жол очерктерин талдоого алган. Чындыгында кыргыз адабиятында очерк жанры тематикалык, мазмундук жана структура-типологиялык жактан ***жол очерки, портреттик очерк, тарыхый очерк, документалдуу очерк, автобиографиялык*** очерк сыяктуу түрлөргө бөлүнөт.

➢ Портреттик очерк – автор жеке каармандын ички дүйнөсүн ким экендигин изилдейт. Окурман автордун сүрөттөөсүнөн анын социалдык, психологиялык абалын, жүрүм-турумун биле алат. Негизги каармандын образы башка каармандарга караганда ийкемдүүрөөк, турмушка жакыныраак, мүнөзүн кененирээк көрсөтөт. Ал бир гана сырткы келбетин сүрөттөп көрсөтпөстөн, мүнөзүнүн жана темпераментинин белгилерин жеткизиши, анын үмүттөрүнө жана

эңсөөсүнө жан-дили менен берилүүсү керек. Жазуучу кандайдыр бир убакытка өзү жөнүндө унутуп, ал ошол өмүрүн изилдеп жаткан адам болушу керек. Бул жерде эмпатияга болгон жөндөмдүүлүк маанилүү роль ойнойт.

➢ Көйгөйлүү (проблемалуу) очерк – автордун негизги милдети – көйгөйлөрдү элге көргөзүү. Ал окурман менен маектешет. Биринчи көйгөйлүү абал жөнүндө кабар берет. Мындай очеркте өзүнүн ар түрдүү маалыматты сапаттуу талдоо жана көтөрүлгөн маселе менен келише албастыгы (чыр-чатагы) менен кызыктуу. Автор мисал катары статистиканы келтире алат, көркөм каражаттарга таянат, ал эми аягында сүзсүз баардык айтылганды жыйынтыктайт жана баш аламандыкты жеңип чыгууда өз жолдорун сунуштайт.

➢ Жол очерки – очерк жанрынын башатында турат. Мында автордун саякаттап жүргөндөгү көргөндөрүн, уккандарынын негизинде жазылат. Жол очерки башка очерктин түрлөнүн элементтерин да камтыйт: адамдардын сүрөттөлүшү, алардын мүнөзү, шаар жана анын жетишкенжиги, кемчилиги, социалдык көйгөйлөрү, айылдардагы маселелер ж.б.

➢ Тарыхый очерк – хронологиялык жана илимий жактан тастыкталган, такталган илимий окуяларды камтыйт

Деги эле көркөм адабиятта жогорудагылардан сырткары социалдык очерк, саякат очерки (жол очеркинин башка аталышы), көркөм очерк, публицистикалык очерк деп дагы түрлөргө ажыратылган учурлар да кездешет.

Очерк жанрын түргө бөлүүдөгү типологиялык белгилер катары төмөнкүлөрдү көрсөтөтөбүз:

- Окуянын мазмунуна, сүрөттөлүшүнө, баяндалышына карата ажырайт;
- Тематикалык өзгөчөлүгүнө;
- Көтөргөн проблемасына;
- мазмундук түзүлүшү (очерктер түрлөрүнө жараша композициялык айырмачылыкка ээ);
- факты, цифраны пайдалануу айырмачылыгы;
- көркөмдүүлүгүнө, образдуулугуна;

Кыргыз очерктери жанрдык-түрдүк жактан структура-типологиялык талдоого толук алына элек. М.Элебаевдин “Борондуу күнү” автобиографиялык роман деп кездешсе, автобиографилык очерктердин алгачкы үлгүсү деп аталса, ал эми “Кыйын кезеңи” кээ бир адабияттарда повест, кээ бир адабияттар очерк деп да кездешип жүрөт.

## 1-§ Автобиографиялык жана портреттик очерктер – кыргыз очерк жанрынын баштоочусу

Очеркте адам аркылуу элдин күрөшү, коллективдин, чарбанын, акырында мамлекетке берилгендикти баяндоо башкы планда турат жана өзгөчө окумдуу келип, окурмандын сезиминен оңой менен өчпөй турган “сырлары” бар өзгөчө жаратылган чыгарма. Автобиографиялык очерк болобу, же мемуарбы, аларды жазуудагы татаалдык, баарыдан мурда, автор сөзсүз документалдык, же архивдик фактыларга таянууга тийиш, аларды аташ керек, антпесе тарыхый тактыкты талап кылган ар бир деталь абстрактуу баяндоого айланып, чыгарманын ынанымдуулугун тарытат.

Ал эми кыргыз адабиятында очерктин келиши жана анын жанрдык өзгөчөлүгү жөнүндө адабиятчы К. Асаналиев өзүнүн “Кыргыз совет прозасынын очерки” деген эмгегинде “Отузунчу жылдардын башында эле “Оперативдүү жанр катарында” автобиографиялык очерктердин кеңири иштеле башташы кыргыз прозасынын пайда болушу жана өсүү процессиндеги дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелерин белгилейт да, андан ары очерктин жанрдык өзгөчөлүгүнө токтолуп, - автобиографиялык очерк эпикалык формага өтүүдөгү көпүрө, өткөөл сыяктуу көрүнүштөрдөн болмок” деген тыянакка келет. Ушул эле пикирдин өзү кыргыз илимдер Академиясынын тил жана адабият институту тарабынан даярдалып, 1960-жылы жарыкка чыккан “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” деген эмгекте да кайталанат. Ж. Бөкөнбаевдин “Токтогулдун өмүрү” аттуу чыгармасы ал учурдагы биографиялык көркөм очерктердин дурус үлгүлөрүнөн болуп эсептелет. Акын Ж. Бөкөнбаев кыргыз элинин биринчи демократ акыны Т. Сатылгановдун өмүрүн, чыгармачылык жолун, чыгармаларын изилдеп жазган.

Автобиографиялык очерктерге чейин жанрлардын бул түрүнүн болгондугу, же болбогондугу, эгерде болсо, кандай абалда болгондугу ушул күнгө чейин туюк бойдон калып келет. Ал эми адабиятыбыздын тарыхындагы фактылар болсо бизге чындыктын көзүн ачып, кыргыз жазуучуларынын биринчи муундарынын бардыгы тең газеталык иштен өсүп чыгып, жөнөкөй информациялык кабарларды жазуудан публицистикалык жана көркөм-публицистикалык чыгармаларды жаратууга чейин көтөрүлгөндүгүн, алардын биринчи очерктери автобияографиялык эмес эле коомдук жаңы түзүлүштүн зор маанидеги маселелерине байланыштуу ар түрдүү темадагы публицистикалык эмгектерден болгондугун көрсөтөт. Буга далил иретинде кыргыз совет адабиятында эң биринчи жолу маркум Молдогазы Токобаев тарабынан

жазылып “Кызыл Кыргызстан” газетасынын 1931-жылы 1-сентябрдагы санынан орун алган “Колхоз жайытында” аттуу очеркин баш кылып, ошого удаалаш эле жарык көргөн дагы бир топ эмгектерди алсак болот.

Советтик художниктин максаты советтик эмгекчилерди коммунисттик идеялардын салтанатташы үчүн күрөшкө жетектөө, элдин рухий дүйнөсүн байытуу, адамдарды нравалык жактан жетилтүү. Бир сөз менен айтканда коом мүчөлөрүн коммунисттик духта тарбиялоодо [9, 87].

**Портреттик очерктердин тарбиялык, эстетикалык, таанытуучулук өзгөчөлүгү**

Портреттик очерктин согуп турган жүрөгү - адам, болгондо да, белгилүү бир окумуштуу, же өндүрүштүн белгилүү бир новатору, белгилүү бир колхозчу, же белгилүү бир таланттуу музыкант, заманыбыздын маяктарынын өкүлү. Очерктердин экинчи бир чоң тобу – баяндама очерктер. Баяндама очерктер белгилүү бир маанилүү көрүнүштөр туурасында: маселен, жаңы электростанциянын ачылышы, же бир юбилейлик кече жөнүндө жазылабы, кыскасы, учурдун маанилүү окуялары тууралында образдуу түшүнүк берет. [2, 20]. Очерк - эпикалык түрдүн негизги жанрларынын бири болуу менен мында турмуштагы реалдуу адамдардын тагдыры, чыныгы болгон окуялар сүрөттөлүп, каармандын портрети, жүрүш-турушу, мүнөзү, психологиясы берилет. Ар кандай эле чыгармалардагыдай мүнөз индивидуалдаштырылат, конфликттер коюлат жана чечилет [48, 110]. Очерк турмуштун бардык кубулуштарына кайрылуу мүмкүндүгүнө ээ: нравалык, саясий, экономикалык, социалдык абалы, табият кубулушу, өлкөнүн тарыхы жана адам тагдыры (портрети). Чындыгында очерк - чалгындоо, бирок маңызсыз билдирүүгө умтулбаган, турмушту изилдеп жана анын көрүнүштөрүн өз калеми менен тарткан, турмушту өзгөртүүдө активдүүлүгүн көрсөткөн чыгарма.

Портреттик очерк – жеке адамдын бейнеси. Ошондуктан автор эң алгач эмгеги, адамгерчилиги менен үлгү болоор кейипкер издейт. Ал кейипкердин өмүрүн толук билүү, анын эң бир асыл сапаттарын окурманга жеткирүү, чебер психолог болуу – очерктик чыгарманын милдети. Портреттик очеркте – каармандын көп кырдуу мүнөзүнүн ачылышы, ишмердүүлүгүндөгү мотивдер, анын психологизми социалдык мааниде, бирок индивидуалдык аракеттин негизинде чагылдырылат. Мыкты портреттик очеркте алгач каармандын инсандык сапаттары жогорку деңгээлде баяндалып, андан соң мүнөзгө жараша ишмердүүлүк чечмеленип берилсе анын көркөмдүк касиети артат.

Пореттик очерктердин негизги жанрдык өзгөчөлүгү:

- Каармандын ички дүйнөсүн түзүү;

- Пейзаж аркылуу каармандын портретин ачуу;
- Көркөм деталдарды колдонуу;
- Портреттик мүнөздөмө (сырткы көрүнүшүн);
- Кептик мүнөздөмө

Портреттик очерктердеги пейзаждын ролу

- Каармандын мүнөзүн ачуудагы каражат катары
- Портретти сүрөттөөдөгү фон катары;
- Каармандын дүйнөтаанымын ачуудагы ыкма;
- Каармандын ички дүйнөсүн аны курчап турган табият менен контарстык салыштыруу;

Көркөм деталдар:

- Чыгарманын логикалык негизин жана көркөм концепциясын түзгөн таяныч деталдарды тандоо;
- Деталдар менен өзгөчөлөнтүү (тигил же бул окуянын түзүүдө символикалуу каарманды образдуу трактовкалоо)
- Каармандын ички жана сырткы мүнөздөмөсүн ачууда ассоциативдүү байланыштыру үчүн көркөм деталдарды пайдалануу

Портреттик мүнөздөмө:

Портреттик мүнөздөмө аркылуу - окурман каармандын мүнөзүн толук, так, даана жана ачык көрөт, түшүнөт. Каармандын ички дүйнөсүн, аң-сезимин, дүйнө таанымын, мамилесин аңдоого болот. Очеркте бир малчынын, же дыйкандын, же жумушчунун эмгектин алдыңкысы экенин, анын эмгек рапорту аркылуу белгиленип, жараткан ийгилиги баланча-бустанча деген сыяктуу цифралар менен курулай баяндоо эмес, ошол инсандын сезими, адамдык адеп-ыйманы, жашоодогу кызыгуусу, балким ал билимге эмес айылда калып мал чарбасын өркүндөткүсү келген, же онунчуну эми эле бүтүп, келечегине бүтүм чыгарып, саанчы, малчы болуп, ак эмгек, адал иш менен эмгектен баар тапкан эмгек ветеранын элестеткен каармандын элесин тартып берүү (сагындык Өмүрбаев, 139-б).

Портреттүү очерк өзүнүн түзүлүшүнө жана турмуштук фактылар жалпылаштырылып, типтештирилип алынышына, ошого ылайыктуу типтүү кырдаалда берилишине байланыштуу аңгеме жанрына окшош келет. Андай очертерде сюжеттин өзөгүн типтүү мүнөздөрдүн кагылышуусу, өнүгүшү түзөт да, кайталангыс образдардын логикалык өнүгүшү камсыз кылынат.

Портреттик очерктерди Е. Журбина: биринчиси - биографиялык, же юбилейлик портреттик очерктер - мында белгилүү коомдук ишмер, илимпоз ж.б. жөнүндө баяндалып, бирок юбилейлик куракты белгилөө эмес, негизги каармандын кутман курагынын жемиштүүлүгү, ишмердиги, сиңирген эмгеги баяндалса; экинчиси - психологиялык

портреттик очерк, мында негизги каармандын коомдук чөйрөгө карата мамилеси, түшүнүгү, ой жүгүртүүсү, каармандын ички жан сыры башкы орунда турат; үчүнчүсү - проблемалуу портреттик очерк, мында татаал өмүр жолун басып өткөн жумушчу, дыйкан, колхозчу ж.б. эмгек ээлери башкы каармандын ролунда болорлугун белгилеп, үч типке бөлүп караган. Кыргыз адабиятындагы портреттик очерктерди мындай типтештирсек үчүнчү типтеги, тактап айтканда, проблемалуу портреттик очерк көп жазылгандыгын байкайбыз. Анткени, теңдик заманы (Совет өкмөтү) келгенден тарта кыргыз элинде чабан, жумушчу, колхозчу, дыйкан сыяктуу кесиптер өркүндөп, аркалаган кесибинен баар тапкан, мекенчил Социалисттик Эмгектин баатырлары чыккан. Жазуучулар, гезит кабарчылары эмгекчилерди дагы шыктандырып, элге даңазалап, башка колхозчуларга ишмердүүлүктү мотивдештирип, бир жагынан саясий-адабий тапшырманы аткарып, көркөм проза жаңы адабий каармандаарга шыкалып, жакшы саамалыкка башат боло алган. Ал мезгилде совет адамынын жашоо мүнөзү жөнүндө сөз кылуу жана аны үлгү кылуу актуалдуу, күн тартибиндеги олутту маселелерден болчу. Совет адамы кандай жашап жатат, кандай эмгектенип, билим алып, же дем алып жатканына чейин, башка адамдарга жана коомго, Ата Мекенине кылган мамилеси татыктуу болуш керек болгон. Ошентип совет адамы жыргал турмушта, эртеңки келечекте ишке ашчу улуу максат деминде ар дайым жашаган. Себеби, Коммунисттик партия адамдын турмушунун бардык жагын камтыган, совет адамдарынын негизги ой-мүдөөлөрүн билдирген күжүрмөн жана акылман социалдык саясатты иштеп чыккан болчу. Эмгек баатырынын алдыдагы максаты алдыдагы беш жылдыктарда коюлган планды ашыгы менен аткаруу башкы жоопкерчилик, милдет катары каралган.

Очеркчи инсанды сүрөттөп жатып, андагы өзгөчөлүккө болгон укукту сактап, бирок каарманды жекече эмес, социалдык аспекте берүүгө умтулат. Бул адабий-публицистикалык жанрлар менен накта адабий жанрлардын ортосундагы очерктик образды жаратуунун бирден бир бөтөнчүлүгү [3, 197]. Портреттик очеркте жеке эле бир адамдын коллективде жалпыланган келбетин көрсөтүү менен бирге ошол аракетке тике катыштыгы бар чоң-кичине маселелер да козголушу керек. Очерк деген социалдык, турмуштук мааниси орчун жана тез арада чечүүнү талап кылган маселелерди чар тарабына далилдер менен кармап, коомчулук алдына тикесинен коюш үчүн жазылат. Мындай талаптарга жооп бере албаган очерк - конкреттүү адамдын, же мекеме-ишкананын жетишкендиктерин, ийгиликтерин баяндашка ыклас менен жазылган көлөмдүү газеталык кабардан айырмасы жок болуп калат. Кыргыз айылдарында ар кандай инсандар, алардын түрдүү тагдырлары,

социалдык ал-абалы, жашоосу, максаты, ийгиликтери бар. Бул көрүнүш ойдон чыгарылбай, бирок көркөм чыгарманын талабына ылайык көркөмдөлүп, катардагы катарлаш адамыңдын портретин окуу албетте окурманга өзгөчө таасир берери шексиз. Очерк жанрынын орчундулуугу мына ушунда.

Портреттик очерктерде согушка чейинки жана согуштан кийинки жаштардын турмушу дээрлик окшош болгон. Мектепти аяктап, орто билимге ээ болуп, андан ары колхоз турмушу менен өмүр жолун улантып, бирок Совет өкмөтүнө чын дилден кызмат кылууга максат кылып, натыйжада ак эмгектен баар тапкан жумушчунун тагдыры. Бул тагдырлардан койчунун катаал, түйшүктүү жашоосун көрүүгө болот. К. Ашымбаевдин “Насаатчысында” башкы каарман Наамат жөнүндө (1981), Э.Айдаркуловун “Зор сыймык” очеркинде өндүрүштүн зор күчү, жылкычынын уулу, жумушчу Накайбек Алымбеков (1979), “Турмуш сынында” денеси али ката элек, кара тору, бакыракай ойноок көз, жаш улан, чоюн эритүүчү, цехтин жумушчусу Шарипов Аскер [6, 23], Б. Акуновдун “Таштанбек тапкан бак-таалай”, “Зайна жана анын замандаштары”, “Колхоздун төрагасы” очеркинде Жумаш Эшперович, “Кыргыз кызы кылымга” протреттик очеркте 100 тубар койдон 137ден козу алган Социалсттик Эмгектин Баатыры койчу Кайыр Мукашева [7, 132], К.Айдарбековдун “Жыйырма миңчи Камчыбек” очеркинде беш жылдыктын планын төрт жылда аткарган тракторист-механик Камчыбек Акматов, Ж. Келешбаев “Пахта талаасынын ээси”, Б. Алыкуловдун “Устаттардын шакирти”, мында кызылчачы Зууракан Кайназарованын шакирти Динаранын эмгек талаасындагы мол түшүм берген кызылчасы, Э. Медербеков “Элге кызмат кылаар мезгилим” (1970), С. Сасыкбаев “Сайкал”, “Саматтын тилкеги”, “Майрамхан” (1960), Б. Макетаев “Батмакандын бактысы”, Э. Отунчиев “Обондуу өмүр”, А. Абжапаров “Чабан менен маек”, Ж. Саатов “Жылдыздуу адам” (1971), А. Мамбетакунов “Эр эмгегин эл баалайт” очеркинде койчу Тынаев Жамаке жөнүндө (1981), Ж. Эгембердиевдин “Чемпион”, мында тракторсит Ваккер Александр Егорович (1979), К. Борбугуловдун “Рекорд”, мында атактуу чабан Данияр Чойбеков, “Бакыт башатынан башталган өмүр” ж.б. чабан, шахтер, пахтакер, жумушчу, дыйкан, кызматкер жана интеллигенция жөнүндө портреттик очерктер жарык көргөн. Аталган очерктер алдыңкы тажрыйбаны пропагандалоо жана элди, жаштарды жалпысынан эмгекке шыктандыруу максатын ичине камтыган. Очерктердин тематикалык, проблемалык окшоштугу, жалпылыгы турмушта жашаган реалдуу кишилердин чыныгы өмүр жолу, ишмердүүлүгү чагылдырылгандыгында. Мындай очерктер окурман

алдында тиешелүү идеялык-эстетикалык кызмат өтөй алат. Анткени очерктин каарманы жаңы турмушту жан дили менен берилип курган талантту эмгекчи, дыйкан, педагог, завод-фабриканын жумушчусу, саанчы ж.б. Демек, жеке адамдын тагдыры аркылуу өлкөнүн тарыхы, басып өткөн жолу чагылтылат, эмгектеги кужүрмөндүк көпчүлүккө мүнөздүү массалык көрүнүш экендиги ырасталат.

Очеркчи үчүн күтүлбөгөн турмуштук материалынан олуттуу очерк түрүндөгү адабий чыгарма тез эле жаралбайт. Бул материал жазуучунун турмуштук тажрыйба, турмуштук кызыкчылыгы менен, тиги же бул турмуштук ынтаасы менен байланышта болуусу керек. Портреттик очерктин негизги өзгөчөлүгү - көркөм деталдын болушу. Дал келген көркөм деталь аркылуу каармандын ички-сырткы мүнөзү, сүйлөө маданияты өзүнөн өзү такталат. Ошондой эле ар бир элде тарыхый жаңы өнүгүүнүн жүрүшүн көрсөтө турган унутулгус жылдар болот. Республиканын эл чарбасын бардык жактан өнүктүрүүнүн жетишкендиктери, өркүндөп гүлдөшү коммунисттик партиянын багытына байланыштуу болгондуктан, анын негизинде узак жылдар бою алдыңкы тажрыйбаны пропагандалоо максататындагы очерктерди жазуу улантылган. Муну Ч. Айтматовдун Социалисттик Эмгектин Баатыры чабан Т. Сагымбаева жөнүндөгү “Тянь-Шандык аял” (Советтик Кыргызстан, 1963-ж. 10-февраль), “Мезгилден озгон уз”, “Изденген инженер” (Акымбеков С. Китепте: Максатка умтулгандар. Фрунзе “Кырг.” 1980, 62, 80-бб.) аттуу портреттик очерктерден көрсөк болот. “Тянь-Шандык аял” очеркинде чабан Телегей Сагымбаева 100 тубар койдон 130дан ашык козу алып, план төгүүдө ашыгы менен аткарып, койчунун түйшүгү түмөн турмушунда көпчүлүккө үлгү болсо, “Мезгилден озгон узда” камволдук-сукна комбинатынын ийрүү цехинин жумушчусу Нурманбетова Турсунбүбүнүн жоопкерчилигинде онунчу беш жылдыктын планын бир жыл сегиз ай он үч күндө аткарышкандыгы, бул тынымы жок мээнетти аркалагандыгы, “Изденген инженер” очеркинде да Сатымкулдун онунчу беш жылдыктын планын мөөнөтүнөн эрте кара жанын карч уруп аткаргандыгы реалдуу факты-цифралар [9, 62, 80-бб.] менен коштолуп баяндалат. Алдыңкы тажрыйбалуу жумушчунун үлгүлүү жүрүм-туруму, ийгилиги, адал эмгегинин даңкы менен тегерегиндегилердин аң-сезимин ойготуп, шыктандырып, дем берет. Очерк жандуу фактыга таянып жазылгандыгы менен окурманга чоң таасир калтырат. Ошентип партиялык көрсөтмөнүн негизинде очерк аркылуу революциялык күрөшчүл духту өстүрүшкөн. К. Эдилбаев “Табияты жоокерлик” аттуу макаласында: “Саресеп салып көрсөк портреттик очерк жогорку деңгээлде өнүгө алган, б.а. портреттик очерк боюнча жазылбай калган

кесип ээси калбагандай" деп белгилейт да очерк жанрынын табитятын ар дайым мекен, эл күзөтүндө турган "жоокерге" салыштырат.

Кыргыз элинин сыймыктуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов очерк жанрына чоң адабиятка киргенге чейин студенттик жылдарында эле кайрылган. Ч. Айтматовдун очерктеринен типтүү образдарды, адептик-ыймандык маселелерди, Мекен темасын, кыргыз искусствосунун жаралышын шарттаган өкүлдөрдү, жеке чыгармачылыгына түрткү болгон себептер менен чыгармаларындагы каармандардын элесин, көркөм чыгармаларынын идеясын, темасын, мазмунун таасын түшүнүүгө, жакындан таанышууга болот. Мына ушул макалада Ч. Айтматовдун "Манас атанын ак кар, көк музу", "Тянь-Шандык аял", "Ак алтындан улуу жол" аттуу очерктеринин көркөм баалуулугу талдоого алынды.

"Адабиятты балалык курактан сүйдүм, мектепте кезимде эркин темадагы сочинениени абдан көңүл коюп жазчумун, ал эми институтта окуп жүргөнүмдө адабиятка кызыгуу күчүн таасын билдим" [1, 155] деп эскерет улуу жазуучу өзү жөнүндө. Ал штамп, трафарет, карандай кайталоочулук, тууроочулук, ээрчүдөн арылып, көркөм тажрыйбаларга чыгармачылык менен мамиле кылып, адабий мейкинден өз чыйырын издеп, жогорку көркөмдүктөгү чыгармаларды жазуунун зарылдыгын түшүнөт. "Эгер мен кийин реалдуу турмушка, анын татаал жана карама-каршылыктуу жактарына, чыгармачылыгымда журтума, Шекериме, мен билген жана эсимде калган, ишимде медер тутар адамдарга кайрылбаганымда мен жаза албайт элем... Мен ошондо өз ата журтумду, өз жеримди, Шекерди ачтым" – дейт Ч. Айтматов [2, 15]. Улуу Жеңиштин отуз жылдыгына карата "Огёнок" журналы менен "Кыргызстан маданияты" газетасынын редакциялары залкар жазуучудан айылдаштарынын согуш маалындагы турмушу тууралуу очерк жазуусун өтүнүшөт. Ошентип тыл, оорук, андагы айыл турмушу, жазуучунун согуш күндөрүндө өткөн балалыгы, чыгармачылыгына башат болгон Шекер айылы жана айылдаштары тууралуу "Манас-Атанын ак кар, көк музу" аттуу очерки 1975-жылы жазылып, жарык көрөт. Согуштун катаал учурундагы адамдардын жан дүйнөсүндө болуп жаткан түйшөлүүнү сыноо, ал сыноодон ким кандай өттү деген коомдук-саясий маселени Айтматов дал ушул очеркинде ачык көрсөткөн. Очеркте Мекен темасы жогорку деңгээлде ачылып берилет - Шекер айылы, Күркүрөө суусунун ыйыктыгы, Манас-Ата тоосунун улуулугу, касиеттүүлүгү; андан кийин жазуучу согуш темасын чагылдырган – согуш башталган учур, жердештерди согушка узатуу, кара кагаз менен өксүгөн эне ыйы, "бардыгы фронт үчүн" жана "заман талабы" деген жоопкерчилик, өспүрүм балдардын мээнети, оор турмуш,

колхоз түйшүгү; ал тургай жазуучунун каармандарынын чыныгы жүзү менен таанышууга болот – чын турмушта да, чыгармада да Аксай десанттары - Анатай, Султанмурат (“Эрте жазда келген турналар” повести), Мырзабай (Мырзакул – “Бетме-бет” повести), Тойлуке (“Жамийла” повестиндеги комбайнер), Эненин, мугалимдин мыкты образдарынын жаралышын шарттаган каармандарды, айылдаштарын баяндап жазган. Жазуучу окурмандардын көз алдына Шекер айылынын көрүнүшүн, ташкындап аккан Күркүрөө суусун, Дүйшөндүн теректерин, талаасы менен Манас-Атанын тоосун, айылдын карапайым адамдарынын жашоосун, көз карашын, психологиясын тартат [2, 15]. Очеркте публицистикалуулук менен көркөмдүүлүк айкалышып турат. Автор өзү түздөн-түз катышып, б.а., өз башынан өткөргөн согуш күндөрүндөгү эрезеге жеткен балалыгын эскерген.Чыгармада лирикалык толгонуу күчтүү: “Мекен деген алп сөздүн кут түшкөн очок сыяктуу, алакандай борбору болот эмеспи. Менин мекеним – Шекер айылы”, “Согуш менен адам бетме-бет кез келишти, согушту тиешеси жоктой четтеп өткөн жанды мен билбейм”, "Ушуларды кээде эскерем, мына андан бери нечен жылдар өткөн экен дейли, балтыр эти ката элек бала чагымда ошондой эстүү-баштуу, окуган билими болбосо да, көкүрөгү дилгир адамдарга үзөңгүлөш кылган тагдырыма ыраазы болом”, “Сельсоветке фронттон “кара кагаз” келбеген күн аз... Баарынан тозогу, баарынан оору – ал кабарларды угузуу... акырын окуйм да, кыргызчалап которуп берем. Анан унчуга албай туруп калам. Оболу шырт этип таш кулап, анан көчкү жүрүп кеткендей эңшерилген оор үшкүрүк чыгат, дене-бойду дүркүрөтөт. Баш көтөрүп, түз караш кыйын”, “... пулеметту кезей кармап, дем албастан тыяктагы фронтко, ушу кагаз келген жакка тынбастан жүгүрүп отуруп, огу түгөнбөс пулеметтор менен фашисттерди кыра бергим келет, кыра бергим келет”, “Тышта мээнеткеч, үйдө эне, канчалык көкөлөтө даңктаса да ашык эмес. Эгер мен скульптор болсом, согуш кезиндеги аялдын образын колодон жасоого бүт өмүрүмдү сайып коёр элем”, “Билбестикте гана жакшылыкты жамандыкка айлантып алууга болот” сыяктуу жазуучунун жансыры берилет.

Очеркке жазуучу көркөм деталдар менен боёк берген: Манас-Ата тоосу, асма сумка, темир жол, Көк-Сайдагы кош айдоо. Ч. Айтматов Манас-Атанын касиети менен согуш маалындагы элдин кең пейилин, оор турмушту ачып берген. Ал эми “асма сумка” менен жаш сельсоветтин тагдырын, фронт, кара кагаз окуяларын чагылдырган. “Темир жол” деталы очерктеги нравалык маселелерди жана согуш темасын коштойт. “Эчкили-Тоонун аягы, Кара-Тоо колтугундагы биздин Маймак станциясы аркылуу, андан аркы бизди кең дүйнө менен

байланыштырган Жамбыл аркылуу өткөн эшалондор Батыш менен Чыгышка күнү-түнү байма-бай каттап турду. Душман менен кармашып жаткан чоң өлкөнүн кан-тамырынын булкунган кагышын биз ушул темир жолдон билип турдук", согуштан бир бутунан жоон сандан ажырап кайткан Мырзабай Үкүевдин "Шекер айылынын жергиликтүү классикасына" айланган ыры:

Сагынып келдим алыстан,
Сунсам бир колум жетеби!
Санжырга жерим Ала-Тоо,
Сагыныч ичте кетеби!
Кош эмчек сындуу Манас-Тоо,
Кусадар келсем өзүңө,
Күркүрөө суудан бир жутпай,
Карааның кетти көзүмө. Бул ыр ошол Мырзабай Новосибирскиден Батышка жөнөгөндө жогоруда аталган Маймак станциясы аркылуу өтүп, поезд токтобой Таластын кырка тоосун этектеп, Манас-Атанын маңдайынан кол сунса жеткидей жерден өтүп кете берген. Ошондо ичтеги күйүтүнөн Мекенге болгон кусалык ыры жаралган. Мырзабайдын окуясы, биринчиден: "Саманчынын жолунда" Майсалбекти станцияда күткөн Толгонайдын окуясында кездештиребиз, "Бетме-бет" повестинде Мурзакулдун түп кейипкери, экинчиден: фронт, согуш темаларын чагылдыруудагы бирден бир негиз болсо, үчүнчүдөн: өспүрүм жазуучуга жана бүткүл Ала-Тоого согуштун каарын ушул темир жол жеткирип турган. Байтик, Тайырбек, Анатай, Султанмурат сыяктуу классташтырынын 1942-жылы Арчагулдун жайлоосуна 200 гектар кошумча жер айдоосун өзгөчө поэтикалуу жазган. Айдоододогу чыканактай өспүрүм балдардын жааган карга карабай, суу болгон зилдей таар капты жамынышып, жүздөрүнөн эриген карбы же терби ойлоого чамалары келбей аттарды чүчүлөшкөн "согуштун балдарына", башка тушкөн оор жүктүн жоопкерчилигин билген балдарды аяп ыйлагандыгы баяндалат. Көзгө көрүнгөндүн баарын жаза берүү очеркке көрк бербейт. Типтүү фактыларды, типтүү кубулуштарды издеп таба билген, буларга коодук берген, жан бүтүргөн очерктер гана коомдо алгылыктуу баа ала алат. Бул очеркте типтүү фактылар камтылып, типтүү образдар катышкан. Маселен, ат сарайдагы аттардын уурдалышы ошол учурдагы өз камын ойлогон, эл башын түшкөн оор күндөргө кайдыгер, согушту четтеп өткөн жексурлар жөнүндө, ошондой эле типтүү образ катары согуш мезгилиндеги бүткүл эрин күткөн келиндердин кейпинде Асия Дубанаеваны, жазуучунун апасы жана бир бир тууган иниси жөнүндөгү баянын, кош айдаган өспүрүмдөр, Мырзабай Үкүев жана автордун өзү да типтүү образ деп

атасак болот. Мына ушул типтүү кубулуш, фактыларды Ч. Айтматов көркөмдөп, жан бүтүрүп, кайра жашатып биздин мезгилге, кийинки муунга калтырды. Очерктеги типтүү образдар ар бир кыргыз муунунда жашап калаары акыйкат. Очеркти жазып жатканда “Эрте жазда келген турналар” повестинин угуту өнүп, идея пайда болуп, кийинчерээк Кыргыз ССРнин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон повесть жаралган. Ошентип аталган очеркте окуялар, каармандар курулай тизмектеп баяндоо эмес, турмуш чындыгы, адам мүнөздөрү реалдуу сүрөттөлүп, автордук переживание менен баяндалып, психологиялуугу, образдуулугу, тарыхыйлуулугу, документалдуулугу, реалдуу инсандардын бейнеси ачылгандыгы менен кыргыз очерктеринин мыкты үлгүсү жана жанрдык жактан көркөм очерк болуп саналат.

Өзүнүн документалдуу материалга таянгандыгы жана публицистиканын табиятына жакындыгы менен очерк жанрынын учурдун өзүндө болуп жаткан турмуш чындыгын чагылдырууга өтө ийкемдүү экендиги белгилүү [4, 158]. Ч. Айтматовдун “Тянь-Шандык аял” аттуу очерки атактуу, үлгүлүү чабан, баатыр эне, Социалисттик Эмгектин баатыры Сагымбаева Телегей Алмамбетовнанын кой өстүрүү, жүн өндүрүү, шакирт тарбиялоо жана Ата Мекенге чын дилден кызмат кылуу мазмунун камтыйт. Очерктин башталышында автор каарманга кайрылуу жасап, андан ары сюжет кураган. “Телегей Алмамбетовна сиз жөнүндө мага чейин да көп жазышкан. Сиздин тагдырыңызды турмуш өзү жазган, биз кагазга көчүрүп жазып жатабыз. Сиз жаш, жаңыдан тажрыйба топтоп жаткан чабандар жөнүндө жазсаңыз адилеттүү болоор эле дедиңиз. Мен ошол жаштардын атынан сиз жөнүндө жазгым келди” деп Чынгыз Айтматов Сагымбаева Телегейге карата сый-урматын сездирип, жөн жерден кайрылбагандыгын билдирет. Очерктин тамырында “мекен темасы” катуу кагып турат. Турмуштук чиеленишкен факторду даңктуу чабандын өз мекенине, Тянь-Шанга араңдан-зорго, ажалдын чеңгелинен кайтып келип, талыкпай кызмат өтөп, эмгек сиңиргендиги менен ачып берген. Сагымбаева Телегей каргашалуу Үркүндө ата-энеси менен Кытайга качып, бирок ата-апасынан ажырап кайткан. Көз ачырбаган бороондун, ачарчылыктын азабын тартып жат жерге качып, ал жакта атасы ар кимдин малын карап үй-бүлөсүн багып жүрүп да ар дайым “Мекен деген мекен” деп балдарына мекенди сүйүүнү үйрөткөн. Кийин Россия падышачылыгы орногонун уккан атасы ашуунун ачылышын чыдамсыздык менен күтүп, жаздын келиши менен жолго чыгышат. Атасы ашууда ачкалыктан каза болот, өлүп кетип жатып да аларды мекенге элден калбай кайтууну шыбырап турган. Атасы

өлгөндүн эртеси, ашуудан түшө бергенде апасы да каза болот. Телегей өчөйүп өлгөн апасынын маңдайында отуруп жердештеринен аны таштап кете берүүсүн суранат. Бирок жердештери аны калтырбай ала кетишет, "ошондо келечектеги Тянь-Шандын атактуу чабанын сактап калышканын билишпесе керек" деп сыймыктануу менен жазган. Ал күндөрдү атактуу чабан өтө кайгыруу менен, бир чети жаштарды адеп-ахлакка, мекенди сүйүүгө тарбиялоо максатында эскерет. Телегей апаны (очеркте жазуучу өзүнө "апа" деп атоо укугун ыйгаргандыгын биз макалада колдондук-Ж.С.) тынчсыздандырган турмуштук жагдайлардын маңызын бир гана адал эмгек менен чыгаруу зарылдыгын өз учурунда аңдап билип, 1927-жылы Кочкордо алгачкы жолу кой багып өстүрүү чарбасы уюшулганда жолдошу Дүйшөналы Сагынбаев экөө биринчилерден болуп чабандыкка ишке киришкен. Чабандын оор түйшүгүнө карабай, бүт жан дилинде берилип, ак эмгеги, тынымсыз мээнети менен эт жана жүн төгүү пландарын ашыгы менен аткарган. Он бир баланы тарбиялап, эрезеге жеткирген. Кенже уулу Абдуманап жана кызы Асылгүл апасынын кесибин аркалап, анын чабандар бригадасында эмгектенишип, өз алдынча короо кой багышат. Телегей Сагымбаева өз балдарына гана эмес башка койчуларды да тарбиялоодон, жол көрсөтүүдөн, жардам берүүдөн качпайт. Тескерисинче план аткаралбаган жаш чабандардын жанына барып конуп, аны тынымсыз көзөмөлгө алып, жардамын аянбай берип, качан гана планын жеткирип аткаргандан соң дагы башка жаш чабанды көзөмөлдөөгө аттанат. Мисалы, Аскар Усубалиев, Шаршекеев Жукун аттуу артта калган, жалкоо чалыш чабандардын жанына конуп, ишти талап кылып, жолун көргөзүп, акырында экөө тең жылдык пландарын чыгашасыз аткарышып, Телегей апага ыраазычылыктарын билдиришкен. Мындай аңыз эл арасында ар дайым айтылат. Очерктеги автордун башкы максаты Телегей апанын эли-жерин, Тянь-Шан тоолорун мал-киндигине чейин билип, сүйүп, ардактап, кастарлаган мекенчил касиетин, адамгерчиликтүү сапатын окурмандарга жеткирүү. Сагымбаева Телегей тууралуу аталган очерктен сырткары башка акын-жазуучуларга таандык көркөм чыгармалар жазылган. "Телегей" аттуу көлөмдүү романдан тартып, обондуу ырлар жаратылып, окуучулар тарабынан хор ырдалып, Телегей апа аркылуу чабандык кесиптин ардактуулугу белгиленген, даңазаланган жана чабандык кесипке үгүттөлгөн. Ошентип, "Тянь-Шандык аял" очерки реалдуу адам мүнөзүн мекен темасы аркылуу ачып, адал эмгек, ак мээнеттин турмуштагы бийиктигин эргүү менен, сыймыктануу менен баяндап жазган. Очерктин пафосу да адал эмгек менен мекенге, туулган жерге кызмат кылуу, мекенди сүйүү. Ал эми жанрдык жактан портреттик

очерк болуп саналат. Портреттик очеркте жеке адамдын бейнеси ачылат, б.а., каармандын көп кырдуу мүнөзүнүн ачылышы, ишмердүүлүгүндөгү мотивдер, анын психологизми социалдык мааниде, бирок индивидуалдык аракеттин негизинде чагылдырылат. Ошентип автор кейипкердин өмүрүн толук билүү, анын эң бир асыл сапаттарын окурманга жеткирүү, чебер психолог болуу милдетин аркалайт.

Чынгыз Айтматовдун очеркке сыпатташ "Ак алтындан айга жол" ("Лунная дарога из хлопка") атту чыгармасын кошууга болот, себеби баян документалдуулук, адам мүнөздөрү, реалдуу факты, цифралар менен көркөм баяндалат. Очерк көлөмдүү, типтүү каармандарга ээ, диалог, пейзаждык сүрөттөөлөр, автордук баяндоо сыяктуу көркөм адабиятка таандык болгон элементтер сакталган. Очеркте Өзбекстан жергесиндеги суусуз талааларга суу жеткирүү, пахта өстүрүү, планды ашыгы менен аткаруу жана теримчилердин турмушу, күндөлүк түйшүгү турмуш чындыгында сүрөттөлөт. Суусуз талааларга алгач 15 гана гектарга пахта эгилип, бул көрсөткүч тез эле 2500 гектарга жеткирилген. Теримчилер Турсунай жана Инобат Ахуновалар эже-сиңдилер, механизатор Муттихан Джумабаева, Азада Маматова, Махбуба Насреддиновалар алдыңкы эмгекчилер, эне, коомдук ишчи, жаңычылдар катары да өзбек улутунун мыкты теримчилери, жумушчу аялдар. Дагы ушул сыяктуу мыкты колхоз жетекчиси, бригадир, теримчилер – "алар жүз, миң жана дал мына ушулар айга ак алтындан ракета учургандар" деген метафора менен пахтачылардын зор эмгегин даңазалайт.

Жыйынтыктап айтканда, залкар жазуучу Чынгыз Айтматов ар бир жанрдын үстүндө кылдат, чебер иштеген калемгер. Анын очерктери документалдуулугу, көтөргөн проблемасы, же даңктаган пафосу реалдуу турмуш чындыгы. Очерктер

- эмоционалдуу, образдуу, көркөм идеялуу
- фактылуу, документалдуу
- социалдык-нравалуу
- көркөм тилдик каражаттарга бай, натыйжада прозадагы өзүнчөлүк каситине ээ чыгармалар болуп саналат.

К. Асаналиев: "...жазуучулук эргүү аңгемеге кандай деңгээлде керек болсо, андан кем эмес өлчөмдө очеркке да зарыл. Кыскасы автор очерк жазууда турмуштук фактыга, окуяга көз каранды эмес. Тескерисинче, аларды өзүнүн чыгармачылык эргүүсүнө ийкемдүү баш ийдирүүгө тийиш" [К. Асаналиев Кыргыз совет прозасынын очерки. Кыргыз ИАнын басмасы, 1960, 2-китеп, 7-б.].

Портреттик очерктерге ошондой эле, алдыңкы бригадалар, цехтер, ишканалар, колхоздор ж.б. өндрүштүк уюмдардын жаңы

башталмаларын, жетишилген ийгиликтерин даңазалаган очерктер да кирет. Портреттик очерктердин жыйнагы “Жылдыздуу адамдар” (түзгөн: Сексенбаев). Жыйнактын аталышы символикалуу, тактап айтканда, жыйнактагы очерктердин ар биринин каарманы – Алтын Жылдыздуу Социалисттик Эмгектин Баатырлары. Жыйнак акын жана журналист Таш Мияшевдин “Жигердүү өмүр” очерки менен башталат. Очерк атактуу тамекичи, Социалисттик Эмгектин Баатыры Абдувап Тойгонбаевдин өмүр жолунан алынып жазылган. Чыгармада А. Тойгонбаевдин алгач катардагы колхозчу, кийин бригаданын учётчиги, анан бригадир болуп иштегендиги баяндалат. Т. Мияшевдин бул каарманы өзүнүн ишкердүүлгү, аракетчилдиги жана демилгечилдиги менен көзгө элестейт.

Жумакай Орунтаевдин “Талаа-Булактык тарбиячы” очеркинде белгилүү педагог, Социалисттик эмгектин баатыры Көкөбай Мамбеталиев жөнүндү сөз болот. Очеркти автор өз аарманы менен бетме-бет сүйлөшүп, бирге жүрүп, ошонун жылуу таасири менен жазган. Орунтаевдин каармандын индивидуалдык бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүү максатында анын тааныштарынын, окуткан мугалимдери менен окуучуларынын пикирлерин, өз ара мамилелерин берөөгү аракеттенгендиги кубаттого арзыйт. Кантсе да очерктеги фактылар өтө жыш.

Жумушчу жана дыйкандын образын чагылтуу милдети – жазуучулардын бирден бир башкы милдети болгон. Бирок көпчүлүк очерктерде өндүрүштүк процесстердин маңызына жете түшүнбөй, үстүртөн сүрөттөөчүлүк күчтүү. Анткени, жазуучулар (очеркисттер) тигил же бул заводду, курулушту, чарбаны, коллективди жакшылап изилдеп, үйрөнүшпөгөн.

Очеркисттерди күн тартибиндеги тема кызыктырган. Авторлордун издеген каармандары – айылдык эмгекчилер болгон. Очеркти эң жооптуу иш катары баалап, чыгармачылык ишке сергектик, кыраакылык, жоопкерчилик менен мамиле кылып, келечекте көп нерсеге шыктандырган каарман-образдары жаратып, жаңы күн тартибиндеги очерктер жазылып турган. Албетте изденүүнүн жолунда чыгармачылык иштин ысыгына күйүп, суугуна тоңгон, бул ишке чындап кан-жаны менен берилгендикти очеркисттерден көрүүгө болот. Журналисттер Мекен Болотовдун “Жолугушуу”, Сатыбалды Бакеновдун “Учкул канат”, Бектур Акишевдин “Иш ийгилик жаратат” аттуу очерктеринде жумушчунун образын жаратууга аракеттенишкен. Үч очерктин тең каармандары коом үчүн маанилүү иштерди аткаруу милдетин биринчи орунга коюшат. М. Болотовдун очерки көбүнесе аңгемеге жакындап кетет да, бирок башкы каарман – нан бышыруучу

Аскар Нарынбековдун өмүрүндөгү документтик фактылар аркылуу очерктик табиятынан ажырабайт. Автор өзүнүн каармандары менен сыр жашырбас ачыктык менен сүйлөшөт. Аскардын ички дүйнөсүн ачып көрсөтүү үчүн автор анын балалык чагы жөнүндө кабар берет. Ата-энесинен эрте ажыраган Аскар турмуштан мөгдөп калган жок, бүткүл дитин окуусун улантууга, эмгек менен алпурушууга койду. Жөндөмшыгы артып, эл таанып, турмушка аралашуу, андан өзүн бактылуу сезүү, эмгек ыракатын көрүү сыяктуу ойдо гана жашайт.ошол мезгилдеги социалисттик түзүлүш Аскардай адамдардын талантынын бүр ачышына, чыгармачыл, уюштуруучулу жөндөмүнүн өркүндөшүнө эң ыңгайлуу шарттарды түзөт болуучу.

С. Бакенов менен Б. Акишевдин очерктеринде да слесарь менен тракторчунун портреттик сүрөттөрү тартылат. Биринчисинде “Кыргызавтомаш” заводунун слесары, Ленин ордендүү Накайбек Алымбековдун эмгектик жеңиштери көрсөтүлсө, экинчисинде тракторчу Владимир Михайлович Маханьконун мээнеткеч турмушу чагылдырылган. С. Бакенов көбүнчө башкы каарман менен завод коллективинин карым-катышы байланышына көңүл бурган. Б. Акишевдин очерки тили жагынан көбүрөөк аксайт. Анда бир окуганга түшүнүктүү боло бербеген, кыргызчага окшобой, орусчадан так которулбагансып алган сүйлөмдөр бар.

“Айыл жылдыздары” жыйнагында Идрис Галиев колхоздоштуруу мезгилиндеги жумуштар жана планды толук андан да ашыра тапшыруу боюнча айыл эмгекчилеринин алдыңкыларына арнап жазылган очерктер камтылган. «Сыймык» очеркинде алыскы райондордо, айылдарда жашаган Сандыбай карыянын жана баласы Аскарбектин аткарган иштери баяндалат. Сандыбай ата басмачыларга каршы чыгып баатыр аталса, Аскарбек жаш чабан болуп атагы чыгат. Чабандын койду төлдөтүүдөгү кыйынчылыктары, кандай гана иш кылбагын «аракет кылсаң берекет» дегендей кышты кыш, жайды жай дебей иштесең, эң акырында кылган мээнетиңдин үзүрүн көрө турганын Аскарбек, Искендерлер дагы бир жолу далилдешет, Совет бийлиги өкүм сүрүп турган мезгилде пландын талаптагыдай аткарылышы сүрөттөлөт. Советтик адамга тиешелүү болгон моралдык сапаттардын бири – сөзү менен ишинин дал келгени, принципиалдуулук, ишкердүүлүк болуп саналат. бул сапаттар эл, коом алдында жоопкерчиликти сезе билүүдөн, саясий аң-сезимдүүлүктөн келип чыгат. Сөз менен иштин бирдиги, коллективдин жана советтик коомдун бирдиги алдында өз милдетин кыйшаюусуз аткаруу, адамдын иш-аракетинин анын коомдук милдетине дал келиши дайыма ак ниеттүүлүктүн башкы көрсөткүчү болуп саналат [143, 84].

«Намыска шерик» очерки жаш болгонуна карабай, өзүнүн кызыгуусу жана намыстуулугу менен кыйынчылыкты жеңген Тая аттуу кыздын баатырдыгына арналып жазылган. Таянын кызматы тоок багуу. Ал жөжөлөрдү чоңойтуп, чыгашасыз өстүрүү, центнерлеп эт берүү - убадасын аткаруу. Мында эң маанилүүсү жаш кыз өз ишинин ыгын билгендигинде. Тоскоолдуктарга, кыйынчылыктарга карабай аракет кылат. Ошол эле планды ашыгы менен аткарат. Сыйлыкка жетишет. Алган сыйлыгы жумушка дагы чоң жоопкерчиликти жүктөйт. Таянын үлгүлүү мүнөзү өжөрдүк, бир сөздүүлүк жана жоопкерчилик, айтылган сөзгө чөкпөй, намысты бийик кармап алдына койгон максатка умтулган сапаттары менен өзгөчөлүү.

«Адам дайым адымдайт» очеркинде Майрамкандын образы аркылуу адам баласынын арышы (жигери) тууралуу баяндалат. Эч нерсе менен иши жок секелек кыздардын бири Майрамкан мыкты теримчи, пахтачы аталды. Көз коркок, кол баатыр дегендей апасынан 3 килограмм гана аз терген. Окууга барып, билимин өркүндөтүп комбайнды да айдап, эркектин ишин да ылгабай аткарат. Себеби Совет бийлиги мына ушундай ишмердикти күн тартибине коюп, талап кылган. Баары бирдей укукта иш кылганда гана Жер өз мээримин төгөөрүн аныктады. «Эне» экенин, «алтын» экенин Майрамкан маңдай тери менен кубанычы менен далилдеп отурат.

«Мүдөө» очеркинде бир нече бөлүмдөрү бар. Колхоздун 500 коюн баккан Молдогазынын басып өткөн жолу баяндалат. Молдогазы дайымы эле «бала бойдон турбайт» экенсиң дейт. Себеби жаш кезинде жаштыгына барып, кой кайтарып жүргөндө ойноп, кожогат терип, жыл сайын жайлоого барып, колхоздун коюн багып жүрүп чабан болуп иштеп калат. Ал андай ишине өкүнбөйт, тескерисинче, сыймыктанат. Кыйынчылыкка кабылган учурда өзүнүн керт башын тобокелге коюп, койлорду аман сактап калууга тырышат. Анын негизги себеби Молдогазынын эмес, колхоздун койлорун сактап калуу эле. Тоют аз калган учурда алына турган козуларды эмес, койлорду аман алып калуу чарасын көргөн, эмгекчи, мээнеткеч чабан натыйжада өз максатына жетет.

Жогорудагы очерктердин баарында өз айылдарынан жылдыздары мойнуна жүктөлгөн планды ашыгы менен аткарышканында. Сыйлыкты алышып, ошого жараша талыкпай дагы эмгектенүүгө аракет кылышты, токтобостон иштешти, мээнеттеништи. Келечекке кадамын кең таштап, мурункудан да көп иштөөгө багыт алышкан болсо, алдыңкы эмгекчилердин ушул аткарган иштерин очеркинде баяндаган Идрис Галиевдин айылдаштарынын сыймыктуу иштери менен мактана тургандай жашап өтүшкөнүн билүүгө болот.

Жапар Саатовдун төмөндөгү очерктеринин идеясы окшош, себеби ар бир ишти баштап жатканда андагы кыйынчылык, тоскоолдуктары, боло тургандыгы, барып өз нугуна түшөрү жана кылган аракетирдин натыйжасында, мээнетиң өз мөмөсүн бере тургандыгын далилдегендиги көрүнөт.

«Жылдыздуу адам» очеркинде совет бийлиги орногондон кийинки сабатсыздыкты жоюу аракеттери көрүлгөн. Эң негизги идеясы жаңы ачылган мектеп-интернаттын директору Мырзакан Мамытовдун иш билгилиги, уюштуруучулугу. Ал биринчи жумушта биримдикти орнотту. Окуучу балдар, кыздардын билимдүү, тарбиялуу жана өнөрлүү болуп жашашына, келечекте өлкөгө пайдасын тийгизе турган мыкты адам кылып чыгарды. Ата-энелердин ишенимин актап, мамлекеттик сыйлыкка ээ болду. Бул нерсеге оңой эле жетишкен жок, ушак-айыңга маани бербей, «Партия ишенип жибергенден кийин, кандай болсо да, акташ керек» деген принцип менен баарын жеңип чыккандыгы айтылат.

«Куш уйку» очерки совхоздун директору Жапар Исмаиловдун шайыр мүнөзү, кандай маселе болсо сөз менен да, иши менен да чече алган тил билги мүнөзүн, жетекчилик сапатын баяндайт. Чыгармадагы идея адам баласы эмгектениши керектиги, болгондо да "жан дилиң менен эмгектенсең, акырында үзүрүн көрөрү" айтылып өтөт. Бирок «чырм» этип эс алуу да жанга бир аз ырахат тартуулары эскертилген көркөмдүккө ээ. Исмаилов Жапар жол курулушу, дыйканчылыкты өнүктүрүү, жумушчулардын маянасын өз убагында берип кубандырганы деталдуу баяндалат.

«Ардак ээси» очеркинин каарманы - Айымкан Орозбаеванын эмгектенүүдөн ардак ээси болгондугу баяндалган. Айымкан – жолдошуна күйүмдүү, иш дегенде ичкен ашын жерге койгон, шайыр, тамашакөй, зирек аялзаты. Назик аялзаты экенине карабай, эркектер менен тең тайлаша иштеп, кадимки Чүйдүн жайлоосунда койду мыкты карагандыгы, мээнеткечтиги үчүн СССРдин сыйлыгы менен сыйланды. Айымкандын айырмачылыгы күнү-түнү уктабай, жамгырды тоготпой, эч ааразы болбой койлорду карагандыгы, баккандыгы. Ошентип сыйлык жөн жерден эле эмес, кылган аракетине жараша, эртеби-кечпи үзүрүн берди.

Мындагы негизги идея мойнуңа жүктөлгөн милдетти кыйынчылыгына карабай аткаруу. Жүктөлгөн иш баарына бирдей. Аны аткаруу адамдын өзүнүн эле аракетинен экенин бизге Жапар Саатов өз очерктеринен тастыктады. Ошону менен катар өкмөттүн ишине кайдыгер карабоо керектиги, ар бир ишке керт башы менен жоопкердиги сыяктуу талаптары менен тарбиялаган көркөм очерк. Айыл-кыштак турмушунун айрым олуттуу жагдайлары кенен-кесири,

көп катмарлуу жана терең мааниде сүрөттөөгө алынган. Бул болсо өз кезегинде автордун элет турмушунун орчун көрүнүштөрүн өз алдынча иликтеп, анын социалдык-нравалык, психологиялык өзгөрүштөрүнүн тегерегинде өзүнчө ой бычып, жаңы белгилерге эгедер жаркын образдарды түзүүнүн үстүндө астейдил изденүүсүн талап кылат. Айыл-кыштак турмушунун айрым олуттуу жагдайлары кенен-кесири, көп катмарлуу жана терең мааниде сүрөттөөгө алынган. Бул болсо өз кезегинде автордун элет турмушунун орчун көрүнүштөрүн өз алдынча иликтеп, анын социалдык-нравалык, психологиялык өзгөрүштөрүнүн тегерегинде өзүнчө ой бычып, жаңы белгилерге эгедер жаркын образдарды түзүүнүн үстүндө астейдил изденүүсүн талап кылат.

Негизинен очеркте көбүнчө турмуштун жаңы жана тирүү баатырлары, же каармандары көрсөтүлөт. Ал эми ар кандай жаңы нерсе же типтүү каарман башка жанрлардагыдай (аңгеме, повесттегидей) эркин типтештирүүнү, ашыкча образ берүүнү көтөрө албасы мүмкүн (338-б).

Жыйынтыктап айтканда, портреттик очерк - өлкөдөгү жумушчу, колхозчу, инженер, мугалим, дарыгер жана илимпоз, б.а. жалпы эмгекчилерди чагылдырган чыгарма. Саресеп салып көрсөк портреттик очерк жогорку деңгээлде өнүгө алган, б.а. портреттик очерк боюнча жазылбай калган кесип ээси калбагандай. Мындагы каармандын эмгекке чыдамдуулугу, мекен кызыкчылыгынын бийиктиги, ар кандай кыйынчылыкка карата туруктуулугун көрсөтө алган, тырышчаак жөндөмдөргө ээ эмгек адамдарынын, илим менен искусствонун, саясий ишмерлеринин портрети түзүлөт.

## 2-§ Жол очерки - көркөм прозанын өзгөчө формасы

Белинский жол очерктерге мазмуну жана формасы жагынан жогорку көркөмдүү жана элдик болушун, б.а. реалисттик искусствонун принцибин талап кылгандай эле талап койгон. Ал очеркти орус адабияты менен бирдей укутагы жана маанилүү жанр деп эсептеген, ал очерктердин биринчи ийгилигине чын дили менен кубанып, очерк жанрынын дагы жемиштүү өсүшү үчүн күрөшкөн. Очерк негизинен көркөм адабият менен публицистиканы айкалыштырган чыгарма. Очерктин негизги өзгөчөлүгү - окуянын өзүнө күбө болуп, документалдык булактарга таянып жазуу [4]. Коомдогу кайсы бир инсандын ишмердүүлүгүн, же өлкө жетишкендигин, же жол баянын баяндап жазуу менен очерк жазуучу окурмандын күндөлүк жашоосуна карата көз карашын өзгөртүп, натыйжада турмуш-тиричилик шарданын кайрадан жандандырып, адабият айдыңында жаңыртып турат. Демек,

очерк журналистика менен адабияттын айкалышып келип, бир бүтүндүктү түзгөн, өзгөчө жана кызыктуу чыгармасы. Тактап айтканда, очерк - коомдук турмушту жана андагы адам концепциясынын аспектилерин аныктаган эмоционалду-образдуу жана логикалык-рационалдык жактан айкалыштырган адабий-публицистикалык жанр.

Жогоруда белгиленгендей турмуштун ар түрдүү тармактарында орун алган окялар, көрүнүштөр, авторлордун атайын команадировкада жүргөн кездеринде баамдалып, алар көбүнчө жол окуялары катары берилгендиктен, ал кезде очерктин ушул түрү – жол очерктери басымдуулук кылган. Очерк аркылуу көрө элек жер-суу, шаарлар, жашоонун, табигаттын керемет сырлары, же болбосо кайсы бир улуттун маданияты, өзгөчөлүгү, салты, жашоо-тиричилиги, жан-жаныбары, адабияты, атактуулары же легендалары, адеп-ыйманы ж.б. боюнча көркөм баяндалат, демек окурман кызыкка батырган чыгармага кез келет.

Кыргыз адабиятындагы жол очеркинин көч башында Ж. Турусбековдун "Эпкиндүүлөр талаасында" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 17-сентябрь), Ш. Көкөновдун "Эмгек жортуулчулары" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 27-октябрь), "Түнкү коноктор" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 3-ноябрь), М. Элебаевдин "Пахтачылар базарында" (Кызыл Кыргызстан, 1931, 22-ноябрь), Ж. Самагановдун "Боордош элдерде" (жол дептер, 1957), А. Токомбаевдин "Бээжинден белек" (1960), А. Абакировдун "Унутулгус күндөр" (1962), К. Жусупов «Япония элестери», «Микеланджело мекенинде», К. Бобуловдун «Алжир жеринде», «Абхазстан – жан жыргалдын өлкөсү» [2], О. Султановдун "Ысык-Көлдөн Корсикага барчу жол" (1965), "Мухитке жол" (1977), С. Наматбаевдин "Эки дүйнө-эки жаштык" (1965), "Эркиндик аралында 22 күн" (1979), С. Наматбаевдин "Унутулгус жолугушуулар" (1982) жол очерктери турат. Айрыкча жол очерки өзүнүн табияты боюнча даректерге, документалдуу маалыматтарга таянат. Очеркте терең ойдун болушу зарыл гана түгүл, «искусствонун өзгөчө бир чөйрөсү (сферасы) катары» андагы таланттын башкы күчү - ошол ойдун олуттуулугунда, «турмуштун көрүнүш окуяларын так өзүндөй кылып ала коюу көркөмдүк манерасы жана андагы таланттын экинчи даражадагы жардамчы күчү» экендигинде [6].

Ж. Турусбековдун "Эпкиндүүлөр талаасында" очеркинде кандайдыр бир каармандын эмгектеги эрдигин, эл арасындагы адамгерчилигин, болбосо дагы башка жакшы сапаттарын сүрөттөп келип, жаңы замандын жакшы адамынын кулк-мүнөзүн, психологиясын көрсөтүү менен колхоз талаасын көркүнө келтирген эпкиндүүнүн образын жаратууга далалаттануу жок. Мында эски менен жаңы

турмуштун ортосундагы асман менен жердей айырманы элестүү формада көрсөтүүгө багытталган публицистикалык ой биринчи планда турат. Ал эми эпкиндүүлөрдүн талаасы болсо, ошол публицистикалык ойдун жаралышына себепкер болгон көрүнүш катары сезилет. Очерк эпистолярдык формада: “ - Абаке биздин түштүктү көздөй эпкиндүүлөр талаасын көздөй кара бука сүйрөп жөнөдү” [Кызыл Кыргызстан, 1931, 17-сентябрь] деп башталат, андан ары алардын Анжыянга жеткендиги айтылат. Автор Анжыянга барганда эски замандын убагындагы өзүнүн оор турмушун эстеп, ошондогу анжыянчылар менен азыркы өзүнө окшоп Анжыянга кегендердин бири-биринен чоң айырмачылыгын байкайт. Андан ары автор турмуштук фактыларды реалдуу чындык түспөлүндө гана көрсөткөн, фактынын ички сырын чечип, ага карата өзүнүн таасирленүүсүн окуучуларга эмоциялуу түрдө тартуулагандыгы чыгарманын көркөмдүк сапатын бир кыйла күчөткөн. Ошондой эле эски замандын уу чеңгээли элестеп, анын туткуну болгон бей-бечералардын онтогон үнү угулгансып, ал замандын эркеси болгон эсирген ээн-баштардын көңдөйлүгүн ашкерелеп берген. Очерктин башталышы окурманга ушундай таасир калтырат. Бирок чыгарманын андан ары өнүгүшүн шарттоого багытталган фактылар, окуялар автор тарабынан тандалып, теманын чечилишине ылайыкташтырылып пайдаланбастан, чогуу эл бойдон улай-чиркей тизмектете берген. Турмуштук байланыштар, көрүнүштөр, конкреттүү образ аркылуу көрсөтүлбөстөн, үстүртөн гана жалпы баяндалышы очерктин аягын солгундатып, баш жагындагы автордук ойдун эмоционалдуу кесепетинин булактап өсүшүн камсыз кылбай калган. Ошонун натыйжасында очерк тарбиялык маанидеги динамикалык күчкө ээ боло албай, көркөмдүк жагы да, публицистикалык жагы да бирдей даражада аксапк калган, бирок очерктин жакшы табылгалары да жок эмес.

М. Элебаевдин “Пахтачылар базарында” жол очеркинде отузунчу жалдары жазылган очерктерде кетирилген кемчилик бар экени байкалат. Жазуучу изилдей турган обьектисине оңой менен жете албай, жол бою көргөн-билгендерин, кездештирген көрүнүштөрдү жаза берген, же жол боюндагыларга көп алагды болгон десек болот. Маселен, М. Элебеаев арабада баратып, жолдогу ашканлар, жатууга орун таппаган кыйынчылыктар, кимдир бирөө менен кер-мур айтышса, кимдир бирөө менен сырдашууга туура келгендигин саймедирейт. Ошентип отуруп, араң дегенде, чарчап-чаалыгып Базар-Коргон районундагы “Кеңеш” колхозуна жетет. Колхоз башкармасы менен сүйлөшүп, андан колхоздогу иштер, жетишкендиктер тууралуу маалымат алып, кайра жолго түшөт. Очерктин акырында колхоздун алдыңкы пахтачылары Москва, андан башка дагы жети шаарга

экскурсияга кетип жаткандыгы баяндалат. Ошентип жол азабын тартып чаалыкан автор “Пахтачылар базарына” жетпей эле орто жолдон кайра тартат. К. Осмоналиев аталган очерк жанрдык жактан чаташып калгандыгын айткан: биринчиден - чыгарма газеталык макала менен жол очеркинин ортосунда калгандай; экинчиден – очерктин максаты алдыңкы пахтасылар менен тааныштыруу болсо, бул толук ишке ашкан эмес. Себеби пахтачылар жолго аттанып жаткан, ал эми очеркчи жолдогу окуяларды майдалап баяндоо менен алек болуп калган; үчүнчүдөн – ой чачыранды берилип, төртүнчүдөн – бул мүчүлүштүктөр очерк жанры тууралуу такталган теориялык эреженин жоктугунан чыгарманы редакциялабай туруп очерк деп жарыялашкан. Ошентсе да “Пахтачылар базарынын” көркөм очерк катары жетишкендиги:

1. Турмуштук окуя кеңири талдоого алынган;
2. Окуялар фактылар тарабынан көркөмдөлүп, жандуу формада берилген;
3. Очерктин жаралышы үчүн зарыл шарттар түзүлгөн: диалог, автордук кыялдануу, айлана-чөйрөнү сүрөттөө, адамдардын мамилеси ж.б.
4. Жол очеркинин үлгүсүн сактаган;

Демек, “Пахтачылар базарында” очеркинин башка жанрларга караганда жол очеркине жакындыгы эч кандай талаш туудурбайт. Кеп анын жанрынын чаташып калгандыгында эмес, жанрдын талабына толук бере албагандыгында.

Мындай кемчиликтерди Ш. Көкөновдун жол очерктеринде ачык эле көрүүгө болот. Анын “Эмгек жортуулчулары”, “Ак алтын талаасында” очерктери өз алдынча бөлүктөргө бөлүнүп, анда Кыргыз Мамлекеттик театрынын артисттери Жалал-Абад районундагы Бек-Абад кыштагына келип, жергиликтүү колхозчуларга түнкүсүн оюн көрсөтүшсө, күндүзү алар менен кошо пахма теришкендигин жазат. Ш. Көкөновдун башка очерктеринде да ушул сюжеттик линия улантылгандыетан аларды жалпы бир тема катары кароого болот. Бул очерктерде пейзаж да, убап-чубаган эл массасы да, жол боюнда жана пахта талаасында жардам бере калган артисттердин дыйкандардын көңүлдөрүн көтөрүп, эмгекке шыктандырып ар кандай саясий жана коомдук жаңылыктады, өнүгүү-өзгөрүлөрдү жана колхоздун пайдасы үчүн күрөшүү, тап-душмандарына каршы күрөшүү сыяктуу үгүт-насаат жүргүзүшкөнү да камтылган. К. Осмоналиев очертеги кемичилигин “Кыскасы бул чыгарманы жаратуудагы автордун максаты ишке ашпай, анын далалаты андан-мындан терип-тепчип, араң-зорго чогулткан түрдүү эпитеттери, күчтүү метафоралары куру дүрмөт бойдонг кала берген. Алар көкөлөтүп көтөрө турган көркөм образ,

публицистикалыык ой болбгондон кийин курулай эле ураалай беруүдөн ийгилик жарала бербесин автор эстебептир” деп көрсөтөт.

М. Горький “Кай жерде жөнөкөй жана так көрсөтө турган факт керек болсо, ал жерде лирика менен аракеттенүү жарабайт. Эмгек процесстерин көрсөтүүдө лирика бардыгында тең жалган угулат, анткени эмгек эч качан лирикалуу боло албайт, өз мезгилинде ал - эпика, ал – күрөш, инерциянын ар түрдүү каршылыктарын жеңип өтүү. Эмгекте бардык эле күрөштөгүдөй трагизм бар” деп эмгек процессин чагылдырган чыгармаларда эске алынуучу жагдайды белгилейт. Себеби отузунчу-кыркынчы жылдардын өзүндө коомдук турмуштун шарты жалаң эмгектенүү, болгондо да жумушчу, дыйкан, малчы ж.б. жумуштарга эмгекчилерди тартуу болгон. Адам тагдыры эмгектенүү менен гана коштолчу өмүр жолу. “Иштесең тиштейсиң” деген кыргыз элини накыл кебинде да эч кандай лиризм жок. Ал эми кээ бир очекрситтер көркөм образ, жандуу образ деген идеяга берилип, очерктерин фактыны ашыкча кооздоп, боёк берип, жанрды аңгемеге сыпатташ кылып салышкан. Мезгил менен кырдаал адамдардын рухий дүйнөсүнө, адам факторуна, эмгек коллективдеринин эрдиктерин ар тараптан көркөм чагылдыруу маселесин күн тартибинде көпкө чейин кармаган. Ошентсе да калемгерлер турмушка батыл кирип кете албай, кайра куруунун демилгечилерине, кажыбас эмгекчилерге жүрөк жылытарлык көрөм баяндалган, тактап айтканда, сапаттуу очерктер азырак санда жазылган. Эмгектик мыкты үлгүлөрдүн мисалында революциялык кайра куруунун жолдорун көргөзүп, эмгек адамын даңаазалоо, анын бардык иште башкы аракеттенүүчү каарман экендигин жар салуу, кайра куруучу адамдардын жаңыча ой жүгүртүүсүн жана алардын аң-сезимин чагылдыруунун маңызын терең изилдеп чыгуу, жаңычылдыктын үлгүсүн кылдат, аяр үйрөнүү жана колдоо, жакшы, алдыңкы тажрыйба жөнүндө ынандырарлык ойдун болушу очерктин башкы идеясы болгон. Дегинкисин алганда, бул очерктер кыргыз очерктеринин калыптанышына чыйыр салып, жанрдын өнүшүнө өз салымын кошо алышты.

Очерк жанрынын пайда болуу жана телчигүү мезгилинде жарык көргөн жол очерктеринин жалпы эле абалы, мүнөзү ушундай болгон. Мунун эң башкы себеби авторлор туш келди фактылардын жана окуялардын негизинде очерк жаратууга аракеттенип, ал фактылардын сырын чечүүнү, андан кийин гана темага түздөн-түз тиешелүүлөрүн бөлүп алып, адабий формага келтирүүнү этибар алышпагандыгында [К.О. 45-б.].

“Беш жылдыктагы белсемдүү эмгек” жол очерктеринин жыйнагында (Ф. Мектеп 1975) тогузунчу беш жылдыктагы үзүрлүү

эмгектенип жаткан эмгек каармандары жана ири курулуштар, республикабызда өздөштүрүлүп жаткан дың жерлер жөнүндөгү очерктердин топтому.

Жол очерки даректүү баяндалган жөнөкөй, көлөмү кичине, майда чыгарма эмес, буга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын, ал гана эмес адабий чыгармалардын арасынан актуалдуулугун жоготпой тургандыгын баса белгилөөбүз абзел. Анткени жол очеркинде элдин каада-салты, оомалуу-төкмөлүү тарыхы, архитектуралык курулуштары, экономикалык абалы, адабий мурасы, уламыш-легендаларга айланган каармандары, байыркы жана бүгүнкү шаарлары, эл баатырлары жөнүндөгү таасирленүүлөргө өтө бай жана толкундоолорго, толгонууларга ширелген, бышылган ички сезими, жан туйгусу, дилгир санаасы сөздүн керемет ички поэтикасы жана сырткы музыкасы менен баяндалган чоң чыгарма. Маселен, К. Бобуловдун «Алжир жеринде» [1] жол очеркинде СССР жазуучулар союзунан өкүлдөр Алжир жергесине адабий байланышты чыңдоо максатында барышкандыгы жана алжирликтердин намыскөй калк экенин, француз баскынчыларына узак жылдар бою укмуштай эр жүрөктүүлүк жана чыдамкайлык менен туруштук берип, натыйжада өз эркиндигин алган, тарыхый эстеликтерге бай, ошол тарыхый скульптураларын өз деңгээлинде сактап, урпактарга, келечекке өткөрүп берүү ар бир алжирликтин түздөн-түз милдети экендигин моюндап аткарышкандыгы кылдат баяндалат. Алжир жеринин кайсы жеринен караба шаңкайып көрүнгөн бийик эстелик 1954-1962-жылдардагы даңктуу күрөштүн улуу көсөмү Абд-аль-Кадырдын эстелиги, ага ар дайым баш ийип таазим кылышаары, Касбадагы эң байыркы мечит – Джамаа аль-Кебир (кыргыз тилинде Чоң мечит) 1496-жылы курулуп, бүгүнкү күнгө чейин муңбай, не бир тарыхый доорлорду башынан кечиргендиги, андан ары бала кезинде география сабагынан уккан маалыматы боюнча эңсеген Сахара чөлүндөгү сапары баяндалат. Анда «Сахарада шамал күн менен кошо чыгып, күн менен кошо батаары», көп адам курмандыктары да ушул Сахарадагы кумду сапырган шамалдан болоору, Лайли деп ашыктыктан акылынан азган Мажнун ушул чөлдүн кулуну экендиги, бирок Сахара, өздөрү Сахра деп да аташат, ысык өлкө болгону менен шаарлары көрктүү, шаарлары кооз экендиги, ал эми чөлдөгү адамды азгырган закымдын азгырыгы канчалаган адамдарды мына сууга жетемин деген үмүт менен чөлгө чөгүп жок болушаары жөнүндө көркөм айтылат. Сынчы, адабиятчы К. Бобулов «Каерге барбайын «Манас» менен Ч. Айтматовду паспорт кылып бетиме тутам. Өкүнүчтүүсү залкар эпосубузду башка элдердин жакшы билбегендиги» деп жазат, алжир

эли улуу Ч. Айтматовдун чыгармаларын сүйүп окушарын, айрыкча «Жамийла» повестинин идеялык бөтөнчөлүгүн айтышкан.

«Кайра көрүшкөнчө кош бол, жан жыргалдын өлкөсү - Абхазстан» [2] деген фраза менен аяктаган К. Бобуловдун жол очерки Кара деңиздин жээгине байыртан отурукташкан, чет элдик баскынчыларга, айрыкча Стамбулдук түрктөргө көп жылдар бою калония болуп, Осмон империясына кызмат кылышып, Абхазстан үчүн ар-намыстуулук, эрдик менен күрөшүшкөн, тарыхта баатыр эл катары уламыш калган абхаз эли жөнүндө баяндалат. СССР Жазуучулар Союзу тарабынан кезектеги Совет адабиятынын күндөрү Абхазияда өтөрү белгиленип, ага Е. Евтушенко, А. Вознесенский, Шукрулло, Петро Ребро жана Кыргызстан Жазуучулар Союзунан К. Бобулов ж.б. бир топ делегация Ю.П. Вороновдун жетекчилиги астында Абхазияга барышып, къп улутту совет адабиятынын къп кырдуу карым катышы, къп жактуулугу, ъз ара байланышы, ъз ара таасири талкууга алынып, совет адабияты ар түрдүү адабий салттардан турган – дүйнөдөгү сейрек кезигүүчү феномен экендиги жана бул улуу адабияттын негизги маңызын, идеялык платформасын социалисттик реализм методу бекем бириктирип тургандыгы боюнча кызык талкуу, тегерек столдор өткөрүлүп, андан сырткары колхозчулар менен жолугушуулар, абхаздардын улуу жазуучусу Дмитрий Гулианын туулган күнүнүн 110 жылдыгы, атасынын жолун жолдогон анын уулу белгилүү жазуучу Георгий Дмитриевич Гулиа ж.б.лар менен тыгыз мамиледе ой бөлүшүп, ар кандай абхаз элинен уккан уламыштар камтылган, къркъм тилдик каражаттарга ээ жол очерки.

Турмуштук фактыларды пайдалануу, аны болушунча, көрүнүшүнчө көчүрүп алуу эмес, “аны өзүнүн фантазиясынан өткөрүп, ага жаңы өмүр берүү” дегендикке жатат. Антемйинче, турмуштук окуялардын такма-так сүрөткө тартылып алынышынан алсыз, үрөйсүз көчүрмө гана чыгып калат. Турмуштук окуя очерк жанрына келгенде чыгармачыл инсандын чыгармачыл фантазиясына карап көркүнө чыгат.

Италия өлкөсү жөнүндөгү дагы бир жол очерки К. Жусуповдун XX кылымдын 60-жылдары жазылган «Италия жергесинде» деп аталып, мында журналист Италия мамлекетинде болуп, ал жерде көргөн-билгендерин ырааты менен эле кагаз бетине түшүрө койбойт, тескерисинче аны журналисттик жан дүйнөсүнөн өткөрөт. Италия элинин турмушун мындагы кыргыз элиндеги социалдык турмуш-тиричилик менен салыштырат. Өзгөчө жол очеркине мүнөздүү болгон байкоо жүргүзүү менен жазылган бул чыгарма кыргыз журналистикасына чейин очерк жанрында болбогон окурман менен «агынан төгүлүп» сырдашууга аракет кылат. Очерк жанрына карата

мындай мамиле окурман өзү барып, өз көзү менен көрүп келгендегиден да таасирдүү абалга ээ кылган, көркөмдүүлүккө бай, бирдиктүү күчкө ээ көркөм-эстетикалык жактан бийик чыгармага айландырып таштайт [6]. К. Жусуповдун жол очерктери биринчи кезекте узак өмүр сүрүүчү толук кандуу көркөм адабий чыгарма катары кабыл алынары шексиз. Автор Жапон өлкөсүнө жана Италиянын Рим, Генуя, Милан шаарларына жасаган жол саякатынын таасиринен улам “Кан жолдогу ойлор” очерктер жыйнагын окурмандарына тартуулап отурат. Жынактагы очерктер публицистикалык маанайда жазылып, сырткы көрүнүштөрдү баяндоо менен ар бир көрүнүштүн ички маңызына, анын тарыхына үңүлүп кирүүгө умтулган. Жыйнактагы очерктердин сюжеттик линиясын жана фабуласын автордук “мендин” кызыктуу баяндоосу түзүп турат. Негизги каарман да автордун өзү. Жазуучунун лексикалык арсеналы бай, калеми ойдогудай эркин шилтенет. Ал эми «Япония элестери» жол очеркинде япондордун ашкере сылык мүнөздөрү, жада калса машиналары кагышып кетсе да, биздегиге окшоп бирин-бири күнөөлөп жакалашып кетпей, полицейский келгенче бири-биринен тынымсыз кечирим сурап турган калк экендигине жана маданияты, экономикасы өтө өнүккөн өлкө экендиги жөнүндө жазат. Чыгармада Фудзиямы тоосунун көрүнүшү, ал тоону сүрөткө түшүргөн жапон сүрөтчүсү Хонусайдын (1760-1849) аянычтуу тагдыры, улуттук сыймыкка айланган Гиндза көчөсүнүн ашкере сулуулугу, ар дайым жүзүн жылмаюу чалган бүтүк көз жапондордун меймандостугу, Токио калаасынын кымгуут түшкөн турмушу, кыйма-чийме көп абаттуу жолдору, тиктесең тебетейиң түшкөн имараттардын өлчөмсүз бийиктиги, деги эле кол чатыр, сыналгы, компьютердин мекени болгон күнчыгыш өлөсүнүн тарыхы-маданий ал-абалы түркүн ракурста чагыдлырылган. (Байзаков Н. 1985-90-жылдардагы очертердин тематикалык көп түрдүүлүгү. nbknu@mail.ru 2011). Очерктерининин акырында К. Бобулов да, кыргыз эли эң байыркы эл экендиги, эл оозеки чыгармачылыгы боюнча бай мураска эгедер улуттун байыркылыгын далилдеген архитектуралык бир да курулушу жок экендиги жана экономикалык абалынын жакшырбай жаткандыгына каңырыгы түтөп, себеп издеп көргүндүгү байкалат.

Е.П. Ковалевскийдин “Жер-суу кыдырган адамы” кыркынчы жылдардагы очерктин орус адабиятындагы сейрек учурай турган оригиналдуу көрүнүшү болчу. Саякатчы-жазуучу бул жанрдын үстүндө иштегенде мазмун жагынан да, маалымат берүүчү материалды айкын-ачык кылып сүрөттөө жагынан да орус коомчулугунун талабына жооп бергидей кылып, Пушкиндин новатордук трабициясына таянган. Орустун жакшы очерктерине мүнөздүү болгон өз заманынын

кызыкчылыгын көздөгөн темага оперативдик менен мамиле кылган (121-б). Автор кезиккен кишилеп жана окуялар жөнүндө туура сүрөттөгөнүнө карабастан, көбүнчө сырттан байкагандай жазып, коомдук ой-пикирди иштиктүү уюштуруу үчүн ага публицистикалык баа жана корутунду чыгарбаган. Очеркитске көбүнчө күжүрмөн публицистикалык тенденциялуулук жетишпей калган. Өзүнөн-өзү үлгү болоорлук чындыктын типтүү көрүнүшүн тизмектеп, очеркти терең анализдөө зарылчылыгы бар. Очеркист дайыма аздыр-көптүр изилдөөчү болоору белгилүү, андай болсо очерктин идеялык маалымат арттыруучу мааниси көтөрүлөт. “Саякатчы өзү жазган өлөлөрдүн табигый жаратылышына гана көңүл бурбастан – деп жазат Белинский Е.П. Ковалевскийдин очерктерин талдап жазган макаласында – андагы адамдардын оор турмушуна, кайнаган кыжырына көңүл бурган, ошондуктан автордун баяндамасы кээде романтикалык аңгемеге айланса, кээде драмалык кыймылга өтөт”. Узун жазылган баяндамалардан жана статистикалык маалыматтардан көрө адамдын тагдыры аркылуу казак, кыргыз жана башка элдердин азаптуу көңүлсүз турмушун ачыгыраак көрсөтсө очерк мазмундук жактан ачылмак. Очеркте реалисттик мүнөзгө жат нерселер каармандын өтө эле романтикалуу жана укмуштуу иштерди жасашы, же болбосо элди олуя сымал өтө күчтүү таасирлентип коюушу очерктин кемчилиги болуп эсептелет.

Ушуга байланыштуу чеберчилик менен аткарылган академик П.П. Семенов Тянь-Шанскийдин “1856-1857-жылдардагы Тянь-Шанга саякат” деген китебинде Казакстан менен Кыргызстанды очерктеп жазганын белгилей турган болсок, анда кыргыздардын турмушунун картинасы, кыргыздардын образы, орус менен кыргыздын достук катнашын ачык мүнөздөгөнү ушул күнгө чейин өзүнүн тарыхый маалымат берүүдөгү биринчи даражалуу маанисин жоготпогодугу менен баалуу болуп саналат (Фетисов М. Е.П. Ковалевскийдин орус менен кыргыздын достук байланышы жөнүндөгү очерки. Ала-Тоо, 1959, №2, 120 б).

Жыйынтыктап айтканда, адам баласы кандай гана жат жерге барбасын баалуулукутарына суктанат, артыкчыгына көз салат. Жан дилден өткөрүп жазылган, эки өлкөнүн өз ара адабий алакасын түзгөн жол очеркинин бөтөнчөлүгү өлкө, эл-жер жөнүндөгү тарыхый-документалдуу булак жана кызыктын баары ичине камтылган сырдуу баян катары адабият шаарданында үнүн жаңыртып турган чыгарма. Жол очерктеринин дагы бир баса белгилөөчү милдети муундарга калтырылган мурас катары, себеби кыргыз элинин белгилүү инсандары

жөнүндө, же башка өлкөлөр менен болгон адабий алаканын болгондугун далилдеген фактылар камтылгандыгы.

## 3-§ Документалдуу очерктердин жанрдык өзгөчөлүгү

Советтик көрүнүктүү очеркист Борис Агапов "Хозяство документальности" деген макаласында автордун ролун (очеркисттин) төмөнкүчө мүнөздөйт: "Очеркист – бул ишкана. Ишинин башынан эле ал өзүн эң мыкты үлгүдө болуусуна кам көрүшү керек". Демек, очеркист медицина темасынан чыгарма жазгысы келсе, белгилүү даражада медицинадан кабары бар, чабан жөнүндө жазгысы келсе, белгилүү даражада чабандык кесип менен тааныштыгы бар, кыскасы эмне жөнүндө жазбасын, ар бири боюнча эң жакшы кабары бар, кылдат "чалгынчы" болуусу талап кылынат. Мунун баары жазуучулук шык менен туура айкалышып туруусу зарыл [26, 19].

Биринчиден, автордун тандап алган фактылары өз учурунун маанилүү кыймылдарын чечмелеп турса, экинчиден, автор фактыларды жөн гана баяндоо менен чектелбестен, конфликттин ар бир өнүгүш кырдаалдарында, ошол көрүнүшкө өзүнүн баасын берет, аны талдоого алып, очерктин идеясы окуучуларга толук түшүнүктүү болсун үчүн аракеттенет.

Турмуштук окуялар, фактылар менен таасирленүү жана алар пайда кылган идеяны бышырып жетилтүү белгилүү бир убакытты талап кылары түшүнүктүү көрүнүш. Очерк анын негизин түзгөн окуянын изин суутпай, тезинен ойлонууну, толгонууну талап кылат. Анткени, бир көргөн окуянын коомдук маанисин баамдоо жана аны жалпы журтка даңазалоо автордон ыраакылыкты, сергектикти, сезгичтикти, жогорку маалыматтуулукту талап кылмак.

Очеркчилердин көтөрө турган проблемаларынын алкагы кеңири. Ошондуктан, адабий форманы тандоо, көркөм сөз каражаттарын колдонуу чыгармачылыктын максаты менен аныкталгандыктан, материалды жайгаштыруунун формалары ар кыл болот. Очерктин архитектоникасы ошондой эле автордун индивидуалдык бөтөнчөлүктөрүнө тикеден-тике көз каранды болот. Анын ой-жүгүртүү манерасы, пикир-ойду кыябын таап билдириши, чындыкты кабылдоосунун өткүрлүгү, проблеманын тереңдигине, конфликттин маңызына сүңгүп кире билиши – мунун баары очерктик чыгарманын формасына өз таасирин тийгизет.

**Проблемалуу очеркте** – автордун негизги милдети коомдогу ар кандай көйгөйлүү маселелерди маалымдоо. Ал окурман менен пикирлешкен, баарлашкан, кеңешкен таризде баяндайт. Алгач

проблемалуу кырдаалды белгилеп көрсөтүп, андан соң бул тууралуу түшүнүктү официалдуу маалыматтар менен баяндоо тартибине өтөт. Орус адабиятында проблемалуу очерк өзүнүн ичинен бир катар – экономикалык, социалдык, философиялык, экологиялык, соттук, полемикалык болуп түрлөргө ажырап каралат. Изилдөөнүн предмети болуп – учурдагы коомдо болуп жаткан актуалдуу проблеманы көркөм-публицистикалык алкакта чагылдыруу болуп саналат.

Проблемалуу очерктин автору коомдун актуалдуу көйгөйлөрүн жөн гана эмоционалдуу-көркөмдүктө сүрөттөө эмес, кырдаалды, коомдук көйгөйдү образ кылып түзүп, личносттор ошол көйгөйдү ачып берүүдөгү предметтер болуп саналат. Ошенетип мында конкреттүү личност эмес, коомдун актуалдуу проблемасын илимий-публицистикалык иликтөөгө алуу биринчи планга чыгат. Автор коомдук маселелерге цифра, статистикалык маалыматтарга эркин таянып, окурман менен түзмө-түз баарлашкандай баяндайт. Проблемалуу очерк башка очерктерге салыштырмалуу көлөмү, мазмуну жана формасы жагынан айырмаланат. Проблема конкреттүү - бул абстрактуу түшүнүк эмес. Мисалы, кийинки жарык көрүп жаткан очерктерде жаратылышты коргоо маселелерин козгоого умтулган аракеттер жандана баштады. Бирок ошол материалдарда козголгон проблеманын кынтыксыз экендигин, кечендебей өз өз маалында чечилиши өткөрө зарыл экенин айнытпай ишендирген далил-жүйөлөр жетишсиз. “Жайыттын чөбү суюлуп, такырайып баратат”, “жаңгак токою кароосуз калып, бүлүнүп жатат”, “Көлдүн суусу булганып жатат” ж.б.у.с. жалпы сөздөрдү канчалык кан какшап айтуу бул – проблеманы көтөргөндүккө дегеле жатпайт. Биерде ошол пикирди моюндап турган илимий да, практикалык да жактан жалпы элдик, мамлекеттик маанидеги так жана таасын далилдер мол болушу зарыл (К. Эдилбаев “Табияты-жоокерлик”. Ала-Тоо, № 134-б.). Демек проблеманы таамай коё билүү бир башка кеп да, аны сүрө кууп отуруп акыр аягына чыгарыш, турмуштун өзүнөн конуш алдыруу өзүнчө кеп. Очерк, публицистикага нагыз көркөм чыгармалардан кем эмес кунту түшкөн окурмандар бар.

Очерк деген өзүнөн кийин проза келиши зарыл жерге колундагы балкасы менен тамга салып өткөн геолог сыяктуу, - деп жазат сынчы И. Золотусский. Эгер ошол мезгилдерде карапайым кыргыз айыл-кыштак турмушундагы орчун маселелерди очеркте изилдеп жазып, жалпы коомчулукка, эл алдына жарыя айтып салганда, айыл-кыштак темасындагы адабият үчүн бир топ “даяр дасторкон” жайылып калмак деген оюн билдирет К. Эдилбаев.

Ала-Тоо журналынын беттеринде ар дайым салттуу түрдө “Очерк, публицистика” аттуу аталыштагы рубрикада жайыт проблемалары тууралуу адистердин, окумуштуулардын жүйөлүү пикирлери, билим берүү тармагындагы айрым маселелер мугалимдин турмушу аркылуу, искусство чеберлеринин ийгиликтери, жаратмандыктары, өндүрүш, айыл-чарбасындагы түйшүктөр же жетишкендиктер, чабандардын ийгилиги, завод-фабрикада ийгилик жаратып иштеп жатышкан кыз-келиндер тууралуу очерктер жарык көрүп турган.

Ушул маалда кыргыз очерки жеке эле проблема коё билип, аны калайык-калктын калың катмарына жеткире алуу жагынан эле эмес, тематикалык жактан да өрүшү тарып, тукулжурап турган чагы. Азыр бизге колго алынып жаткан жалгыз портреттик очерктердин, публицистикалык материалдардын тематикалык чөйрөсү негизинен өндүрүш, айыл чарба маселелерин камтып турат. Ал эми тарыхый, социалдык, адеп-ахлактык темада очерк жазам деген жазуучуга зарыккан учур деп К. Эдилбаев кейиген пикирин да билдирген.

Н. Байтемировдун “Булар жөнүдө сөз козгоо керек” деген очеркинде жазуучу адамдын портретин же образын түзүүнү максат кылбастан, азыркы учурдагы актуалдуу маселелер: кээ бир жетекчи кызматкерлердин төрөпейилдиги, бой көтөргөндүгү, кокон-опуза менен иш бүтүрүүгө аракеттенгендери артыкбаш, анын үстүнө иштин жайын жакшы билбеген уполномочендер, кыздарды окутуудагы, күйөөгө берүүдөгү эскинин калдыктары жана Кыргызстандын айыл-кыштактарындагы башка терс көрүнүштөр жөнүндө сөз козгойт. Бул очерк ушундай коомдук актуалдуу маселелерге автордун жасаган мамилеси менен публицистикага жакындашып турат.

Жаш калемгер Эгизбек Айдаркуловдун “Өндүрүш командири” тушоо кесер очерки болуп саналат. Бул очеркте автор али чыгармачылык изденүү түйшүгүн тартпаган, очеркте фактыларды тандоо, иргөө ийкемдүүлүгүнүн жышаанасы көрүнбөйт. Автор колдогу материалды чаржайыт колдонгон, кээде өзүнүн чыгармачылык өнөрканасын да окурманга ачып коёт.

Эреже катары очеркчи алгач бир теманы тандап, ага ылайык идеяны тактоо зарыл. Очерктин темасы да, идеясы да белгилүү болгондон кийин обьет тандалып алынат. Мына ушул иш баарынан кыйын жана татаал. Көп учурда чындыктын нукура келбети, так, даана чагылбай, өңсүз, күңүрт көлөкөсү гана чагылып калат. Мыныдан кутуулунун жолу бирөө гана – обьектти көңүл коюп, изилдеп үйрөнүү жана бул темага кийинки очерктерде бир нече ирет кайрылуу. Материалды жетиштүү үйрөнбөй жалпылоого мүмкүндүк болбойт. Бул

белгилүү идеясыз очерк, көркөм жалпылоссуз очерк, автордун курулдай чечендик менен белгилүү чындыкытарды кайра-кайра кайталашы – эч нерсеге арзыбаган көңдөйлүк.

Журналисттер Калкабай Турсалиевдин "Азамат", Абдыкерим Мырзаевдин "Эмгек – таалай ачкычы", Орозбек Назаровдун "Кара тоолук кайратман" очерктеринде чабандардын катаал турмушу сүрөттөлөт. Үч автор үч башка ыкмада көркөм сүрөттөө каражаттарын пайдаланышкан. Очерктердин архитектоникасында да айырмачылыктар бар. "Азамат" очеркинде белгилүү чабан, Социалисттик Эмгектин Баатыры Орозакун Мамбетакуновдун жетишкен ийгиликтери чагылдырылат. Калкабай Турсалиев чабандык турмушту поэтизациялоого өтө берилип кеткен. Кээде илеп белгилерди жыш коюп, сезимдин каарандай көтөрүңкңлңгңнө жол койгон. Очеркчи ыгы келбесе да "Азамат" очеркине илгерки бир уламышты киргизген. Ал очерктин бүткүл тулкусуна жуурулушпай, органикалык түрдө сиңип кете албай, оркоюп бөлүнүп турат.

А. Мырзаев менен О. Назаровдун очерктеринде мындай кемчиликтер учурабайт. Экөө тең өздөрү сүрөттөп жаткан аймакты, анын өзүнө таандык табиятын, башкысы негизги каармандарын жакшы билишет. Ошондуктан очерктер чыйрак жазылган. Чабандар Ташбай Айдаров жана Касымбек Жунушевдин элестүү образдары жаратылган. К. Борбугуловдун «Рекорд» очерки 1920-30-жылдардагы колхоздоштуруу мезгилиндеги, Даниярдын бараандуу, ак эмгектери боюнча жазылган. Данияр 1942-жылы он сегиз жашка караган курагында согушка жөнөйт. Анда адамдар капалуу, ыйлаган, уңулдаган аялдардын үндөрү басылбай, душманды каргап, аскерге кетип жаткандардын аман-эсен барып, жеңиш менен келишин тилеген үмүт-тилектер. Арадан беш жыл өтүп Данияр согуштан кайтты, ал согуш бүткөндөн кийин дагы беш жылдык мөөнөткө кызмат кылып калган өз өлкөсүнүн каарман жараны. Офицер болуп келген, Данияр Чойбеков өз айылына келгенден кийин, атасынын чабандык кесибин улантып, алдына чоң максаттарды койду. Талыкпаган эмгектеринин артынан көптөгөн ийгиликтерге, өз максаттарына жетти. Данияр Чойбеков адал эмгек менен аракеттенип 100тубар койдон 183 козу алды. Бир койдон 6 кг жүн алды. Данияр чабандыктан тышкары да көп иштерге активдүү катышып, өзү эмгектенген Сузак районундагы Барпы атындагы колхоздун башкармачылыгына мүчө, үч жыл катары менен республикалык колхозчулар кеңешмесинин мүчөсү болуп шайланды. Ардактуу чабан Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон. Реалдуу цифра,

фактылардын коштоосундагы очерк жанрдык жактан талапка шайкеш жазылган.

«Окшоштук» очерки Көк-Жаңгак шаарынын, "Сары-Булак" шахтасындагы ССРдин Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Эл баатырлары Рыспай Сүйөркулов жана Нурдин Акматовдордун эмгектери боюнча жазылган. Бул эки инсан жыйырма жылдан ашуун "Сары-Булак" шахтасында эмгектенишкен. «Эмгек-эрезеге жеткирет демекчи» Рыспай менен Нурдинди алгач шахтага келген учуру менен азыркы учурун салыштырып болбойт. Эмгектеринин артынан Эл баатыры деген ардактуу наамга да ээ болушту. Рыспай менен Нурдин бойлору да жанаша өскөн мырза теректей жарашып турушат. Окшош адамдардын кылган иштери да бирдей көңүлгө толумдуу. Ар бир коллективдин сыймыктанган адамдары болот. Сары-Булак шахтасынын сыймыктуу адамдары Рыспай Сүйөркулов жана Нурдин Акматовдор тууралуу очерк жазылып, адабият тарыхына катталды.

"Мамбет Мамакеевдин максаты" очеркинде да "алдыңкы максат" жана ишке ашкан тилек тууралуу баяндалып өтөт. Мамбет тестиер мезгилинде эле алдына чоң максатты койгон эле. Ал максаты келечекте "дартка дабаа тапкан дабагер" болуу. Бул максатты коюшунун себеби бар эле. Анткени өз айылындагы жаш келиндин төрөттөн каза табышы, анын кыйналганы ушул улуу жолду тандоого негиз болуп берген. Ошол максаттын арты менен, Мамбет эр жеткенде Фрунзедеги медициналык окуу жайына жөнөйт, бирок алгач эле тилеги ордунан чыкпайт. Алдыда дагы сыноолор бар бар болчу. Мамбет орусча окубагандыгы үчүн чоң тоскоолдукка тушугуп, буга ызаланып, бук болду. Ошол жылы ректораттын жана Иса Акунбаевдин демилгеси менен Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын тарыхында медицина институнун алдында 60 бала окуй турган даярдоо курсу биринчи жолу ачылды. Бул тизменин башында Мамбет катталып, күнү-түнү күжүлөп окуду. Ошентип, экинчи жылы ал эң биринчи болуп, студенттин катарына алынды. Окууну ийгиликтүү аяктап, «Кечиктирилгис жардам берүү клиникасы» кафедрасында окутуучу болуп калат. Мамбет Мамакеев эл даңктап жаткан даңкка, атакка ушундай жолдор менен жетишкен. Профессор Мамбет Мамакеев күнүнө үчтөн ашуун операцияларга катышып, чарчадым чалыктым дебей, ийгилик жараткан. Профессор оорулууну кабыл алганда жаркылдап-жайнап, ачык тайманбай сүйлөшөт. Анын мыкты хирургдугунунун мүнөздүү жагынын бири ушул. Очеркте автордук позициядагы кадырлоо сезими, деталдуу баяндоо, портреттик сүрөттөө жана лирикалык толгонуу бар.

"Бакыт башатынан башталган өмүр" очеркинде «Советтик Тажикстан» совхозунун малчылары Чыны жана анын жолдошу

Авдамиттин бирдиктүү кызматтары баядалат. Авдамит армиялык кызматын бүтүп кайтып келгенде, экөөнүн ортосунда мал багуу жөнүндө сөз болот да, Чыны саанчы болуу нитенде бар экенин билдирет. Авдамит менен Чыны биринчи жылы мал багып жатышса да, алардын мындан ары өрнөктүү болуп кетишине шек туулбайт. Уй башы аман, сүтүнүн планын толтурушуп, ардак ээлери болушту. Экинчи жылы алдыңкыларынын катарына чыгышып, сыйлык алышты. Жакшы эмгектин арты менен «Советтик Тажикстан» совхозунун алдыңкы саанчысы Айтбаева Чыны Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланды. Чыны иши менен биргеликте эле бактылуу үй-бүлөнүн ардактуу энеси, тогуз баланы тарбиялап Баатыр эне наамын алды.

“Дыйкандын баласы” очеркинде Кушбак карыя жана анын жолун улап келе жаткан уулу Адыл тууралуу баяндалат. Мына бүгүн Адыл пахта жыйноочу машина менен 27 тонна «ак алтын» жыйнаптыр. Бир күндө ушунчадан болсо, демек, опол тоодой эле жумуштун аткарылып жатканы. Бир тал пахта талаада калтырбайт, бир грамм кебезден эмне буюм жасалаарын, баркын баалуулугун жакшы билген Адыл жанаша иштегендерге да ысырапкорчулукка жол бербейт. Адылдын атасы Кушбак карыя накта дыйкан адам. Бригададагылар карыянын бир гана 80 жаш жашын эмес, аксакалдын бала кезинен жердин сырын жакшы билген, өмүр бою баба дыйкан болуп, али дагы кумары канбай, кайнаган эмгектин чордонуна барып эмгек менен черин жазган мээнеткечтигин урматташат, сыйлашат, кадырлашат жана тарбияланышат. Пахтакерлер бошой калган учурда карыянын салты боюнча башынан өткөргөндөрүн айтып берет. Карыянын узун аңгемеси баарына сабак, баарына кызык. Ушундай колу эмгекте, эми кебинде бар карыянын Адылдай уулду тарбиялаганына элдин бары ыраазы.

Көркөмдүгү жагынан өзгөчө очерк “Анарканга ак жол” чыгармасы. Заводдо жалпысынан бир миң эки жүз жумушчу бар. Арасында аттын кашкасындай таанымал Анаркан Биймурзаева көп жылдан бери өз өрнөгүн көрсөтүп келе жатат. Анын жалындап турган убагында эмгектин майын чыгарып, ар түрдүү коомдук иштерден калбай бышык жана сергек болгону үчүн СССР Жогорку Советинин депутаттыгынын кандидаттыгына көрсөтүлдү. Анаркан тал чыбыктай ийилген жаш кезинде, ушул цехке келип эмгек жолун баштаган. Цехте эмгектенип жүрүп, турмуш жолуна аттанып, Акбалага турмушка чыкты. Жөнөкөй жумушчунун үй-бүлөсү кадыр-баркка ээ болуп, эл оозуна алынды.

Мекен Болотовдун “Жолугушуу” аттуу очеркинде балалык күндөрүн бирге өткөзүп, чогуу өскөн эзелки достор Аскар менен

Бектендин жолугушуусу баяндалат. Аскар оор күндөрдү башынан откөргөн, ал жаштайында ата-энесинен ажырап, айыл башчысынын жардамы менен жетим балдар үйүнө алынат. Ал жактан тарбияланып, турмуштун улуу жолуна аттанат. Нан комбинатына жумушка орноштy. Нан комбинатында камыр журуучу болуп эмгектенүү менен ушул жерден өз ордун таба алды. "Жакшы киши ишке дос, жаман киши ашка дос" деген сыңары сүйлөсө сөздүн маңызын чыгарып, иштесе иштин майын чыгарып, Аскар далай эрдиктерди жаратты. Ал менен бүтүндөй коллектив чексиз сыймыктанат, кадыр-баркка ээ. Республиканын Жогорку Советинин депутаттыгына шайланат. Өз ишинин мыкты мастери, Социалисстик Эмгектин Баатыры. Бир кездеги жетим Аскар жетилген мырза, коомдун интеллигент инсаны.

"Мен суктанаган адам" очеркинде да үзүрлүү эмгектен өсүп-өнгөн колхоз баяны айтылат. Колхоз жаңы уюшулган жылы болгону 1200 кой, 200гө жакын уй бар болсо, тынымсыз аракеттин, эмгектин аркасында бул сан 30 эсеге өсөт. Албетте, андан бери көп жыл болду. Андагы кер мурут жигит ак сакалдуу абышка, кыпча бел бийкеч балпайган байбиче болду. Очеркте каарман Акматбектин зор эмгеги, ошондой эле жана башка бул колхоздо сыймыктана турган белдүү адамдар ондоп саналары, эмгекти сүйгөн чөйрө. Акматбек көкүрөгүн койгулап: «мен»-дегенди жек көргөн адам. Өзүнүн балдарына гана эмес, бүтүндөй колхозчуларга таалим-тарбия берип, алга баштап бара жаткан адамдар көп болсун.

"Жашоо максаты" очеркинин каарманы Василий Евсеевич КПССтин сьездине председател, мээнеткеч адам. Партиянын райондук комитетинде мындан он жети жыл мурун келген. Арадан бир топ жылдар өттү Василий тыңдыгы менен колхозго көрүнө алды. Аракет мыкты болсо берекети да натыйжалуу болот. Колхозчулар председателдин кеңешин угуп, ишке жапа тырмак киришишти эле, натыйжа күткөндөн да бир кыйла жакшы болду. Ал келгени колхоз оңолуп, колхоздогулар мыктылап иштей башташты. Аларга болгону Чемирисовдун айткан кеңештери гана жетиштүү болуучу. «Баштоочу жакшы болсо, коштоочу да жакшы болот»-демекчи бул жерде Евсеевич Чемирисовдун эмгеги зор. «Эмгек эрезеге жеткирет» деген анык сөз белем, Василий Евсеевичтин аракети, эмгеги текке кеткен жок. Ал Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Ревалюциясы ордендери менен сыйланды.

"Кыргызстан" басмасынан 1972-жылы Сыргабек Маматалиевдин "Санталатхан", 1973-жылы Абдимитал Камаловдун "Бакыт сереси", 1974-жылы Молдалы Арапбаевдин "Бригадир" очерктери жарык көрдү. Бул үч авторго мүнөздүү болгон орток белги – ңз чыгармаларынын көркөмдүк жагына көбүрөөк көңүл бурушат. "Санталатхан" очеркинде

Социалисттик Эмгектин Баатыры, даңазалуу пахтачы Санталатхан Юсупова, "Бригадир" очеркинде Социалисттик Эмгектин Баатыры Камал Султановдордун каармандыктары баяндалат. Бул очерктерде таамай тартылган портреттик сүрөттөр реалдуу каармандын элесин жогорку деңгээлге алып чыккан.

Очеркчи майдачылыктын, фактылардын туткуну болбосу керек. Мына ушул эрежени эске алганда бөтөнчө орус очеркчилеринин талаш-тартыштарын айтпай кетүүгө болбойт. Очерк жанры 1960-61-жылдары, андан кийин 1965-жылдары "Литературная газета" жана "Вопросы литературы" журналынын беттеринде чоң талкуу туудурган. Ага көптөгөн белгилүү адабият теоретиктери, сынчылар, очеркчилер катышып, көп талаш маселелердин башы ачылган. Белгилүү публицист жана жазуучу Георгий Радовдун "Очерк жана мезгил" ("Лит.газета" 1965, 2-ноябрь) макаласында: жаш очеркчилерге кам көрүү, мыкты очерктердин альманахын түзүү ж.б. сунуштар айтылат.

Журналисттер Турусбек Өмүралиевдин "Араван аймагында" (Ала-Тоо, 1974, № 12), Кемел Тойбаевдин "Чоң үй бүлө", Мусалы Ормонбековдун "Асман жолунда", Таш Мияшевдин "Бүгүнкү дыйкандар жөнүндө сөз" очерктери (бул очерктер "Ырыс алды - ынтымак" жыйнагында) факты – материалдарды камтуу масштабы боюнча да, тыянак-натыйжаларды жалпылоо жагынан да айырмаланып турушат. Бул очерктерде бир беелгилүү адамдардын иш-аракеттери гана эмес, коллективдүү чарбанын же мекеменин иш-аракеттери, рухий өсүп-өнүгүүлөрү баяндалат.

Мыкты очерктерди окуганда каармандарынын өз үндөрү угулгансып, алардын келбеттери көзгө элестейт.

Мыкты очерктердин катарына "Бүгүнкү дыйкан жөнүндө сөз" аттуу ири көлөмдүү очерки эсептелет. Т. Мияшев очерк жазаардан мурда бул очеркке тикеден-тике тиешеси бар бир кыйла материалдарды топтогондугу анык. Антпегенде автордун көңүлүн ээлеген проблемалар мынчалык зор публицистикалык касиетке ээ болуп, очерктин бүткүл тулкусуна сиңип кетмек эмес. Бул очеркте саясий, маданий жана чарбалык маселелер козголу менен дыйкандардын албан иштери сүрөттөлөт. Автор чыныгы эргүүдөн жаралган ырларды, көркөм тропторду ыгын таап, чыгармага киргизген. Бул ыкма чыгарманын композициялык курулушуна бөтөнчө көркөмдүк берип турат.

Эгер очеркте кандайдыр бир жан дүйнөнү эргиткен маанилүү окуя же адамдык сапат чагылдырылса – бул маселенин бир эле жагы. Экинчи жагы ошол очерктен улам миңдеген кишилер кечээки же бүгүнкү маани бербеген окуяларга, кубулуштарга, буюмдарга башкача

көз караштa карап кала тургандыгы, т.а. очерктеги идеялык-тарбиялык маанинин таасирдүүлүгүнүн милдети чоң.

## 4-§ Тарыхый очерк: тарыхый чындык менен көркөм чындыктын катышы

Тарыхый ***очерк – хронологиялык жана илимий жактан тастыкталган изилдөөлөрү бар, такталган окуяларды камтыган чыгарма.*** Очерктин башка түрлөрүнө салыштармалуу тарыхый очерк – образдуулуктан бир аз четтеп, фактыга, тарыхый чындыкка таянып, кооз окуялуу сюжет эмес тарыхый окуя баяндалып жүрүп отурат. Очеркист өз каарманына тиешеси бар факты, цифраларды калтырбай тизмелеп алуу менен бирге эле аны менен түркүн маселе жагдайларда аңгемелешет, өзү зарыл деп эсептеген суроолорду коёт, ага жооп алат. Чындыгында, очерк жазуу үчүн керектүү көйгөй ушул гана, калганы очеркист-жазуучунун кыялый чыгармачылыгы. Адамдын турмуштан алган орду, жеке адамдын тигил же бул концепциясы, анын маңызы, көп жагынан көркөм чыгарманын кайсыл гана жанры болбосун, айрыкча адамдын ал-ахвалын толук жана ары терең алып баруу милдети жүктөлгөн [7, 6] тарыхый очерктерде улуу инсандардын элине арнаган өмүрү, ишмердиги, ак кызматы, тагдыры жана инсандык касиети айкын жана образдуу чагылдырылган. Негизинен очерк - чалгындоо, бирок маңызсыз билдирүүгө умтулбаган, турмушту изилдеген жана анын көрүнүштөрүн чыгармачылык менен өзгөртүүгө активдүү кийлигишкен, т.а., жазуучунун калеми менен тарткан чалгындоо.

Жогоруда изилдөөлөрдө беелгилүү болгондой кыргыз очерктери алгач жанрдык жактан да чаржайыттуу болгон. өнүгүү хронологиясына саресеп салсак алгач жол очерктери, документалдуу жана автобиографиялык очерктер жазылгандыгына күбө болдук. Ал эми тарыхый очерктердин башатында У. Абдукаимовдун “Суусамыр окуялары” («Советтик Кыргызстан» 1944, №7 14-25-бб) очерки турат. Улуу Ата Мекендик чогуш жылдарындагы бул чыгармасы “тарыхый очерк” деген жанрдык аныктама менен жарыяланган. Чыгарманын жазылыш деңгээлине жана тематикасы, турмуштук материалына караганда автор бул очеркин отузунчу жылдардын башынада эле жазгандыгы маалым болгон, бирок очерк согуш жылдарында гана жарыкка чыккан. Автор “Суусамыр окуяларынан” очеркинде 1928-жылы эл арасына саясий-агартуу ишин жүргүзүү үчүн Суусамырга барган атайы экспедиция жөнүндө кабарлайт. Мына ошол экспедициянын мүчөлөрүнүн бири Алымкул деген адамдан уккан окуяны баяндайт. Мында алыскы тоо арасында эски манап Ыскак

мурдагысындай эле өкүм сүрүп, өзүнө каршы чыккандардын "көзүн тазалап", жаңы турмушка каршы ар кандай иштерди жүргүзгөндүгү жөнүндө айтылат. Маселен, айылдын жаш активи Жапар чогулган акчаны өкмөткө төгүш үчүн Нарынга жөнөгөндө, артынан Жекшемби, Сыдык дегендерди кошо жөнөтүп, жолдон мыкаачылык менен өлтүрөт. Очерк мына ушул окуяны сүрөттөйт. У. Абдукаимов очеркинде көрсөтүлгөн 1928-жылдан кийин көп узабай эле жазылган болушу мүмкүн. Ага чыгарманын стили жана жазуу ишине али машыга элек мазмун айгинелейт. У. Абдукаимов бул очеркинде айылдык менен шаардык адамдын ортосундагы мамилени атайлап, бөлүп сүрөттөгөн. Ушунун өзүнөн авторду шаар менен айыл адамынын ортосундагы карым-катыш маселеси кызыктыра баштаганы байкалат [Кыргыз адабиятынын тарыхы 6-т. /А. Акматалиевдин ред.астында/Б. - 2012, 251-б.].

К. Рыскуловдун "Кыргыз дивизионунун кызыл атчандары" аттуу ("Ленинчил жаш", 1966, 5-август, №93, 3-б.) тарыхый очерки Түштүктөгү Совет бийлиги үчүн жүргүзүлгөн күрөштү, М. Ашырбеков "Адам жанынан жаралган тагдыр" У. Салиева жөнүндө тарыхый очерк ("Колхозчу" (Ноокат), 1966, 28-октябрь, №129, 2-б.), А. Идирисовдун "Талас" аттуу тарыхый жана лингвистикалык очерк деген жанрдык аныктамадагы чыгармасы ("Кыргызстан маданияты", 1970, 27-май, №22, 11-б.) кошсок болот.

Кыргыз адабиятында тарыхый жанрды негиздөөчүлөрдүн бири Т. Касымбеков Республиканын чекисттеринин 50 жылдыгына арнап "Ак кызмат" аттуу тарыхый очеркин жазган, очерк 1980-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Көлөмү жагынан повестке тете бул очерк Совет өкмөтүнүн Кыргызстандын Түштүгүнө орношу, андагы карапайым кыргыз элинин түшүнүгү, "орустар десе эле жан алгычты, каапырды" элестеткен түштүк кыргыздарынын, анын ичинен Өзгөн элинин коркунучу, тоо-талаалап качышы бир топ жандуу берилген. Очеркте салттуу түрдө тарыхый даталар, окуялар, инсандар жана окуя өткөн жай так сүрөттөлөт. Композициялык жактан жазуучу көркөм чыгарманын куруулушун толугу менен тутунган, т.а. каармандардын диалогу, каттар камтылып, телеграмма, телефонограммалардын так адреси, күнү, жылынын көрсөтүлүшү менен тарыхыйлуулугу тастыкталып, өзгөчөлөнүп турат. Албетте, орустардын келиши кыргыздарды көп жагынан кооптонткон, ал коркунуч чындыгын кийин тарых өзү далилдеди. Очерктеги Совет өкмөтүнө каршы келген каармандар очеркте эл душманы, каракчы, басмачы деп аталып көрсөтүлүп, ал эми Совет өкмөтүнө берилип кызмат кылгандар кызылдар, большевиктер, эл баатырлары деп аталышкан. 1926-жылы

ОГПУКнин Орто Азиядагы Полномочиелүү Өкүлүнүн сунушу менен Өзөн шаарына Жаныбек Сагымбаев учурдагы кырдаалды жөнгө салып, турукташтыруу максатында жөнөтүлөт. Жаныбек Сагымбаев очеркте баштан аяк Совет өкмөтүнө каршы чыккан басмачылар менен ачык, бетме-бет да жана тымызын да жүргүзгөн максаттуу, жеңиштүү күрөшү баяндалат.

Тарыхый очерктердин келкели өлкө эгемендүүлүгүндө келди. Б.а., Эгемендүүлүк жана Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы кыргыз прозасында тарыхый очерктердин жандануусуна негиз болду, адабият таңууланган идеологиядан баш тартып, жаңыланууга бет алып, т.а., социалисттик реализмдин принциптерине, партиялуулук жана таптык көз караштардын призмасына ылайык бурмаланып келген тарыхый инсандардын бейнеси ачылып, кайрадан тарыхый фактылардын негизинде көркөм иликтөөгө алынып, очерктик чыгармалардын жаңы этабы түзүлдү. Эзелтен бери көркөм адабияттын “чапчаң чалгынчысы” аталып келген очерк жанры азыркы күндөгү ал-абалы, өсүп-өнүгүүсү, өлкөнүн маданий-социалдык, саясий-экономикалык турмушунда ар кандай түп тамырынан өзгөрүлгөн кырдаал-шарттарда, ачык пикир, же демократташтыруу мезгилинде совет адабияты учурундагыдай жанрдык көп түрдүүлүктө өнүгө албаса да көркөм-идеялык сапаты жогору очерктер жазылып, жарык көрүүдө. Адабият таануу илиминде тарыхый очерктердин жанрдык табияты боюнча илимий-теориялык талдоо жүргүзүлгөн эмес, “тарыхый аң-сезим” маселеси азыркы учурда таптакыр башка илимий интерпретацияга муктаж болуп олтурат. 1970 – жылдардын аягы, 1980 – жылдардын башына чейин бир кылымга жакын убакыт “тарыхый - революционерлер ”, “Лениниана” сыяктуу жалпы теманы көркөм аңдоо өз мүмкүнчүлүгүн “пайдаланып” бүтүп, андан тажаган коомдук аң-сезим тарыхый теманын жаңы эстетикасын күтүп калган сыяктуу. Коомдук өнүгүүнүн ички объективдүү мыйзамынан келип чыгуучу мындай реалдуулукту прогрессивдүү көз караштагы көркөм сөз чеберлери алдын ала сезип, тарыхый жанрдын жаңы горизонтун – тарыхты көркөм аңдоонун улуттук проблемаларын изилдөө тенденциясы башталды [8].

Тарыхый очерктер кыргыз элинин атактуу, же татаал тагдырлуу тарыхый инсандарынын бейнеси менен тааныштырат. Чынында реалдуу инсандын эмес, өзү жараткан каармандын психологиясын ачуу, ички сезимин аңдоо канчалык машакатты талап кылат. Ал эми тарыхый инсандардын бейнесин, тарых-таржымалын адабияттын оперативдүү жанрында иштеп чыгуу, образын факт-материалдардын, уккан-көргөндөрдүн негизинде кайра жаратуу зор адабий жоопкерчиликти

талап кылат. Тарыхый чыгармаларды жазууда авторлордун милдети – өткөн санжыраларды, документтерди, факты-материалдарды тизмектеп коюуда эмес, алардын нугунда таланттын, көркөмдүктүн күчү аркылуу мезгилдин, инсандардын ачык образдарын түзүү, так портреттерин тартуу, ички дүйнөсүн терең ачуу, ыйман, адеп-ахлактыгын көрсөтүү, кыймыл-аракеттерин, мүнөздөрүн жандуу сүрөттөө болуп саналат [1, 7]. Мезгил өтүп, доор алмашып, көз караш жаңыланып, бир убактагы кынтыксыз делген ойлордун жүзү ачылып, өзөгүнөн өнгөн тарыхый инсандардын тагдыр таржымалына эгемендүүлүк жылдарда очерк жанры аркылуу адабий эстелик тургузулду. Кыргыз улутун, анын элдүүлүгүн, тилин, маданий мурастарын сактап калууга керт башы, гүлгүн өмүрү менен жооп берген кыргыз эл баатырлары жана алгачкы интеллигент уулдары жөнүндө бир топ тарыхый очерктер, романдар, повесттер жарык көрүп, эгемендүүлүк жылдардан кийинки кыргыз прозасынын этабын түздү. Ошентип мезгилдин жана тарыхтын образын ишенимдүү жана таасирдүү жаратууга болгон далалаттар адабий чарбанын көпчүлүк көрүнүштөрүнө айлана баштады [2, 61].

Т. Өмүрбековдун “Жантай жана Жангарач” [66], С. Станалиевдин “Ай нурунан аккан жаш” [69], И. Абдуразаков “Жусуп Абдурахманов” [59], А. Көчөрбай уулунун “Бердике Баатыр” [61], А. Кызаевдин “Атаке баатыр” [60], К. Жусуповдун “Барсбек каган” [62], “Жантай хан” [68], Г. Абдалиеванын “Куйручук” [70], А. Койчиевдин “Мухаммед-Кыргыз [67], Ж. Токтоналиевдин “Ормон хан” [63], А. Беделбаевдин “Шабдан баатыр” [64], Т. Өмүрзакованын “Алымбек датка” [65], “Курманжан датка” [88], Ш. Бейшеналиев “Тайлак баатыр” [89], Ө.Осмонов “Манап бий деген ким болгон?” [90], К. Ачикеевдин “Тилекмат. Акылман башчы, даанышман, кеңешчи, баатыр элчи” [145] аттуу тарыхый очерктери жана А. Молдаалы уулунун “Байзак баатыр” даректүү баяны жана башкалар Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата сериялуу түрдө жарык көргөн.

“Каалаган нерсени ойдон чыгарууга болот, бирок психологияны ойдон чыгарууга болбойт (Лев Толстой) – дейт К. Эдилбаев – мындайда ойдон чыгарып жазууга, фактыларга “беллетристикалык чапан” кийгизүүгө ашкере кызыккандыкка алып барат. Бул айрыкча тарыхый очерктин табиятына туура келбейт. Тарыхый инсандардын өмүр-таржымалы, басып өткөн жолу, жасаган эмгеги, сүйлөгөн сөзү, насааты өзү бүтүндөй чыгарма. Мында очеркист болгонун болгондой, фактыларга так токтолуп, окуялардын иретин бузбай баяндап, бирок каармандын ички толгонгуусу, чеккен убайымы, жеке көз карашы жогорку деңгээлде берилсе гана очерк боло алат. С. Станалиевдин “Ай

нурунан аккан жаш" тарыхый очерки композициялык жана сюжеттик курулушу, образдуулугу жагынан көркөм чыгармага түспөлдөш. Бирок, андагы факт-материалдарга, цифраларга таянган окуялары аны накта көркөм чыгармадан айырмалантат. Мында кадимки Сарыбагыштын тынай элинен чыккан Атаке баатырдын (Тынай уулу Атаке баатырдан тарагандыгы үчүн "тынай эли" деп аталган – С.Ж.) тукуму, хан Жантайдын аталаш тууганы Сооронбай уулу Дүрдүн (Атакенин Карабегинен Жантай, Солтоноюнан Сооронбай, Сооронбайдан Дүр - С.Ж.) тарыхтын татаал мезгилине, т.а., Үркүн жана Совет өкмөтүнүн орношуна карата чыккан көтөрүлүш учуруна туш келген катаал тагдыры жазуучулук чеберчилик менен кылдат баяндалат. Жазуучулук чеберчилик очерктеги окуянын башталышы, чиелениши, өнүгүшү жана кульминациясы, окуянын чечилишинде даана байкалат. Сооронбай уулу Дүр кыргыз жергесинин маданий-агартуу ишине чоң салым кошкон, 1916-жылкы Үркүндө 400 түтүндүү айылын бөөдө кыргындан аман сактап калган, өрнөктүү өмүрү, ишмердиги жана прогрессивдүү көз карашы бар белгилүү инсан. Атасы Сооронбай казактан алган эрке токолунан Дүрдү көрөт. "Аялыныз уул төрөдү" деген кабарга кубангандын ордуна "... денем дүрр деп кетти" деген сөзү үчүн, илгерки салтты улай Дүр деп бата тартылган [4, 21]. Сооронбай уулу Дүр 1866-жылы төрөлүп, эки айлык ымыркайында казак апасынан ажырап, Сооронбайдын келини багып чоңойтот. 1885-жылы Верныйдагы гимназиядан билим алып, көкүрөгүндө кыргыз жергесинде мектеп ачуу тилеги уялайт. 1889-жылы уезддин бийлигинен кайра-кайра суранып жүрүп, ар бир түтүндөн жети сомдон топтоп, Чүй боорундагы азыркы Сайлык айылына атайын усталардын кеңеши, жардамы менен терезелери чоң, үч негизги бөлмөлүү жана кенен коридору бар, орус тилдүү мектеп салдырып,Тынай наамын ыйгарган. 1889-1990-алгачкы окуу жылына 60 окуучу катталып, кийинки окуу жылдарда ар дайым 15тен окуучу кабыл алынып турган, бирок алгачкы бүтүрүүчүлөрү 4 гана окуучу болгон, Дүр бул жылдардагы кубанчынын жашыра алган эмес [4, 29]. Ал 54 жылдык өмүрүндө элдин бейпилдигине, агартуучулук маселелерине көп маани берип, илгерилеген ишке балача кудуңдап кубанып, орус төбөлдөрү менен жакшы мамиледе болгон. Анын кыска өмүрүнө себепчи өз мектебине кароолчу кылып, жашоосуна камкордук көргөн "бүкүр Павлов" орус төбөлдөрүнө жалгандан каралап сөз жеткирип (козголоң уюштуруп, бир топ орус жоокеринин өлүмүнө себепкер деп айыпталган), натыйжада офицер Соколов тарабынан атууга буйрулган. Кароолчу Павловдун бүкүрлүгүн көзүнчө айтышса да, Дүрдүн жанында айтышкан эмес, себеби адамды басынтуу, кордоо, кемсинтүүнү таптакыр четке какчу. Очерктеги

сюжеттин өнүгүүсү, ойдун бышыктыгы, калемдин жана көз караштын курчтугу, турмуштук түшүнүктүн бекемдиги, атуулдук ариет-намыстын, мекенчилдик, кайра эле интернационалдык көз караш талаптагыдай жана көп түстүү чагылдырылат. Атуулдук сезимдин сергектиги, көркөм жалпылоонун тереңдиги, проблемалуулук, психологизм жана форманын жаңылыгы менен өзгөчөлөнүп турат. “Алар төрт адам эле” деген фраза окуянын башталышынан өнүгүшүнө жана аякташына чейин коштоп, алардын өмүрү “бирде күйгөн шам болуп балбылдап, бирде бүлбүлдөп турду”, мына азыр шам сымал жалп өчөт, бирок “балбылдап-бүлбүлдөп” турган көз ирмемде Соорoнбай уулу Дүр бүткүл өмүрүн көз алдына келтирет. Очерктин көркөм-идеялык максатына ийгиликтүү жетишинин себеби – каармандын сырткы келбетине, ички дүйнөсүнө үңүлүп, негизги каармандын тегерегинде башка каармандардын образдарын ачат, башталган поэтикалык ойду жоготуп жибербейт, аны логикалык байланышта өстүрөт, ретроспективдүү сүрөттөөсү чыгарманын сюжетинен ажырап калбайт, эпикалык формада баяндоосу, көркөм сөз каражаттарды пайдалануусу, лирикалык чегинүүлөрдүн бардыгы жалпысынан өз ордунда сүрөттөлөт [54, 31]. “Алар төрт адам эле” фразасы окуянын бардык сюжеттик тутумунун чиелениши катары келип, окуяга түзүлүшүнө себепкер болуп, акыркы чечилүүчү учурда да ошол тагдыры кыйылып жаткан төрт адам менен автор адам тагдырындагы бурулуш учурдун кандай башталганын жана эмне менен бүткөнүн баяндайт. Соорoнбай уулу Дүр кат-сабаттуу жана динден илими бар инсан, ал өлүм алдында акыркы сөзү катары эки ирекет намазга жыгылууну сурайт. Эки ирекет намаз учурунда Дүр намаздын узактыгын, башкача айтканда, узактык чен-өлчөмү бүткүл бир өмүргө теңелигин “Кудайдын кенендигин кара. Намаз дегенди ушунчалык узак кылган экен, ыракмат. Эгер эки ооз сөз менен бүтчүдөй кылып койгондо өткөн өмүргө кыял жетет беле” деген ою менен берет. Ошентип намаз учурунда Дүр басып өткөн тагдыр жолунун тарыхын саресепке салышы очерктин образдуулугу жана поэтикалык табылгасы болуп эсептелинет. Залкар жазуучу Ч. Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында Борондуу Эдигей басып өткөн өмүр жолун Казангапты акыркы сапарга узатуу жөрөлгөсүндө баштан аяк эскерүүсү менен окуя өнүксө, аталган көлөмү чакан тарыхый очеркте башкы каарман автор белгилегендей “балбылбап-бүлбүлдөгөн” өмүрдү эки ирекет намаз учурунда эскерүүсү, очерктин көркөмдүгүн арттырат. Очерктеги окуянын өнүгүшүн тарыхый фактылар, цифралар коштоп, улуу элдин санжыра учугу чубалып, урук-уруу такталып, аңгемеден изилдөөгө өтүп, тарыхыйлуулук принцибин сактаган. Очерктерде келтирилген сандык

көрсөткүчтөр, официалдуу маанидеги фактылар чыгармага материал жана анын документалдык, фактылык пайдубалын бекемдеп гана турбастан, очерктик баяндоонун башталышы менен өнүп-өөрчүп отурушун жана аякташын бириктирип, очеркти уюштургуч түйүн катары да кызмат аткарарын баса белгилеп көрсөтө алат.

Кыргыз эли бай тарыхка ээ калк болуп саналат. Сансыз кылымдан бери нечендеген эл баатырлары өз улутун, уругун, айылын сактап, мекенин коргоп, өмүрүн ат үстүндө өткөргөн. Ойрот-калмактар кыргызды кырам деп келип кырылып, кыз-келинин тул кылам деп тутулушкан, бир ууч болуп түйүлгөн Атаке, Бердике, Эр Солтоной, Тынай, Кошой, Жайыл, Качыке, Жанболот, Маматкул, Жаныбек, Нышаа [5, 10] ж.б. баатырлардын эл жандуулугу, акылмандуулу кыргызга сепил болуп, кыргызды кыргыз бойдон нарк-насилин жоготпой сактап келишкен. 17-кылымдын жарымынан 18-кылымдын жарымына чейин ойрот-жунгар феодалдары кыргыздарды тынымсыз талап-тоноп, кыздарын күң, уулдарын кул кылып, жерин тартып алып турушкан. Акыры кыргызды бүтүндөй кырып салууну көздөшүп, Ысык-Көл кылаасын, чалкыган Сары-Өзөн Чүйдү, Талас жергесин толугу менен ээлеп, түндүк кыргыздары түштүктү көздөй сүрүлүп, запкы жеп, чымындай жандан түңүлүшсө, дагы бир бөлүгү Гиссарга карай сүрүлгөн. Аман Көчөрбай уулунун “Бердике баатыр” тарыхый очеркинде дал мына ушул тарыхый кырдаал, андагы кыргыздардын социалдык-нравалык оор абалы, Бердике, Атаке баатырлардын эрдиги, тарыхый окуяларды иликтөө менен көркөм баяндаган. Чыгармадагы интеллектуалдуулукту автордук ойдун кеңдиги, тереңдиги, анын сапаттык жаңы көрүнүшү катарында чечмеленет. Б.а. адамдын турмуш көрүнүштөрүнүн өз ара социалдык-нравалык байланышы, адамдык абийир алдындагы жоопкерчилик туурасындагы автордук башкы идея чыгарманын жалпы мүчөсүнө жан киргизип, кыймылда кармап турат [2, 69]. А. Көчөрбай уулу очеркте санжырачылардын айткандарына, тарыхчылардын тактоолоруна токтолуп, мындан сырткары Санчы сынчы, Үмөт Молдо, “Манас” эпосу, эл оозеки чыгармалардан жана илимий эмгектерден салыштырып, изилдеп, бир топ бай материал менен очерктин композициясын түзгөн. Бердике Сырдыбай уулу баскынчы ойроттордон кыргыздардын түндүк тарабын аскердик таланттын күчтүүлүгү, тапкычтыгы, намыскөйлүгү жана эр жүрөктүүлүгү аркылуу бошотуп, кыргыздарга кайтарып берген. Чыгармада Бердике баатыр “Манастап” ураан чакырып, “Манас атабыздын арбагы колдосун!” тилеги менен согушка киргендиги, калмактын желмаянчан Доргул дөөсүн жекеде жеңиши, ойроттор менен төрт айга созулган кандуу кыргынды факты-деталы менен дааналап

чагылдырып, баатырдык идеясын, мекенчилдик темасын козгой алган. Качкан калмакты Кытайга чейин сүрө кууп, туткунга түшкөнүн кул кылуунун ордуна Көлдүн Челпегинен жер бөлдүртүп, баштарына азаттык бергени ченемсиз айкөл баатырдын элесин берет. Узак жылдар бою элин талоондоп, жерин тартып алган калмактарга катуу кармашка чыгып, натыйжада кордолгон элине бейкутчулук тартуулап, бирок кас-душманы калмакка ырайым кылып, жер бериши кыргыз жигиттеринин жоомарт пейилин далилдеп, кыргыздын “атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер”, “алдыңа келсе атаңдын кунун кеч”, “жигит болсоң март бол” деген накыл кептерин тастыктап турат. Очеркист чыгарманын логикасын, көркөм-идеясын тилдик каражаттар аркылуу ачып берет.

И. Абдуразаковдун “Жусуп Абдырахманов” очеркинде көкүрөгү тунук, акылга март революция жоокери Жусуптун 1916-жылдагы Үркүн муңу, 1917-жылдагы карапайым калкка келген “теңдик” заманы (Октябрь революциясы), Совет бийлигинин өктөмү, кемтиги жана түшүнүксүз кегине (Ж. Абдрахманов “Кечээ түшүнүктүү деген нерсени бүгүн такыр түшүнүп болбой калды” деп жазган өз күндөлүгүндө-Ж.С.), куугунтугуна (репрессия) чиеленишкен тагдыры баяндалып, мында фактылар жана документалдуу булактар башкы орунга чыгып, ырааттуу келип, көркөм-эстетикалык идеясы, көркөм тилдик каражаттардын мол колдонулушу менен образдуу касиетке ээ тарыхый чыгарма болуп саналат. Кыска өмүрлүү, бирок баскан изи тарыхый бул инсан саналуу жашында көп тарыхый окуяларды өз башынан өткөрүп, азапка муңбай “өзүн өзү жаратып”, бирок, билимдүү кыргыз жигитинин элине жалындап күйүп кызмат өтөгөнү жогору жакка жакпай, тез эле эл душманы деп күнөөлөнүп, 37 жашында атууга өкүм кылынган. Жетектүү Жусуп Абдырахманов кесепеттүү Үркүнгө чейин орус-тузем мектебинен билим алып, орус тилин билген. Үркүндө бүт үй-бүлөсүнөн айрылып, жалгыз калганына карабай тагдырды моюндап, орус офицерлеринин атын багып, билимин өркүндөтүп, андан кызыл гвардиянын жана армиянын жоокери, комсомол уюштургуч, артта калган алыскы айылдарда партячейка уюштургуч, болгону 26 жаш курагында Кыргызстан АССР Эл комиссарлар кеңешинин төрагасы жана Союздун БАК Президиумунун мүчөсү [6] болгон. Бирок 1933-жылы кызматынан айдалып, 1937-жылы 4-апрелде камалып, 5-ноябрда тергөө учурунда тергөөчүнүн колунан каза тапкан. Ж. Абдырахманов кабылган балакет 1932-жылдагы Кыргызстанда дан даярдоо планынын аткарылбай калышы, анын жөндүү себеби бар: эгер дан өкмөткө жыйналып берилсе, эл ачарчылыктан Үркүн окуясындагыдай экинчи жолу кыргынга учурамак, Казакстан менен Сибирден ачарчылыктан азган-тозгон 130 миңден ашуун адам Кыргызстанга селдей каптап

келиши эл өкүлүн чоочуткан. Кыргызстанга таңууланган план-милдеттемени аткарууга эч мүмкүн эместигин эң жакшы түшүнгөн, бул боюнча кийин Жогору жакка жазган түшүнүк катында: “1932-жылдын жазында казактар Кыргызстанга күтүрөп көчө баштады. Ачарчылыктын айынан алардын арасында өлүм-житим көп болду. Бул көптөгөн жетекчилерди, анын ичинде мени бир топ чоочутуп салды. План аткаруу кыйынчылыгын Шахрай, Исакеев үчөөбүз талкуулай келип: мен: “План аткарбады деп кызматтан алса алсын, Республиканы Казакстандын абалына жеткирбейли” – дедим. Алар макул болду” [6, 21]. Автор Ж. Абдырахмановдун түшүнүк катын очерктеги окуянын чиелениши катары пайдаланат. Андан нары Ж. Абдырахмановдун күндөлүгүнүн маани-мазмунун ачууга далалаттанган, б.а., эл өкүлүнүн ички толгонуусу анын “Наны жок колхозчу менен ДнепроГЭС, жакыр казак менен Магнитагорск” сыяктуу акылга сыйбас сөз айкаштары менен өлкөдө карапайым калкты эзүү, “Келечек жыргалчылыгы үчүн биздин муундан, биздин замандаштардан эң көп курмандыкты талап кылабыз. Большевиктердин колунан келген нерсе дыйкандардын колунан келбейт... Мужуктар өзүбүздүн арка моюунду өзүбүздүн астыбызга калтыра турган ахыбалга жеткирбесе болду” – сыяктуу күндөлүктөгү жазуулары аркылуу берилет. Мындан сырткары, бул окуяга чейин Кыргыз Автономиялуу ССРнин түзүүгө кат жолдоп, аксакал билгичтерди уюштуруп, Казакстан АССРне кошулуп кетүү, улуттун үбөлөнүп жок болуп кетүү коркунучунан Ж. Абдырахманов сактап калган, б.а., 1926-жылы Кара кыргыз Автономиялуу областынан Кыргыз АССРи түзүүчүлөрдүн бири, ошентип биринчи жолу мыйзамдуу кыргыз мамлекеттүүлүгү түптөлүп, ал бүгүнкү эгемендүү жаркын келечекке чыйыр болду. Жусуптун зирек акылы, жетекчилик жөндөмү, саясий жетик түшүнүгү, өз көз карашы, мекенчил сезими Сталиндин сабатсыз, көз каранды жөкөрлөрүн чоочутуп, акыры алып тынган. Документалдуу чыгарманын композициясын, сюжеттик тутумун тарыхый даталар, фактылар, каттар жана каармандын күндөлүгү, белгилүү тарыхый инсандар түзөрү белгилүү. Аталган очерктин курулушунда коомдук ишмер Ж. Абдрахмановдун күндөлүгүнөн бир топ фактылар, фразалар келтирилген, достору Маяковский, Лиля Брик, Абдыкерим Сыдыков, Баялы Исакеев жана башкалар окуянын өнүгүшүнө ылайык катыштырылат. Инсандык касиетин туюндурган илим-билимдүү жетекчинин ишмердүүлүгү, мамлекет башкаруудагы экономикалык, саясий, маданий түшүнүгү камтылган күндөлүгүн автор орундуу пайдаланып, окурманга жеткире алган. Тарыхый очерк эмоционалдуулуктан четтеп, окуя рационалдуу баяндалып,

образдуулук каармандын күндөлүгүнөн келтирилген фразалардан улам ачылат. "Мен "туулган" адам эмес, жаралган жанмын. Өзүмдү өзүм жараткам", "Улуу дөөлөтчү" шовинисттер менен улуу дөөлөтчүл шовинисттердин көчүгүн жалаган көшөкөр, маңбаш, миң кубулма кыргыздар мени улутчул дегени күлкүдөн башка эч нерсе жаратпайт", "Мен киммин? Социалисттик түзүлүштүн көк, өжөр кара жумушчусумун...", "Мен бүгүн 29 жашка толдум. Жылдар өтүп жатат. бирок биз жылдар менен эмес, аткарган иштер менен жашайбыз", күндөлүктөгү жана башка бул сыяктуу цитаталарды автор баштан-аяк окуяны өнүктүрүү үчүн бөлүм башында колдонот, ал цитаталардын жаралуу тарыхын окуя аркылуу чечмелейт, композициялык курулуштагы ачык көрүнгөн бул деталь автордун көз карашындагы, чындыкка баа берүү позициясы катары көрүнөт.

Автор тарабынан иргелип алынгандан кийин да, аларды кынаштырып, өткөн доордун элесин көз алдыга даана элестеткен дүйнөнү куруу чоң жоопкерчиликтеги адабий даярдыкты, талантты, чеберчиликти талап кылат. Ата-бабалар эскерген түркүн түстөр, боёктор менен көрүнгөн өткөн кылымдардын түбү түшкөн кыйын мезгилдериндеги чиеленишкен коллизияларга жык толгон кыргыз элинин турмуштук күрөш жолун Т. Өмүрзакованын "Алымбек датка" тарыхый очеркинен көрүүгө болот. XIX кылымдагы көрүнүктүү аскер башчы, коомдук жана мамлекеттик ишмер Алымбек датка Асан бий уулунун (1799-1862) түпкү теги, саясий ишмердиги факты, даталар менен так маалыматтын негизинде баяндалган. Очерк сюжеттүү эмес, изилдөөлөргө, документалдуу тарыхый булактарга таянып санжыра камтылат, алсак, Шах Махмуд Чурастын "Хроника" (XVII к. баалуу эмгек), Ө. Караевдин "Восточные авторы о кыргызах", Россия армиясынын унтер-офицери Ф.Ефремовдун "жол жазмалары", С. Аттокуровдун "Кыргыз санжырасы", И.Я. Бичурин, А.Н. Бернштам, В.П. Наливкин, академик М. Жамгерчинов, Д. Сапаралиевдердин жана кытай жазма булактарындагы маалыматтар очерктин компоцизиясын түзгөн. Адабий тажрыйба жана улуттук аң-сезимдин жетилүүсүнөн жаралган мыйзам - ченемдүү көркөм-эстетикалык туунду катары бааланып, тарыхый жанрга таандык "историзм " принцибинин жазуучу тарабынан чебер өздөштүрүлүшү, адамга жасаган жаңы мамиле, эл массасынын коомдогу орду, тарых чындыгы менен ойдон жаратуунун синтези (К. Даутов) очерктин мазмундук-формалык катышында жана образ-мүнөз түзүүдө кылдат сакталган. Автор Алымбек даткага ашыкча көркөмдөп, ашыра мактап образ түзгөн эмес, датканын теги Тилеке баатырдан тартып атасы Асан бийге чейинки эл башчыларынан болушу, чыгаан уул Алымбектин саясий ишмердиги, Кокон хандыгы

учурундагы жеке көз карашы, элине жасаган кызматы, Кокон ордосунун даткага карата мамилеси аркылуу типтүү мүнөз жаратып, ошондой эле түштүк жана алай кыргыздарынын тарыхый-социалдык абалы, Курманжан датканын даанышман жолдоштугу, Мусулманкул аталыктын кыянат иштери, Шерали хан, Мала хан, Кудаяр хандын окуялары камтылып баяндалат [5]. Очерк эмоционалдуу-экспрессивдүүлүктөн четтеп, сюжеттик тутум жана көркөм-эстетикалык идея эмес¸ факты, цифра башкы орунга чыгып, цифралардын хронологиялык тартиби менен окуя жайгаштырылып, бирок, тарых менен мезгил үндөшүп, жалпысынан алганда "тарыхый материалдардын көптүгү анын көркөм интерпретациясынан оор болуп" (К. Артыкбаев) моностилистикалык баяндоо болуп калган. Анткени менен сүрөттөлгөн каармандардын документалдык негизи, алардын улуттун тарыхында калтырган изи, кызматы, тарых өзү даярдаган "сюжет" менен шартталган сюжет, мамлекет менен элдин тагдырын, коомдук жана жеке тагдырды аныктоочу конфликт, автордун илимий ой жүгүртүүсүндөгү историзм принциби сакталган тарыхый жанрдык типологияга [8] ээ чыгарма. Ошентип, бүгүнкү күндө кыргыз элинин улуттук тарыхы кеңири изилденип, архивдик материалдар ачылып, андан ар тараптуу, карама-каршы жана жаңы көз караштар айтылып, тарыхый улуу инсандар татыктуу өз баасын алып жатат.

Х кылымдын аягында (б.д.970-ж.) улуу кыргыз каганаты (державасы) кулагандан кийин акыркы жолу саясий жактан биригип, өз алдынча кыргыз хандыгын кайрадан калыптанган учуру XIX кылымдын 20-68-жылдарына туура келет. Кыргыз уруу урууга бөлүнүп, манаптык, болуштукка карап, Барсбек кагандан кийин бир туунун астында бириге элек болчу, экинчи жолу сырткы жоого ынтымакка келип, бир хандыкка бириксе гана туруштук беришээрин түшүнгөн бугу, сарыбагыш, солто, саяк, черик, саруу, кушчу урууларынын бийлери Эр Жантай, Жангарач бий, Боронбай бий, Балбай, Ажыбек датка, Алыбек, Мураталы бийлер, Алайдан Алымбек датка 1842-жылы Ысык-Көлдүн аягы Көтмалдыда курултайга жыйналышат. Бул курултайда арка кыргыздарынын өкүмдары катары таанылган, Кокон хандыгынын парваначы наамын алган Ормон Ниязбек уулу ак боз бээ чалынып, хан көтөрүлөт. Бул кара кыргыздардын хан ордосу бар, айчыктуу кызыл туу, мөөрү бекиген, коргоо аскердик иши, жогорку соту, сырткы иштер боюнча элчиси шайланган, ички тартип эрежеси, кылмыш-жаза өлчөмү аныкталган, атпай кыргыз бириккен хандык болуп эсептелип, Орусия империясы менен сылык, этият жана теңата мамилешкен, Кокон ордосу менен эсептешкен, казактын Кенесары ханы жеңилген, тарыхта өзгөчө орунду ээлеген доор болуп саналат.

Көркөм историзмдин эстетикалык мазмундуулугу, эргиткен, толкундаткан күчү көбүнчө тарыхый фактыларга жан киргизип, "тирилтип" сүйлөтүп бергендигинде [3, 168], же болбосо "... тарыхый чыгармаларда адамдын сырын тарых ачпайт, адам тарыхтын сырын ачат, тарыхты изилдөөгө арналган илимий эмгектерден адамдардын ишмердүүлүгү аркылуу окуяны тааныйбыз" деп окумуштуу Л.П. Александрова белгилегендей "Ормон хан" аттуу тарыхый очерктеги Ормон хандын типтүү образы кыргызды бир туугa бириктирүү ниет-тилеги, мамлекет түзүүдөгү жаалдуу, амалдуу күрөшү менен ачылат. Окуя социалдык кагылышуулардын мүнөзүнө жараша өнүгүп, факты-материалдар, каттар каармандардын ички дүйнөсүн ачуу үчүн пайдаланылган. Тарыхый изилдөөлөр, илимий булактар, эл аралык келишүүдөгү документалдык материалдар, каттар толугу менен камтылып, очерктин идеялык-нравалык, социалдык-философиялык маңызын ачып, сюжеттик-композциялык структурага ээ чыгарма. М. Горький адабиятты "адам таануу" деп кароону сунуштаган, адам концепциясы тарыхый-социалдык аспектте ачылган тарыхый очерктер коомдогу адамдын абалы, психологиясы, адептик-ыймандык адаты автордук позиция менен реалдуу фатылардын жардамында таасын билинет. Ормон Ниязбек уулу аскердик тактикасы күчтүү, адилет хан болгон. Анын мезгилинде уруулук, бейкүнөө чабышуу, баскынчылык, талап-тоноо, эриш бузуулар азайып, күнөө кылган адилеттүү айыпталып, көп сандагы жылкы төлөгөнгөндүгү (айып жылкы менен өлчөнгөн) очерктин мазмунунда камтылган. Ормон хандын бир гана тилеги болгон: жапайы таш кыргыз Орусия империясы, Кокон ордосу жана коңшу казактар менен теңата мамлекет куруу, эл-жерин көз карандылыктан (колониялаштыруудан) сактоо. Коркутуп-үркүткөн Кокон ордосуна салык төлөөдөн баш тарткан, орус бийлигине тынымсыз байланышып, кат жолдоп, бийлигин бекемдеп, кыргыз жерин кеңейтүүнү сураган [4]. Кыргыздар жери менен маданиятын сактаган калк экенин, өмүр бою көчмөн турмуш күткөнү "жер бабасын" кадырлап, сүйүп, жерге ээлик кылуу гана максатын көздөгөнү "Ормон хан" тарыхый очеркинен дагы бир жолу ынанабыз. Орус империясынын бир гана максаты Орто Азия, Фергана чөлкөмүндөгү эгинканалуу, жаратылышы кооз жерлерди бүтүндөй каратып алуу болгондуктан Ормон хандын чынчыл мамилесине тескери жооп беришет. Орустардын саясатын жетик аңдаган Ормон хан өмүрүнүн акырына чейин кыргыз мамлекетинин сакталышына аракет көргөн. Орус империясы Ормон ханды оңой менен жеңе албасын түшүнгөндөн кийин кыргыз-казак чабышы орус генералдары үчүн табылгыс шылтоо болуп, эки ортодогу мамилени ого бетер ырбатып, казактар менен жоолашып чабышуунун

аягын күзөтүп, күтүп турушкан. Кенесары хан жеңилип, башы орус генералдарына тартуу болгондон кийин соодагер тыңчы Файзулла Ногаев ич ара бузукулук салып, ыдыратып, душман өздөн чыгып, ханга көкүтүп, Балбай баатырдын жүрөк тушка сайган канжарынан каза тапкан. Ормон хан эл жана бийлер тарабынан шайланган хан экендигине карабай ичтен чыккан Жантай, Боронбай бийлер, Балбай менен чабышууну оюна да алган эмес, мамлекет башчысы катары алардын чаап алчу колун көргөндө да "хан башым менен качсам болбойт" деп колго түшүп берген, орустарга тымызын ыктаган Жантай, Боронбай бийлерге "өз өлтүрбөйт, жат жалчытпайт" деп какшаган Ормон хан өздөн өлүм таап, Кичи Аксууда жерге берилген. Тарыхка сиңирген эмгеги зор болгону менен образы терең иштелбесе каарман аркылуу доордун духу жакшы сезилбейт, ошондуктан автор очеркте образ-мүнөз түзүүдө кылдат мамиле кылып, мезгилге үндөш жарата алган. Очеркте казактын Кенесары ханынын образы, орус генералдарынын саясий иштери максаттуу баяндалып, эмоционалдуу маанай жаратып, ички толгонууларга дуушарлантып образдуулук жаратат. Окуянын өнүгүшүндө Кенесары ханга байланышкан сюжет түйүндүү окуялардан болуп саналат: Кенесары хандын жеңилиши, орус генералдары менен мамилени чыңдоого көрүлгөн аракеттер, орус империясынын сыйлыктары, келишимдер жана Ормон хандын өлүмү. Ормон хан менен орус генералдарынын ортосунда кат аркылуу байланыш болуп турган, очеркте каттардын жана өз ара келишимдердин тексти толугу менен камтылып, чыгармага тарыхый чындыктын түсүн берип турат. Бул жерде да кыргыз бийлеринин ич ара келишпестиги, араздашуусу, "пендечилик" караөзгөйлүгү чыгарманын кульминациялык чекитин коёт. Жергиликтүү элдин турмуш шартын автор тарыхый күбөнүн негизинде жаратып, тарыхый-социалдык абал жөнүндө таасын сүрөттөгөн. Очерк мазмуну жана композициясы боюнча баяндама очерктин түрүнө кирет. Баяндама очерктерде публицистикалык элементтер кеңири сакталат, анткени, очеркист жазып жаткан окуясын жөн гана сүрөттөө менен чектелбестен, ага өзүнүн талдоосун, баасын берип, чыгарманын көркөмдүүлүгүн жана эмоционалдуулугун арттырат. Автор турмуштук окуяларды, фактыларды белгилүү бир идеяга баш ийдирип пайдаланууга жана ошол окуялардын, фактылардын өз ара катнашын, байланышын терең изилдөө менен бул тарыхый очерктен көркөмдүүлүктү жана публицистикалуулуктун эрежеге ылайык туура пайдалангандыгын көрөбүз. Очеркист чыгарманын логикасын, көркөм-идеясын тилдик каражаттар аркылуу ачып берет.

Окумуштуу Ү. Култаева “Тарыхый роман: типологиялык жана жанрдык өзгөчөлүгү” аттуу изилдөөсүндө “тарыхый аң-сезим”, “тарыхый чындык менен көркөм чындыктын катышы”, “мезгилдер байланышы”, “тарыхый окуя менен өткөн окуя” түшүнүгүнүн карым-катышы жана этнософия түшүнүктөрүнүн негизинде чыгармаларды талдоого алып, тарых темасын, тарыхый чыгарманын илимий-теориялык жоболорун, типологиялык белгилерин таасын көрсөтүп, кыргыз адабиятында тарыхый-очерктик модификациядагы чыгармалар бар экенин сөз кылат (С. Станалиев “К. Тыныстанов: чагылгандын көз жашы”). Жыйынтыктап айтканда, тарыхый очерктерде көркөмдүк жана публицистикалык касиеттер толук кандуу сакталып, илимий маалыматтар камтылып инсандын биографиясына таандык чек бузулуп, масштабы кеңейип сүрөттөлгөн.

А. Токомбаевдин “Лена окуясы” тарыхый очерк деген рубрика менен жарыяланган. Очерк тарыхта “Кандуу жекшемби” деп аталып калган Ленадагы олкуянын 20 жылдыгына катара жазылган. Албетте, бул окуяга карата кандайдыр бир жаңы пикир айтуу өтө эле кыйын болуучу. Анткени бул тема биринчиден, тарыхтан орун алып, жалпыга белгилүү болсо, экинчиден, адабиятта да пайдаланылып, белгилүү бир даражада көрсөтүлүп калган эле (Горький М. Всем русским гражданцам и общественному мнению европейских государств. Собр.соч. Т-23, стр-333) (68-б).

Ал эми ошол темага дагы бир ирет кайрылуу сөзсүз айрым деталдарды кайталоого алып келмек. Ошого карабастан белгилүү окуяны көрсөтүүнүн оригиналдуу формасын автор таба алгандыгы очерктин түзүлүшүнөн ачык көрүнөт.

Очерк төрт бөлүмдөн турат. Автор түз эле окуянын өзүнөн баштабастан, а дегенде сюжеттик курулуштун экспозициясында Лена дарыясы жөнүндө түшүнүк берип, анын капиталисттик өлкөлөрдүн ач көз акционерлеринин ортосунда таламайга түшкөндүгүн көркөм формада элестетип көрсөтүүгө жетишкен. Мында адабий троптун ар кандай түрлөрүн пай далануу менен Ленанын алтын байлыгына чеңгелдерин малып, улам барган сайын сугу артыла берген ач көздөрдүн жалпы мүнөзүн жакшы көрсөткөн.

“Лена башында жапайы, мөлтүрөгөн тунук, көйрөң сулуулардын бири эле” деп автор очеркти баштаган эле жерден окурмандын көңүлүн алдыда сөз боло турган окуяга буруп, сырын түшүнүүгө, мурда ошондой болгон дайра эми кандай болуп калгандыгын жазуучу кандайча көрсөтүүнү көздөгөндүгүн билүүгө окурман шыктанып ашыгат. Көп узабай эле өздөрүн кызыктырган суроолордун жоопторун жолуктура баштайт.

Мурдагы тунук суу эми капиталдын кулдары тарабынан балиттелип, карапайым жумушчулардын жан тери, көз жаштары жана каны менен жуурулушуп акканы, мурдагы көйрөң суу эми капиталчылар тарабынан туткундалып, аларга жем болуп олтурганын автор: “Бир идиш менен он чакты итке тамак салсак эмне болоор эле? Жалгыз Лена суусу капиталчыл иттердин ортосундагы жалгыз идиштеги тамак сыяктуу болду. Далай иттер бири-бирине кандуу ооздорун ачышты. Ыркырашты, чыркырашты... Аягында бир коомду ачышты” деп абдан салыштыруу менен элестүү көрсөтө алган 69.

Очертин экспозициясы ушинтип капиталдын дүнүйөкор жана ачкөздүгүн маалыматтоо менен гана чектелбестен, алардын биргелештиги, шериктештиги ички ынтымак менен иштелбестен, ичи тардык, көрө албастык, митайымдык, жүзү каралык менен ширетилгендигин, демек, алардын шериктиги – биринбири аңдыган, бирине бири жамандык тилеп, бирин-бири тирүүлөй жутуп коюуга ыңгайлуу шарт издеген арамзаадалардын, көркоолордун шериктиги экендигин да билинээр-билинбес штирх аркылуу: “Алтын бөлүнүп жаткан кезде алтын шeериктик коомунун көздөрүнөн кан агып кете жаздашат. Ар кимиси өз ичтеринен кызганышат. Бир-бирин көргүлөрү келбейт. Ай... дейт дагы “ал өлгөн менен ээ болору бар эмеспи, кантүү керек? Кандай кысак алтынды арбынырaак алаар элек?” деген ойлор ар биринин мээлерин чалмалакей чала баштайт” деп элестетет (70-б).

Мындан биз тигил же бул персонаждын жекече кулк-мүнөзүн, көз карашын, натурасын эмес, капиталисттик коммдун кан-сөлүнөн ажырагыс милдети дүнүйө табуунун эч бир балит жолу капиталисттердин эч кимисин эч качан жийиркентпестигин көрөбүз. Кап-качантан белгилүү болгон тарыхый, демек эски окуянын негизинде жаңы чыгарма жаратууда автордун жаңы табылгасы так ушул үзүндүлөрдөн көрүнөт. Капиталисттик чөйрөдө адамдын ичинде ач көздүк дарты желелеп өсүп, анын өзүнүн нукура сапаты буулуп калаарын көрсөтүүдө автор өзүнө чейинки кимдин чыгармалары менен таасирленгендиги, кимдин үлгүсүн пайдалангандыгын так кесе айтуу кыйын. Ал эми жөн эле божомолго салып, бир тигиге, бир буга жакындата, окшоштура берүү эч кимге эч пайда келтирбес бекер гана убаракерчиликтен башка натыйжа бербестиги шексиз. Демек, А. Токомбаев капиталисттик коомдук түзүлүштүн ички улуу маңызын туура баамдагандыгын жана ушунун өзүавтордун саясий деңгээлинин өсүп, таптык аң сезиминин жетиле баштагандыгын далилдейт. Мындай пикирди биз очерктин биринчи бөлүгү боюнча гана айтып жатабыз. Ал эми чыгарманын кийинки бөлүктөрү тарыхый окуянын документалдуу нугу боюнча берилген.

Чыгарманын дагы бир артыкчылыгы – тарыхый окуя жөн гана эскерүү иретинде кайталанып берүү менен чектелбестен, турмуштун жаңы кырдаалы менен бирдикте каралып, тарбиялык мааниге ээ болгондугунда. "Лена окуясынын" башталышында А. Токомбаев художник катары көрүнсө, чыгарманын корутунду бөлүгүндө Токомбаев-публицистти көрөбүз. Жалаң гана бул очеркте эмес, өзүнүн көп сандаган чыгармаларында А. Токомбаев жаңы замандын жалындуу жарчысы, турмуштагы эскиликтен калган ар кандай саркындылардын эч кайсынысы менен эч ачан кепке-сөзгө келбес каршы душманы катары, ошондой эле күжүрмөн публицист катары көрүнөт.

Айрым учурда очерк түрүндөгү чыгармалардын негизин түзгөн фактынын, окуянын өзү адамдын муунун калчылдатып, чачын тик тургузгудай драматизмге жык толгон болсо, ага автордук сүрөттөмөнүн, жандандырманын зарылчылыгы болбой да калат. Анткени укмуштуу көрүнүштү ого бетер укмуштандырууга кээде автор алсыздык кылса, кээде ал ишенимге сыйбай калышы мүмкүн. Андай кырдаалда автор өзүнүн жөндөмдүүлүгүн, күч-аракетин ошол өз бет алдынча эле таасирдүү окуяны өз деңгээлинде, өз кебете кешпиринде берүүгө жумшайт. Андай чыгарманын салмагын анын негизин түзгөн турмуш чындыгынын канчал ык даражада так жана толук берилгендиги менен өлчөнөт

Жыйынтыктап айтканда, тарыхый очерк:

- тарыхый, реалдуу
- эмоционалдуу, образдуу, көркөм идеялуу
- фактылуу, документалдуу
- социалдык-нравалуу
- көркөм тилдик каражаттарга бай, натыйжада прозадагы өзүнчөлүк

каситине ээ чыгарма. Жалпысынан алганда, очерк күндөлүк турмуштун стерженин жогорку талаптуулукта бошондотпой кармап, ар убактагы жана күн тартибиндеги коомдук маселени кашкайта көрсөтүү принцибине бекем турат.

## КОРУТУНДУ

Бул эмгек XX кылымда професионал кыргыз жазма адабияты менен кошо жаралган, эпикалык тектин чакан түрү очерктин кыргыз адабиятында калыптанышы жана өнүгүшү боюнча, жанрдык, жеке түрдүк жактан теориялык изилдөөгө алган алгачкы диссертациялык изидөө болуу менен иштин соңунда төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик.

Натыйжада кыргыз очерктери XX кылымдын 20-30-жылдары калыптанып, жанрдык-түрдүк жактан толугу менен өнүгө алды. Алар:

- Портреттик очерк;
- Автобиографиялык очерк;
- Документалдуу очерк;
- Жол очерки;
- Тарыхый очерк;

Очерк жанрынын теориясын төмөндөгүдөй аныктадык:

- Көркөм-публицистикалык адабий чыгарма;
- Эпикалык тектин бир түрү;
- Спецификалык өзгөчөлүгү – адам таануу;
- Предмети – адам жана анын турмушу;
- Мазмун, сюжет жана композициялык курулуш сакталат;
- Автордук идея, автордук позиция жана автордук тыянак чыгарылат;
- Проблемалуулук, күндүн темасы ачылат, чечмеленет, натыйжада адабий изилдөө жүргүзүлөт;
- Тип, каарман – же реалдуу инсандын бейнеси ачылат;

Очерктин көркөмдүк табияты:

- Пейзаждык сүрөттөө, табият көрүнүшү;
- Автордук вымысел;
- Диалог;
- Портрет түзүү чеберчилиги;
- Типтештирүү, көркөм образ;
- Тил жана стиль маселеси;

Кыргыз очерктеринин калыптанышына салым кошкон жазуучулар улуу муундун өкүлдөрү: А. Токомбаев, К. Жантөшев, Ж. Турусбеков, Т. Сыдыкбеков, М. Элебаев, Ж. Бөкөнбаев, Т. Байжиев, Ш. Көкөнов, А. Убукеев; журналисттик милдет өтөө менен очеркке салым кошкондор: С. Сасыкбаев, М. Сасыкулов, О. Осмонкулов, У. Эркимбаев, С. Маймулов, Ж. Самаганов, О. Усубалиев, Ж. Саатов, А. Өсөров, О. Сулайманов, Э. Медербеков, М. Сейталиев, И. Гилязетдинов, И. Абдуразаков, С. Бакенов, К. Бектенов,

А. Досумбаев, Т. Жаманкулов, М. Жамгирчиев, Д. Жапаров, Т. Жыргалбеков, А. Ибраев, К. Ибраимов, Ж. Исаков, И. Искаков, К. Мамбеталиев, К. Осмоналиев, С. Өмүрбаев жана мыкты очерктери менен Ч. Айтматовду, К. Жусуповду, А. Матисковду кошууга болот.

Изилдөөнүн жүрүшүнөн улам кыргыз очерктерин жанрдык табияты толугу менен изилденди дегенди билдирбейт. Жанрдын жеке түрдүк өзгөчөлүктөрүн изилдөө келечектин иши болуп саналат. Акырында төмөндөгүдөй сунуштарды киргизүүнү ылайык көрдүк:

а) очерктердин томдугун түзүү, басылмаларды кайрадан чыгаруу;

б) өткөн жылдардагы очерктерде үгүт, насыят жана тарбия, эмгек маселеси мыкты камтылгандыктан мектеп программасына очерктик чыгармалардын мыкты үлгүлөрүн толугу менен киргизүү;

в) очерктердин жеке түрлөрүнүн жанрдык табиятын изилдөөнү тереңдетүү;

г) кыргыз очеркисттерин изилдөө жана элге жайылтуу;

д) очерктердин хронологиялык маалыматтамасын түзүү;

е) кыргыз адабиятында очерктик чыгармалардарды жазууну жандандыруу;

ж) кыргыз очерктерин архитектоникасын анализдөө, документалдуу баяндар менен айырмачылыгын кароо;

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. Алиева Ф. Э. Кыргыз тилинин стилистикасы боюнча көнүгүүлөр жыйнагы [Текст] / Бишкек 2005 108 б.
2. Журбина Е. Повесть с двумя сюжетами [Текст] / Советский писатель. М., 1974, 296 б.
3. Журбина, Е.И. Теория и практика художественно-публицистических жанров [Текст] / Е.И. Журбина. - М.: “Мысль”, 1969. – 400 с.
4. Журбина Е. Искусства очерка [Текст] / М., 1957, 221 стр
5. Белинский В.Г. Полное собраний сочинений [Текст] / Т 10. М. - 1956, 318-стр
6. Чернышевский Н.Г. Полное собрание сочинений в 15 тх.т 2. [Текст] / М. ОГИЗ, 1949, стр 91
7. Белинкий В.Г. Полное собариние соч. Т 4 [Текст] / М. АН СССР, 1954, стр 354.
8. Шамбеталиева Х.М. Генезис документализма в кыргызской прозе [Текст] / Автореферат. Бишкек 2004, 3-б.
9. Филиппов В.В. Проблемы документализма в художественной литературы [Текст] / Русская литература, №1, 1971. – 201 с.
10. Кардин В. По существу ли эти споры? [Текст] / М. Современниек” 1989. – 463 с.
11. Конторович В. Заметки писателя о современном очерке [Текст] / М. Совписатель 1973. - 544 с.
12. Ампилов В.А. Современный газетный очерк [Текст] / Издат. “Наукаи техн.”. Минск, 1972. - 240 с.
13. Тимофеев Л., Венгров Н. Краткий словарь литературведческих терминов [Текст] / М.: 1963. - 102 с.
14. Тимофеев Л.И. Основы теории литературы [Текст] / М.: 1959, 449 б.
15. Тимофеев Л.И., Тураев С.В. Словарь литератураведческих терминов [Текст] / М.: “Просвещение”, 1974. - 509 с.
16. Ожегов С.И. Словарь русского языка [Текст] / М.: 1970. – 476 с.
17. Поспелов Г. Теория литературы [Текст] / М.: 1940. – 142 с.
18. Поспелов Н.Г., Николаев П.А. Введение в литературоведение [Текст] / М., “ВШ”, 1988. - 528 с.
19. Полевой Б. Очерк в газете [Текст] / М.: 1953
20. Черепахов М. Работа над очерком [Текст] / Изд-во МГУ, 1966
21. Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст] / М. Борбугулов. – Б.: Шам, 1996. – 552 б.
22. Эркебаев, А. Очерк – майда жанр эмес [Текст] / А. Эркебаев. - Ала-Тоо, № 11, 1972. - 146-б.

23. Станбеков, О. Журланистиканын жанрлары. [Текст] / О. Станбеков.- 1-бөлүм, Жалал-Абад 2002. - 36 б.
24. Асакеева Д.Ж. Адабият теориясы. [Текст]/ Бишкек 2013, 304 б.
25. Фетисов М. Е.П. Ковалевскийдин орус менен кыргыздын достук байланышы жөнүндөгү очерки. [Текст]/ Ала-Тоо, 1959, №2, 120 б
26. Осмоналиев К. Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. [Текст]/ Ф. "Кыргызстан басмасы" 1980, 9-б.
27. Сасыкулов М. Кыргыз очеркинин алгачкы абалы. Ала-Тоо № 4, 1976
28. Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. Ф.-1957, 14-15-бб.
29. Табалдиев А. Октябрга эстелик. Фрунзе «Кыргызстан» 1985. 221-289-беттер.
30. Гуляев Н.А. Теория литературы. [Текст]/ Москва «Высшая школа» 1985. 276 б.
31. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. Бишкек «Адабият» 1991. 151-б.
32. Литература. Справочные материалы. (С.В. Тураевдин ред. астында) Москва «Просвещение» 1988. 117-б.
33. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 9-том. (ф.и.д., профессор А. Акматалиевдин ред.астында) «Полиграфбум ресурсы» Бишкек 2012. (446-б). - 720 б.
34. Бобулов К. Алжир жеринде. Чыгармалар жыйнагы 2-т Бишкек 2011
35. Бобулов К. Абхазстан-жан жыргалдын ълкъс\. Ала-Тоо № 6 июнь 1985 104-б
36. Шериев Ж. Адабият терминин түшүндүрмө сөздүгү. Б.-1994
37. Исаков К. Жүрөгүмдөгү сөз. Ош 2007 109-б.
38. Толкун Назаркул кызы. Макала: Жол очерктеринде тарых, улут проблемаларынын чагылышы. Бишкек 2009
39. Исмаилова Р. Сырдуу Италия. Бишкек «Турар» 2012
40. Исмаилова Р. Европанын берметтери Бишкек «Турар» 2011
41. Сыдыкова Р. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Бишкек 2013
42. Ибраимов О. История кыргызской литературы. Бишкек 2014
43. Соловьев П.Ф. Ашырбайдын сыры. /Китепте: Өчпөс өмүр/ Фрунзе 1970
44. Сасыкбаев С. Нурлан. Фрунзе, Кыргмамбас 1944
45. Эдилбаев К. "Табияты-жоокерлик". Ала-Тоо, 1978
46. Орозканов С. Бүгүнкү күн жана адабий каарман. /Китепте: Сын чыйыры/ Ф.-Кырг. 1974
47. Байжигитов К. Аңгеме жөнүндө айрым ойлор. /Китепте: Мезгил канатында/ Фрунзе, Кыргмамбас 1979, 147-б. жалпы 176б).
48. Муратов А., Шериев Ж., Исаков К. Кыргыз адабияты: маалыматтама. [Текст]/ Бишкек 2014, 384 б.

49. Кушубеков К. Жыйнак жана окуучулук ой. /Китепте: Сын чыйыры/. Ф. - Кыргб. 1974
50. Матисаков А. Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй. Ф. - 1988
51. Айдаркулов Э. Турмуш сыны /Очерктер жыйнагы: Бийиктик/. Ф., “Кыргызстан”, 1979
52. Акунов Б. Ажарлуу адамдар /очерктер жыйнагы/. Ф., 1989
53. Акымбеков С. Максатка умтулгандар. Ф., 1980
54. Акматалиев А Көркөм чыгарма жана тарыхый инсандар. Б. “Бийиктик плюс” - 2015, 174 б.
55. Байжигитов К. Жанрдагы кыймыл. Китепте: Кыргыз адабиятынын актуалдуу маселелери. Ф. - 1988
56. Медетбеков А. Художник жана көркөм чындык. Фрунзе “Адаб.” 1989, 200 б.
57. Темирова Б.Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынын көркөм наркы. Бишкек 1997, 103 б.
58. Орозова Г. Адабий портреттер жана проблемалар. Бишкек 2009, 204 б.
59. Абдуразаков И. Жусуп Абдрахманов (тарыхый очерк). Б. “Учкун” 2003, 80 б.
60. Кызаев А. Атаке баатыр (тарыхый очерк). Б. “Учкун” 2003, 54 б.
61. Көчөрбай уулу А. Бердике баатыр (тарыхый очерк). Б. “Учкун” 2003, 96 б.
62. Жусупов К. Барсбек каган (тарыхый очерк). Бишкек “Учкун” 2003, 32 б.
63. Токтоналиев Ж. Ормон хан (тарыхый очерк) [Текст]/. Бишкек “Учкун” 2003, 96 б.
64. Беделбаев А. Шабдан баатыр (тарыхый очерк) [Текст]/ Б.-Учкун 2003, 48 б.
65. Өмүрзакова Т. Алымбек датка (тарыхый очерк) [Текст]/. Б. Учкун 2003 96 б.
66. Өмүрбеков Т. Жантай жана Жангарач хан (тарыхый очерк) [Текст]/. Б. “АРХИ” инновациялык борбору -2003, 40 б.
67. Койчиев А. Мухаммед-Кыргыз (Тагай бий) /тарыхый очерк/ [Текст]/. Б., 2003 40 б.
68. Кызаев А. Жантай хан (тарыхый очерк) [Текст]/. Б. “Учкун” 2004, 48 б.
69. Станалиев С. Ай нурунан аккан жаш (тарыхый очерк) [Текст]/. Б. “Учкун” 2004, 72 б.
70. Абдалиева Г. Куйручук Тарыхый очерк [Текст]/. Бишкек – 2011-ж. 47 б.
71. Мавлянов, Ж. Эне: аңгемелер, повесттер, очерктер, публицистикала

[Текст]/ Ж. Мавлянов. Ф., Кыргызстан, 1983. – 574 б.
72. Эркебаев, А. Кыргыз прозасынын контрасттары. Сын макалалар [Текст]/ А.Эркебаев. Ф., Кыргызстан, 1983. – 140 б.
73. Янская И. Кардин В. Пределы достоверности. М., Советский писатель 1981, 119-стр.
74. Байжиев Т. Күрөш. “Чабуул” № 1, 1931-ж. 37-44-б.
75. Токобаев М. Колхоз жайытында. “Кызыл Кыргызстан”, 1-сентябрь, 1931
76. Турусбеков Ж. Эпкиндүүлөр Талаасында. “Кызыл Кыргызстан”, 17-сентябрь, 1931
77. Маликов К. Ала-Тоонун далдасында. “Кызыл Кыргызстан”, 3-октябрь, 1931
78. Маликов М. Айлуу түндө. “Чабуул” 1931, № 1, 16-19-бб.
79. Көкөнов Ш. Эмгек жортуулчула ры. “Кызыл Кыргызстан”, 27-сентябрь, 1931
80. Көкөнов Ш. Жол боюнда. “Кызыл Кыргызстан”, 30-октябрь, 1931
81. Көкөнов Ш. Түнкү коноктор. “Кызыл Кыргызстан”, 3-ноябрь, 1931
82. Элебаев М. Пахтачылар базарында. “Кызыл Кыргызстан”, 22-ноябрь, 1931
83. Касыбеков Ү. Очерк – көркөм изилдөө. /Китепте: Мезгил канатында. Түз.: К. Даутов/ [Текст]/ Ф., Кырг. 1979, 176 б.
84. Ашырбаев Т. Азыркы кыргыз тили. 4-китеп. Бишкек 2004, 66-бет
85. Байжигитов К. Аңгеме жөнүндө айрым ойлор [Текст] /Китепте: Мезгил канатында/ Фрунзе, Кыргмамбас 1979, 176 б.
86. Исмаилов О. Тарых чындыгынын көркөм чагылышы [Текст] /Китепте: Мезгил канатында. Түз.: К. Даутов/ Ф., Кырг. 1979, 176 б.
87. Алексеев В.А. Русский советский очерк [Текст] /В.А. Алексеев. – Л.: “Издательствр ЛГУ”, 1980, - 120 с.
88. Өмүрзакова Т. Курманжан датка: Тарыхый очерк. – Б.: Учкун, 2003
89. Бейшеналиев Ш. Тайлак баатыр: Тарыхый очерк.. – Б.: Учкун, 2003
90. Осмонов Ө. Манап бий деген ким болгон ? “ Манапчылык ” деген эмне?: Тарыхый очерк. – Б., 2003
91. Сыдыкбеков Т. Октябрь өмүр берген адабият /Китепте: Мезгил сабактары: Публицистикалар жана адабий макалалар/ [Текст] /Т.Сыдыкбеков – Ф., Кырг., 1982. - 424 б.
92. Рыбинцев И.В. Советский художественный очерк. Киев 1976, - Одесса
93. Мырзакулов А. Замандашыбыздын турпаты очеркте [Текст]/ А. Мырзакулов, Ала-Тоо №9, 1975. – 152-б.
94. Бөкөнбаев Ж. Дагы ошол бутум. “Кызыл Кыргызстан”, 20-сентябрь, 1942

95. Маликов К. Жайылманын талаасында. Ф.Кыргмамбас. 1943-ж.
96. Маликов К. Ленинград согуш күндөрүндө. Ф. Кыргызмамбас 1943 56-б.
97. Сасыкбаев С. Колунан көөрү төгүлгөн усталар. Ала-Тоо, №5, 1959-ж. 72-б.
98. Маликов К. Башкарманын бир күнү. Ала-Тоо, № 11, 1959-ж. 86-б.
99. Токтомушев А. Өмүр үчүн күрөшкөн азамат. Ала-Тоо, № 11, 1959-ж. 98-б.
100. Убукеев А. Саадат. Ала-Тоо, № 12, 1959-ж. 88-б.
101. Сасыкбаев С. Илгерилөө. Ала-Тоо, № 6, 1960-ж.
102. Шамшиев Т. Солдаттык дептерден. /Жыйнакта: Каардуу жылдар/ Кыргмамбас. Ф. 1960, 79-б.
103. Бөкөнбев Ж. Укранина мейкиндигинде. 1986 жогорудагы жый. 43-б.
104. Элебаев М. Алыскы тоодон. /Жыйнакта: Каардуу жылдар/ Кыргмамбас. Ф. 1960, 65-б.
105. Токтомушев А. Согуш айыптуу. /Жыйнакта: Каардуу жылдар/ Кыргмамбас. Ф. 1960, 91-б.
106. Токомбаев А. Бээжинден белек. Ф. Кыргызмамбас. 1960-ж.
107. Совет адамы ушундай /түз. Дебилов А.Н./. Ф., Кыргмамбас 1962, 145 б.
108. Абакиров А. Унутулгус күндөр. /Жол очерктери/. Ф., Кыргызмамбас, 1962, 68 б.
109. Сасыкбаев С. Эмгек оту. Ала-Тоо, № 7, 1963-ж. 96-б.
110. Медербеков Э. Элге кызмат кылар мезгилим. Ала-Тоо, № 12, 1963-ж. 63-б.
111. Медербеков Э. Жолдошумдун эрдиги. Ала-Тоо, 1966, № 12, 116-127-б.
112. Үмөталиев Б. Алтын жылдыздын ковалери. 1966, 13-май, №57, 3-б.
113. Өмүрбаев С. Ордендүүлөр. / Советтик Кыргызчстан, 1966, 7-сент., №205, 3-б.
114. Медербеков Э. Окумуштуу спортсмен. Ала-Тоо, № 12, 1967-ж. 120-б.
115. Медербеков Э. Досумдун тапшырмасы. /очерктер/ Ф.-Мектеп 1968, 120б.
116. Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою... Ф., Кыргызстан 1979
117. Акматалиев А. Айтматовго таасирленүү. Ф., Мектеп 1988
118. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. 3-том. Бишкек 2009
119. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б.,

2015
120. Султаналиев С. Замандаштар. /Очерктер жыйнагы/ Ф., Кырг. 1975
121. Калидев А. Алтын дан. /Очерктер жыйнагы/ Ф., Кырг. 1975
122. Үкүбаева Л. Азыркы кыргыз прозасынын өнүгүшүнүн мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү. Илимий макалалар жыйнагы: Кырг.адабият. актуалдуу проблемалары Ф-1988, 36-б.
123. Искендерова С.Н. Байтемировдун алгачкы прозалык чыгармаларындагы каармандын нравалык жактан калыптаныш маселелери. Китепте: Кырг.адаб.актуал.масел. 1988. 84-б
124. Ачикеев К. Тилекмат. Акылман башчы, даанышман, кеңешчи, баатыр элчи /Тарыхый очерк/. Бишкек 1998
125. Буркашев С. Алтын өрөөндүн асыл адамдары (тарыхый баян). Ош 2014 68 б.

**MONOGRAFIA**
w języku po kirgiskim

Zhusueva Suita Kalmamatowna

# POWSTANIE I ROZWÓJ ESEJÓW KIRGISKICH

Subscribe to print 21/03/2024. Format 60×90/16.
Edition of 300 copies.
Printed by "iScience" Sp. z o. o.
Warsaw, Poland
08-444, str. Grzybowska, 87
info@sciencecentrum.pl, https://sciencecentrum.pl

ISBN 978-83-66216-96-9
9 788366 216969